Элмирбек ИМАНАЛИЕВ



# АМАНАТ

Элмирбек ИМАНАЛИЕВ

# А М А Н А Т

ырлар, поэмалар, терме

*2-басылыш*

Бишкек-2020

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
И 50

**Редакциялык кеңеш:** Эрлан Жумагазиев
Азамат Болгонбаев
Мунара Алимжан кызы
Асылбек Маратов
Нурзат Абдрашитова
Мирлан Самыйкожо

И 58 Иманалиев Элмирбек.
Аманат: Ырлар, поэмалар, терме. 2-басылыш.
– Б.: 2020. – 220 б.

ISBN 978-9967-9269-1-2

Кыргыз Республикасынын эл артисти, замандын залкар акыны, ЭЛ УУЛУ Элмирбек Иманалиевдин «Аманат» жыйнагы көп кырдуу талант ээсинин чыгармачылыгынын бир үзүмү. Жыйнакка автордун ар кыл темадагы ырлары жана поэмалары топтолду. Акын оозеки айтуучулук өнөрүндө гана эмес, жазгыч акын катары да өз орду бар, поэтикалык табылгалары башкаларга окшобогон, өзгөчөлүгү менен окурмандарын кайдыгер калтырбайт.

Автордун айрым ырлары көзү тирүүсүндө аягына чыкпай калгандыктан, ою толук жыйынтыкталбаган учурлары кездешет. Китепке оңдоп-түзөөсүз берилди.

Акындын айтыштары, терме-санаттары, жоктоолору, обондуу ырлары жана прозалык чыгармалары кийинки жыйнактары аркылуу колуңуздарга жетет.

ISBN 978-9967-9269-1-2 УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

© Э. Иманалиев,
2020



## АКЫН КАДЫРЫ

Кайран акын! Кадырыңды ким билет?!
Кайра сени айтышабы: "Жинди" деп?..

Бакытыңды ырдан издеп келесиң,
Бакыт ырда эмесин кеч сезесиң.

Бир ыр үчүн бир өмүрүң сарптайсың,
Бир окурман табасың, же таппайсың!

***2007***
***Бишкек***

## ТЫНЧТЫК КААЛАЙМ

Ый угулбай көчөлөрдөн, эшиктен,
"Ыӊ-ңааласын" наристе үнү бешиктен!

Көркү болсун комбайндар талаанын,
Көрсөтпөсүн танкалардын караанын!

Короолордо коргошун ок болбосун,
Койдун гана коргоолдору ойносун!

Жан жыргаткан таңдар атып, кеч кирсин,
Жалгыз жаздык эки баштан эскирсин!

Безелентип чегирткесин, бакасын,
Бейпил түндөр, эркин күндөр жашасын!

***2007***
***Бишкек***

## ПЕНДЕЛЕР МАРШЫ

Мезгилдин агымында калдалактап,
Мен да, сен да, ал дагы карбаластап.
Агып бара жатабыз кайда, кайда?
Асыл, асыл күндөрдү чаңга таштап.

Көр тирлик эй, көргө көр жетеленип:
Көрө албастык, ач көздүк, текеберлик –
Көмкөрүлүп турса да үстүбүздө,
Көрбөй койдук, көрмөксөн кете бердик.

Жалганынан чындыгын айрый алгыс,
Оо, не деген өмүрсүң, кайрый алгыс?!
Ийинибиз тийишип турган менен,
Иңир соруп баратат жалгыз-жалгыз...

Пенде экенбиз, кантели өлүп-талып,
Периштесин пейилдин көмүп салдык.
Басып жүргөн боюнча өлүп калдык,
Байкабайбыз, ошого көнүп калдык.

Алганыбыз көп болду, беребизби?..
Келген жээкке кетирдик кемебизди.
Күүгүм кирип келатат … мен жалгызмын,
Күн чыкканда биз чогуу келебизби?

Ар адамды ар жерде арал кылып,
Арабызда коюулайт караңгылык.
Табыша албай калганча үн каталы,
Таап алалы адамды адам кылып!..

***2013***
***Бишкек***

## АДАМДАРГА

Адам созсо «адам» деген обонун,
Адам айтса «адам» деген жомогун,
Мен да ичинде бир каарманы боломун.
Бөксөргөндө – адамдардан бөксөрүп,
Толгонумда – адамдардан толомун.

Адамдардан тааныгамын, уккамын –
өзүмдү да, өзгөнү да – бүт баарын.
Мен жетпеген сонундардын билемин,
Мендей эле адамдардан чыкканын.
Адам досум болоруна ишенем,
Адам кокус болуп калса душманым.

Ансайын «мен адаммын» деп сүйүнүп,
Жашап келем адамдарга үңүлүп.
Максатыбыз чыга калса бир жерден,
Маңызына чыга калып тирүүлүк.
Эт жүрөгүм адамдардан от алат,
Эки бутум адамдарга жүгүрүп.

***04.12.2002***
***Бишкек***

## ҮМҮТ

Эритет күүгүмдөрдү,
Үмүттүн мала таңы.
Ээрчитет бүркүттөрдү,
Үмүттүн балапаны.
Ал тургай,
Ажалдын да бетин жапкан,
Үмүттүн алаканы.

Үзүлбөй келет жашоо,
Үмүттүү башталыштан.
Үңүлөм тирүүлүккө,
Үмүткө ашталышкан.
Баарында умтулуу бар.
Умтулуу – умтулуулар,
Үмүткө шаттанышкан!
Чакчыгай таштан учкан;
Таранчы бактан учкан;
Куркулдайт өлбөчүдөй,
Кузгундар тарптан учкан.

*1998*
*Бишкек*

## ЖИГИТТЕРГЕ

Кел ырдайлы өзүбүздүн үн менен,
Бүтүп калган кулактарга жаңырып.
Жарыгыбыз жанып келсин Күн менен,
Катып калган каректерге тамылып.

Чындык ичте жүргөнчөктү кыңылдап,
Сыртка чыгып күйсө мейли, чырылдап.
Тилегеним: жүрөк мышык болбосун,
көкүрөктө уктап жаткан бырылдап.

Заманыңар майдаланса тыйындай,
Кап көтөрүп калбагыла жөрмөлөп.
Кетмейиң бар өзүңө-өзүң жем болуп,
Жашабасаң курсагыңдан өйдөрөөк.

Оо, жигиттер, мен силердей жигитмин,
Бардыгыбыз балдарыбыз бийиктин...
Кулагында жүргөнчөктү чычкандын,
Туягында жашагыла кийиктин!

Улуу урпак кала турган жол мына –
Байыркылар ыйыктаган орду да.
Жылтыраган сан көздөргө кубанбай,
Жүрөктөрдүн толтосуна конгула!

Ошол болчу, ылайыктуу ордуңар,
Дооруңардан бөлөк болуп корсуңар.
Жүрөгүмдү ачып келем баарыңа,
Бабалар бар, силер али жоксуңар...

***2000***

***Бишкек***

* * *

Кээде безеп тил тынбай,
Адам ыйык деди үн...

Уйдун сүтүн музоосунан талашып.
Ичип жатып мартпыз дейбиз,
Ырайымдуу биз деп жүрбүз, адашып.

Биз – адамдар, көктөн-жерден сүйлөйбүз.
Жырткычтардын сыйрып кийдик терисин,
Жырткыч кимдер? Ойлош керек негизин.
Асман-жерден, суудан терип жеген ким?
Анан кайра намыстуубуз деген ким?

Бардыгын жеп, чапан кийип териден,
Айбан дейбиз бир адамдан бөлөгү,
Антсе деле бир ойлонуп көрөлү.

* * *

***(Бул ыр – бир жолку түндө оңдоо-түзөөсүз бир дем менен жазылган)***

Жакшы деген кандай жакшы?
Жакшы болуп турса дейсиң бүт баары.
Сага жакшы, башкагачы?
Сен көксөгөн жакшылыктан,
Кимдин канча утканы?
Ким бирөөнүн досу эмеспи,
Ким бирөөнүн душманы.

Кечире алсаң араздашкан кишиңди –
Бир жеңилдик чайкап өтөт ичиңди.
Сен канчалык абийириңде ак болсоң,
Эч кыйындык аксата албайт ишиңди.

Кең ааламды тарыткан,
Өмүрүңдү кошуп туруп,
Көңүлүңдү карыткан –
башка эмес, өзүң болуп жүрбөгүн?
Түркүгү жок түбү өлүк дүйнөнүн,
Менин дагы ушул болду билгеним:
Маңдайыма не жазылса көрөмүн,
Тагдырымды чечет эле ким менин?!

Өз ырыскым жетет буйрук кылынган,
Көптү эңсеп өйдө-төмөн урунбайм.
Бийлигиңе жыгылбайм,
Байлыгыңа жулунбайм.
Турмуш өзү бакыт мага,
Ак эмгектен курулган.
Ошон үчүн жырткыч болбой,
Адам болуп туулгам!

**2007**
***Бишкек***

* * *

Күз жамгыры шатырап,
Күүсү окшоп “ботойго”.
Төп жоргодой катуулап,
Төгүп кирди токойго.

Жамгыр анда дыбырап,
деген өңдүү угулат:
“Мезгил өктөм баарынан,
Мен да бүгүн карыгам”.

Картайган да, тартайган,
карт дарактар шолоктойт.
Жанындагы шаңкайган,
жаш дарактар тоготпойт.

Карт дарактар шыбырап,
деген өңдүү угулат:
“Келди кезек жыгылар,
Кемегеге тыгылар”.

Кол чатырда корголоп,
Турдум көпкө тим гана.
Жылаңайлак ойдолоп,
Жыргап жүрдү бир бала.

Эт жүрөгүм тыбырап,
деген өңдүү угулат:
“Эсил кайран балалык,
Эми кайдан табалык!”

* * *

Эркиндигим – канатым,
Эргип турмай адатым.
Сагынгандай делөөрүп,
Сагынбайдын "Манасын".

Кызыл, кызыл кыялдан,
Кызып алган чыгармам –
Кытыгылайт сезимди,
Кыз жүзүндөй уялган.

Алакандай Мекендин,
Балапаны экенмин.
Бактым ушул – күн көрбөйм
бакчасында чет элдин.

## ЧЫГААНДАРГА

Жетишет
"чыгаандары" Ата журттун!
Жеринде кан төгүлдү!
Аза жуттуң!
Өлкөбүздүн жүзүнөн өчүрөлү –
Өксүктү, кара тагын капалыктын!

Кектешпей,
Кет, кет! – дешпей,
Кел! – дешкиле!
Бешигин бейпилдиктин терметкиле!
Туу кылып энекемдин ак жоолугун,

Турайын ортоңордо…
Элдешкиле!
Боздотуп бабалардын ак комузун,
Болоюн ортоңордо…
Элдешкиле!

* * *

Шуулдаган, чуулдаган бу күндө –
Адам өзү заманасын түрүндө.
Жан дүйнөбүз жакырланып жатса да,
"Жакшы адамдар жок экен", – деп түңүлбө!
– А, алар кайда?
– Алар сенин үйүңдө!

Атырылган, сапырылган бу күндө –
Асыл заттар көк деңиздин түбүндө.
Башты жерге салып жүрсө адамдар,
"Бактылуулар жок экен", – деп түңүлбө.
– А, алар кайда?
– Алар сенин үйүңдө.

Тулпар туйлап, күлүк чуркайт күнүндө,
Туу сайылса туруш керек түбүндө.
Кыргыз бир аз кыйынчылык тартса эле,
"Кыйын эрлер жок экен", – деп түңүлбө.
– А, алар кайда?
– Алар сенин,
алар менин үйүмдө.

***18.12.2009***

* * *

Кызгалдактар кызарганча күлүштү.
Жашыл талаа, жаш талаа,
жаз жытына мас талаа,
Биз бараттык бак-бак сүйлөп үмүттүү.
Тирүүлүктү мактап ырдап чымчыктар,
Оо, Жарыктык, сүйүктүү!
Кудайыма жалындым,
Кудуретине багындым,
Ата-энеме ыраазымын!
Кыйкырып бир ырдап алсам жарашмак;
Эмшеңдеп бир ыйлап алсам жарашмак;
Өзүмдү араң кармадым.
Оо, Жарыктык, арманым!
Кайгы, шаттык, үмүт, тилек, мүдөө бар –
Оо, Тирүүлүк, майрамым!
Жердин жытын жыттачы,
Жашылдыгын карачы,
Жер – ааламдын эң бир кенже баласы.
Эй, согушчул тар киши,
Ушул жерди аячы!

## ТУУЛГАН ЖЕР

Чырайыңа чыланып,
Чөккүм келет, туулган жер!
Чымчыгың чымчып «муйдунан»,
Өпкүм келет, туулган жер!

***21.03.2012***

## БАЛАЛЫККА ЖОЛУГУУ

Тууган элди,
Туулган жерди,
Сагынып абдан.
Самандай шаардан,
саргайып баргам:
Көргөнүн туурап;
Көпөлөк уулап;
Көкүлүн суулап;
Көңүлү куунак –
Балалыгым жүрөт,
Бажырайып күлөт.
Бакырды жүрөк!..

***2006***
***Ак-Жар***

## БАЛА БОЛУП КАЙТАЙЫН

Турам келип айлыма кайра мына,
Туулган жердин куштары, сайрагыла!
Көр тирликтин көөсүн жууп кете турган,
Көрком сонун дүйнөнү арнагыла!

Анжияндын, Арканын, Сарозондун –
ар биринен достор бар ар ороондун.
Ысык-Көлдүн, Таластын, Теңир-Тоонун –
Ысык сүйүү, саламын ала келдим,
Ысыгында муздатпай ала көргүн!

Аманатын алардын келип анан,
Айтып алсам силерге эргүү алам.

Батаңды бер, апаке, ошолорго,
Бардык кыргыз баласы – сенин балаң.

Жабыркаткан ойлордон арылайын,
Жан дүйнөмдү кайра бир жаңылайын.
Жакындарым, дос-тууган, кагылайын,
Жарпым жазар сөздөрдөн сүйлөгүлө,
Жараатымдан качанкы айыгайын!

Туулган жерим, мен сага анда-санда
келсем дагы. Туурумсуң ар качан да.
Турмуш күтүп мен мында калбасам да,
Баягы бир, баягы бактымды бер,
Бала болуп кайтайын кайра шаарга.

***2006***
***Ак-Жар***

## АНАНАЙЫН БАЛАЧАК

Кызыл, жашыл, сары, көк,
күрөң, күлгүн – дагы көп:
түстөрдү көрсө түрлөнүп;
Айды карап арбалып;
Күндү карап күүлөнүп;
Күндө миң маал ээликкен.
Козулар менен кубушуп;
Короздор менен тебишкен;
Күзгү менен сүйлөшүп;
Күчүк менен өбүшкөн;
Ананайын, балачак –
алыс учкан сабалап,
апапакай көгүчкөн.

* * *

1

Ал дагы ойго чөмүлөт;
Бул дагы ойго чөмүлөт;
Көңүл ай… таңкы шүүдүрүм –
көп өтпөй төмөн төгүлөт.
Буйтаган Күндүн нурунан,
Булуттар көктө сөгүлөт.
Сулуунун колу чакада
Суусу да мелт-мелт мелтилдеп,
Жигитке мүрөк көрүнөт.

2

Кайдагы санаа, кайдагы ой,
Чыйралып жиптей түрүлөт.
"Уул-кызым кандай жүрөт?" -- деп,
Уктабай эне күйүнөт.
Имерип койсо акырын,
Ийрилген жиби дир-дир-дир,
Ийиги колдо жүгүрөт.

3

Күн батып, кайра таң атып,
Күкүктөр какшайт жаны ачып.
Аңкайып турат мүрзөлөр,
А тигил кырда жанашып.
Атамды абдан сагындым,
Ал кырды кеткен ары ашып.
Атаке ай, көпкө оорудуң,
Апам да жүрдү, биз жүрдүк,
Ажалдан сени талашып.

Түшүмдөн кетпей элесиң,
Түңүлтпөй жүрдү бир үмүт.
Табалбай жүрөк тилинип,
Чарчадым акыр түңүлүп.
Акыры эмей эмине,
Мезгилдер өттү, мезгилдер,
Мен күтпөйм, эми мени күт!

**1995**
**Бишкек**

* * *

Жүрөгүмө тыз дей түшүп кечээгим,
Эске түшөт: "Айлың кайсы?" – десе ким.
– Азганакай, кара талдар дүпүйгөн,
Айыл тоонун кармап алган этегин.

Эстегенде ойлойм анан атамды,
Бул жалгандан жазыла элек капамды.
Кайран киши кеткен болчу көрсөтүп,
Кеткен бойдон келбей турган сапарды.

Өмүр арты чекит болуп чектелип,
Мен билбеген кишилер да көп келип.
Көздөр менен кош айтышкан суз болгон,
Сөздөр менен тургузушкан эстелик.

Он экиде улан элем ошондо,
Бейпил дүйнөм айланды эле тозоңго.
Аваз болуп кошулгансыйт ошол күн,
Азыр деле бир кайгылуу обонго.

"Эсил кайран бир боорум!" – деп өкүрүп,
Баары ажалды турган кезде жекирип...
Аталуумун деген ойду көңүлдөн,
Аламбы деп корккон элем өчүрүп.

Жок антпеди, эмикидей кечээгим,
"Атаң кандай киши эле?" – десе ким.
Эске шак дейт, чагылгандай шар мүнөз –
Атам тоонун кармай кеткен этегин.

***26.11.2002***
***Бишкек***

* * *

Куу шыбак жатат, кум жатат,
Кубарган бейит, чым жатат.
Кумсарган дөбө астында,
Куюлган нөшөр ыр жатат!

Этектен күкүк үн катат,
Ээн дөбө, шагыл, кум жатат.
Эрбейген шыбак алдында,
Эшмамбет деген пир жатат!

Арбытып муңду, азаны,
Ар күнү алып мазаны.
Ак жааны төгүп бышактап,
Алптарды жатат кучактап,
Айтылуу Ак-Жар мазары.

**2010**
**Чоңко**

* * *

Айылдан ат минген мас көрдүм,
Селт эттим көргөндөй душманым.
Жабышып ээр кашка өбөктөп,
Жалына жабылта кусканын.
Көргөндө жан сыздап баратты!
Барктабай калдыкпы чын эле –
Бабалар сүйгөн ат канатты?
Ким үчүн кайтты эле казаттан –
Тулпарлар – туягы жараттуу?
Канча өмүр аргымак жалында –
Ким үчүн кетти эле кыйылып?
Андыктан жүрбөйбү атынын –
Жалына мазардай сыйынып?!

***19.09.1998***
***Бишкек***

## КАРГАША

Жал кармап жайдак күлүк чаап,
Жашында абдан курч эле.
Жайдары өткүр көздөрү,
Жалындай болуп турчу эле.

Качырчу кайчы жолдорду,
Карабай жолдун түзүнө.
Таттуу эле ага жеген нан,
Тандырдын кирип ичине.
Көралбастардын ансайын,
Көп кирип жүрдү түшүнө.

Оюу пас жандар акыры,
Оңбогон амал табышты.
Акырын "көмүп" олтуруп,
Акырын "кетип" калышты.

Өзгөрдү анан аябай,
Өйдөнү көпкө карабай.
Өзүн ал өзү жей берди,
Өйкөлүп бүтпөс жарадай.

Үшкүрүк жутуп, үшкүрүп,
Үмүтү сууду чындыктан.
Чок баскан тамандай болуп,
Чоочуркап калды турмуштан.

Алыстап кетти аз-аздап,
Адамдар жакын эркелээр.
Ороно калчу колдорун,
Оор көрүп ошол желкелер.

Олтурат азыр үңкүйүп,
"Окшошкон" пивоканада.
(Оо, турмуш деген турмуш да...)
Оозунда бычок тамеки,
Колунда бөксө кружка.

Ай, шордуу мынча баёолук,
Кылбаса болмок, кылбаса…
Мейли деп ага коёлук,
Сынбаса болмок, сынбаса…
Каргаша!

*30.07.2003*
*Бишкек*

## ТҮШҮНҮҮ

Өзү жыйган каадасын өзү чачып,
Көктү карап муңайып – көзү катып.
Бир асмандан башкасы тарып кетип,
Бир көргөзүп жыргалын – алып кетип.
Бактысына өткөзчү көпүрөдөн,
Байкабастан бир буту тайып кетип.

Улуй түшкөн ичине куса толду,
Ушак аткан оолдорго бута болду.
Жалгыз башка жазыгы зыян болду,
Жарымысы жанчылган жылан болду.
Турмушун да тунук деп тун сүйүүдөй,
Тумшугу шор ушуга убал болду...

***Июнь, 2003***
***Бишкек***

## КАРТ БОЙДОКТУН СЫРЫ

1

Кара көзүн перинин,
Карап алып эридим.
Эп келише калды бат,
Эринине эриним.

Кебим чыкпай буулуп,
Кетеримде жуурулуп.
– Сабыр сакта, – деди ал
саал кучактан суурулуп.

– Акыл-эстүү жигитсиз,
Адам болбойт үмүтсүз.
Бирок кыздын кадырын,
Жеңил баалап жүрүпсүз.

– Жаңыласыз, периштем!
Жатыркайсыз неликтен?
Күтө берүү пайдасыз,
Күйөө болом келишкен.

– Жатыркоомдун себеби:
Сүйүүнүн жок ченеми.
Күтө албаган жигит да
Күйөө болуп береби?..

– Баары болот астыда –
бала, сүйүү, бакты да.
Көп сүйлөбөй мындайда,
Көп өбүшүү жакшы да.

– Жок, ишенбейм буга да,
Болбоңуз кур убара.
Осол болот дечү эле,
Оңой айткан убада, –

деген кезде жаш сулуу
– Кара, – дедим, – Ах, муну...
Менден башка ким менен,
болор экен бактылуу?!

– Кош! – дедим да, жөнөдүм.
Дедим: – Сени көрөмүн!
Иттей ээрчип жүрө албайм,
Издеш керек бөлөгүн...

2

Бирде – соо да, бирде – мас,
Өтүп жатты жалын жаш.
Кыздар менен тааныштым:
мөлмөл, жоодур, кара каш.

Бири – тоонун гүлүндөй,
Бири – булбул үнүндөй.
Бири – жомок периси,
Бири – бейиш үрүндөй.

Бирок кемчил бир жерим –
Бирөөн тандап жүрбөдүм.
Бири – мени сүйбөдү,
Бирин – өзүм сүйбөдүм.

Учурунда сезбедим,
(улам кийин эстедим).
Көпөлөктөй калдактап,
Көп жыл өтүп кеткенин.

Аздап үмүт күбүлүп,
Жүргөнүмдө түңүлүп.
Туш болуп бир сулууга,
Турдум көпкө сүйүнүп.

Ага жетпес Күн дагы,
Ага жетпес Ай дагы.
Керемет бир жан экен,
Кеп баштадым жайдары:

– Нак сүйүүмдү жаңылбас,
Таптым окшойт, карындаш.
Ишен, жаным, сен өңдүү,
Эми мага табылбас!

Анда сулуу кеп айтты,
Анык сөздү эми айтты:
– Атам менин сизден жаш,
абайлаңыз! – деп айтты.

Болдум башка чапкандай,
Болдум көрдө жаткандай.
Керек беле ушул сөз,
Келесоомун ах, кандай?

3

Башындагы перинин,
Баркын билдим кебинин.
"Ит эмесмин" дечү элем,
Иттей жаман кейидим.

***16.01.2007***
***Бишкек***

## КАРЫЯНЫН АРМАНЫ

“Ал бир ырын жаз ойлонуп, күз жазган,
Күз жазганда жүз өчүрүп, жүз жазган.
Акырында ысымын да унутуп,
Акылында жалгыз гана ыр калган.
Ошол ырын окуп берип ал мага,
О дүйнөгө кете берди, шум жалган!”

– деп кейиди жүз жашаган карыя,
Угуп алып жан кашайып ачындык.
“Эки сабы эсиңизде барбы, ыя?
Эрте айта салыңыз”, – деп асылдык.

Анда абышка заманасы куурулуп,
Аккан жашы сакалынан куюлуп,
Араң-араң сөз баштады кыйылып:
“Эсимде жок, ал учурда жаш чагым,
Сөз кадырын түшүнө элек мас чагым.
Иттей кызмат өтөчү элем бирөөгө,
Итче жеген тамагымды актадым –
Ал буюрду: “Жайлагын”, – деп акынды...
Алып барып башын кесип таштадым...
Ажал дагы акыйкаттык кылууда,
Акынды алып, чанды мендей акмагын!”

*18.12.2005*
*Бишкек*

## АМАНТАЙ АГАМА

Олтурду Ал... ой тереңин кубалап,
Түбүн таппайт, түпкүрлөргө чубалат.
Жакшы нерсе жаратсам дейт тилеги,
Жаак таянат, Жараткандан суранат.

Каалга, анын каршысында терезе,
Оң жагы – жол, сол капталы – кровать.

Таланттар көп тар бөлмөдө катылган,
Талант – вулкан: тарчылыктан атылган!

***1996***
***Бишкек***

**МУКАГАЛИГЕ**

Күлкү да эки көздө бирдей жанат,
Жаш дагы эки көздөн бирдей агат.
Көрбөдүм мен жалгызды акындардай,
Көп ичинде жалгыздык кандай азап?..
Ушуну түшүнөбү кыргыз, казак?

Мукагали, боорум, Мукагали!
Туу көтөргөн дооруңду көрбөй кеттиң,
Турмуш мерез кимдерди тушабады!
Тилим үчүн мен дагы далай жерде,
Титиредим жебедей бутадагы.

Мукагали, боорум, Мукагали!
Буйтап өтүп кеталбайт экенбиз го,
Буйрук болсо тагдырга туталануу.
Том, том болуп текчемде турасың сен,
Мага өтүп сендеги кусалануу.
Муңум толуп кеткенде сылап коём,
Мукагали деп турган мукабаңды.

Мукагали, боорум, Мукагали!
Кош канатсыз куш көккө учалабы?
Ушул ойлор түйшөлткөн сени далай,
Ушуну кыргыз, казак туталабы?

## АЛКЫШ САГА

Алдым-жуттум, арам ойдун,
Алкымына жара болдуң.

Кошоматчыл төбөлдөрдүн,
Колтугуна жөлөнбөдүң.

Жылма, кооз, кубулманын,
Жылтырына бурулбадың.

Эс-акылга жакырлардын,
Эч кимине ачылбадың.

Түшүнбөгөн "немелердин",
Түркөйлүгүн кенебедиң.

"Өзүм" дебей, "Элим" дедиң,
Өзгөлөрдөй семирбедиң.

Достук, милдет, убадага,
Түркүк болуп тура кала.

Төрө пейил жүрөктөрдүн,
Төрлөрүндө түнөп келдиң.

Башкалардан артыкча ага...
АЛКЫШ САГА! АЛКЫШ САГА!

***1999***
***Бишкек***

## АЙДАРБЕККЕ

Менде – чыгармачылык;
Сенде – чарбачылык;
Экөөбүз тең жүрөбүз далбас уруп.

***2007***
***Чоңко***

## ЗАЙЫРБЕК АЖЫМАТОВ МЕНЕН ЫР МАЕК

**Зайырбек:**

Ал кезекте жүрөк чиркин, шок эле,
Алоолонуп кайнап турган чок эле.
Анда деле буулукчубуз, ал ырас,
Бирок, бирок көңүл мындан ток эле…

Жалын кезди ыр, обондор жомоктоп,
Жашоо нугу өз ыргагын жоготпойт.
Ошол жамгыр басылган жок мендеги,
Көөдөнүмдө ыйлайт жүрөк шолоктоп.

Туйлайт жаным учамын деп туурунан,
Түшүнүксүз ой жорумга куурулам.
Сен жан салган ырларга окшоп, Эмике,
Кусаланам, сагынамын, буулугам.

**Элмирбек:**

Акын ырдайт, акын ыйлайт күнүгө,
Буулук, Зайыр, буулугууда дүнүйө!
Ырдын пири Рысбайдын сөзү бар:
«Ыйлай алган адамдардан түңүлбө!».

Жашоо даамын – жараттуулар билишет,
Жаны соолор – сүйөт, туйлайт, күйүшөт.
Манчыркаган мерез жандар мээримсиз –
махабатка өгөй бойдон жүрүшөт.

Жаш өмүрдү жа-ай жашоого коротпо,
Жалын да бол, жамгыр да бол, шолокто!

Жашың менен сугарсаң да ар сабын,
Жаз чакырган жакшы ырларды жоготпо!

Билесиң да, жалгыз болот көк жалдар!
Билбейт аны жамыраган «көп жандар».
Коштогула жакшыларды – жакшылар,
Кол чапкыла, жүрөгүндө өрт барлар!

**Зайырбек:**
Сен ырдасаң тоолор коштоп күңгүрөп,
Суулар тунуп, Ай жылмайып, Күн күлөт.
Эрги, Элмир, көңүл бугун таратып,
Элиң сени коштоп турат дүңгүрөп.

Ыр берсе деп, жайнаган жаз, күткөн күз,
Кожожаштай кайберен ыр издейбиз.
Эл бактылуу болсо жетет ыр уккан,
Сен экөөбүз ырдан бакыт күтпөйбүз.

Сен – обончу, ырчы, актер, акын да,
манасчы да… Ар өнөрү асыл баа.
Мен – бактылуу, досу болгон жакшынын,
Эл бактылуу – Элмирбеги кашында!

**Элмирбек:**
Ак боз атчан үзөңгүлөр кагышып,
Омуроодон чыккан бууга кар ысып.
Кайдан атып, кайда батып биздин Күн,
Кайда кетип баратабыз жарышып?

Кайда – биздин кат жазышкан ак барак?
Кайда – биздин чалгыны курч жаш канат?
Сезимдерди кошо жутуп кеткенби,
Сен экөөбүз жетон салчу автомат?

Сен өзгөрдүң, мен да бир аз башкамын,
Кызыл чоктон көтөрүлдү ак жалын.
Автобустан орун берсе жаш кыздар,
Атаңгөрү, жаман боло баштадым.

**Зайырбек:**
Коркутпаган аска жолдон тоссо да,
Балдар элек: түшкөн сууга, отко да.
Жетон дагы түшкө кирет, оо бүгүн,
Автоматтар алмашса да соткага.

Аттиң! – дечи, сыздайм мен да ичимден!
Асыл курак узап барат тизилген.
Кайыктайбыз көк деңизде калаксыз,
Шамал тагдыр кайда айдаарын түшүнбөйм!

Катаал тура жашоо сыры – билгенге,
Кайтпай калдык кайран ошол күндөргө...

Бул өмүрдөн таппай башка олжону,
Бизге тагдыр өнөр жолун жолдоду.
Бар бол, Элмир, бар бололу баарыбыз,
Жаштыгыбыз ырда калса болгону!

## ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ МЕНЕН ЫР МАЕК

**Элмирбек:**
Жалгандан жаадай качат чын акындар,
Жапыс жакты карабайт пир акындар.
"Жагжаңдаган жакасыз" мурундарды,
Жапкан нандай былчыйткан бир акын бар!

Ал акынды ким билбейт, гений өзү!
Калкка тааныш – бүтүк көз, бырыш өңү.
Келиңизчи, байболгур, эл алдында,
Кеп тизгинин бош коюп көрүшөлү.
Кара нөшөр төккөндөй болбосок да,
Каптын оозун сөккөндөй төгүшөлү!

**Шайлообек:**
Жакшы шамал жатсынбайт куюндарын,
Жайлап жылат жолунда урунганын.
Жактыргандан далай жыл кыргызымдын –
жармы төгүн, жармы чын мурундарын.
Жалпаңдабай чоңдорго башкалардай,
Жазып келдим Кудайым буюрганын.

Эл эриксе эзелтен эрмеги акын,
Экөөбүз тең жөн эмес, элдеги акын.
Айырмабыз: сен – Элмир аргымакчан,
Мен – жапалак арчадай жердеги акын.
Салам айттың салт менен ат үстүнөн,
Кана эмесе, ырдайбыз эмнени, акын?

**Элмирбек:**

Аттуу, жөөлүү, а бирөө – арабачан,
Кербен тарткан турмушту карап атам.
Кайда барат ушул көч, кайда барат?
Карап алып бир эсе аяп атам.
Кыргыз баскан тар жолдун кыясында,
Кыйшайып мен да кетип бара жатам.

Өмүр кербен басуучу жол узунбу?
Атам сүйчү төкмө акын болушумду.
Кай бирөөлөр жактырбай жүрүшпөсүн,
Казак боорум сыяктуу «чоюшумду».
Араба да чарчатат таштак жолдо,
Алайынбы а көрө комузумду?

**Шайлообек:**

Көмүр турса, көң калап аткан өңдүү,
Көккө учам деп, учалбай жаткан өңдүү.
Мени сыйлап таш жолдо жөө бараткан,
Атын минбей жетелеп баскан өңдүү.

Төгөрөктү айланбас ой болчубу?!
Төкмө акынга төтө жол – жол болчубу?!
Төрт бурч ырга камалып төрдү бербей,
Төкмө акыны кыргыздын кор болчубу?!
Аттан, Элмир, эл уксун добушуңду,
Алгын, иним, колуңа комузуңду!

**Элмирбек:**

Ачкыч болом кулпуңа,
Асыл сөз чаччы журтуңа!

Асканын болбойт жапысы,
Асмандын болбойт шатысы.
Акындын айткан ырында,
Акмактын болбойт акысы.

Кандидат какшайт шайлоо деп,
Калкым деп какшайт Шайлообек.
Эчендер ыйлайт шайлоо деп,
Элим деп ырдайт Шайлообек.

Сиз – мелжиген кең талаа,
Мен – пахтанын шанасы.
Сиз – мөмөлүү саябан,
Мен – токойдун арасы.
Сиз – калемдин атасы,
Мен – комуздун баласы.
Эриш-аркак дүйнөнүн,
Ээрчишкенин карачы.
Үн кошпой койсоң жарабайт…
Байке,
Үмүттүү элди аячы!

Агынды калат, суу кетет,
Асаба калат, туу кетет.
Ар-намыс калат, дуу кетет,
Ак жүрөк калат, куу кетет.
Шайлообек калат жаңычыл,
Шамалдай көбү шуу дешет.
Бул замандын балдары,
Будданы деле БУ дешет.

Кербен жолдон адашса,
Жүгүн карап үшкүрөт.
Мерген жолдон адашса,
Огун кармап үшкүрөт.
Баатырдын табы жок болсо,
Чоролорун күттүрөт.
Акындын табы жок болсо,
Калеми менен кашынып,
Кагазын карап чүчкүрөт.

## ДОС ЖӨНҮНДӨ

Жардыдан дагы дос күттүм –
жалтактап турат бырбыйып.
Байынан дагы дос күттүм –
баш бербей турат мыркыйып.

Коркогунан дос күтсөм –
колтугумду жамынат.
Баатырынан дос күтсөм –
балакетке кабылат.

Эстүүсүнөн дос күттүм –
«Эси жок», – деди мени акыр.
Эссизинен дос күттүм –
эмгиче мээни жеп атыр.
(Тимеле, ырасы өзүм өңдөнүп
Ыраазы болбойм мен такыр…)

***21.03.2011***
***Бишкек***

* * *

Бишкек-Свердлов-Бишкек
Биз жүрөбүз иштеп,
Жаныбызды тиштеп:
Темир жолдо – Теңир колдо!

Санаалар,
Ойлор,
Секеттер.
Талаалар,
Жолдор,
Бекеттер.

Шака-шак,
Шак-шак.
Товарлар кап-кап.
Купеде кобурап,
Тааныштар жолугат.
Эбиреп, жебиреп,
Эригет, зеригет.
Үшкүрүп поюз токтоду,
Үргүлөп кеттик окшоду,
Кызыл-Ордо – Кызыр колдо!

* * *

Ооп турам ойлоруман,
Көп чыгам жолдоруман.
Чымчыктар учуп чыгат,
Чырылдап колдоруман...

Өзүмдү камап салып,
Кулпулап сырттан өзүм...
Өзүмдүн чаңырыкты,
Сыртынан уккан өзүм.

Наполеон, Адылхандан,
Чыңгызхан, Сталинден –
Артыкча мен баалаган,
Өзүмө өзүм гана душман өзүм.

## ЖИНЖАЗУУ

Мына
Баягы үстөл,
Баягы дептерим.
Жазууга туура келет:
Өмүрдү, өлүмдү,
Таңдарын, кечтерин,
Тагдырды, адамды,
Турмуштун мектебин.
Жагымдуу, жагымсыз кездерин.
Жаным менен,
Миллиард тамыр менен,
Чуркаган каным менен
сезгемин.
Эстедим:
Балалыкты,
Андан берки аралыкты,
Жоготконду, тапканды,

(чындыгында бул экөө бирдей эле)
Ачканды, жапканды
кайталаган.
Кайталап чарчабаган.
Каалгага окшоп кетет – ушул жашоо.
Качан ал бир сен үчүн
ачылбай, жабылбай да калгычакты,
Киребиз, чыгабыз.
Кыйчылдагын эки ирет угабыз...
Ушуларды эстедим.
Эч нерсе өзгөргөн жок.
Мына.
Баягы үстөл,
Баягы дептерим.
Тек гана булгадым,
Дептердин беттерин.

***05.02.2008, саат 01:11***

* * *

Арман, өксүк арылабы жашоомдон?..
Кайрып тагдыр капканга
кача-ан мен бир бошонгон...
Өкүт жашайт өңдөн азып бозоргон.
Бөлчү тагдыр бөлөк бир –
Бөлөк кылчы ошондон!..

Кыйбасым сен – чыгармам!
Кыйнап, кысып кыл аркандай бир арман,
Кыйрап ичтен муңданган –
Үзүлөрдө сенден гана улангам.
Ая, тагдыр, жөлөп бир!

Көңүлдө көп муңайгам,
Өмүрдө аз кубангам.

* * *

Түн...
Сүтак...
Зар...
Дагы эмне бар?..
Адашып көрө электер,
адашкандар,
көшүлүп бараткандар.
Жайкы аптап саратанда,
жүрөктүн үшүгөнүн
бир аз гана
жылытканга –
мен бармын
издеп арга.

Капыстан та-арс атылган,
мылтыктын дабышынан,
чилдердей бырпыраган.
көп түнкү уйкулардан
куру калган –
сен барсың.
Мен бармын тынчыбаган.

Зыңгырак тарбиядан,
төрөлгөн акыл жаман, калыптанган.
Бир күнү кыйнайт анан,
окшобойт анан ага эч бир кыйноо.

Окшосо окшошот ал:
катуу ооруп кашка тишиң сыздаганга,
Бычактын сырты менен мууздаганга.
Зыңгырак тарбиядан,
тар уядан
калып калган,
калыптанган – акыл жаман.

Түн...
Сүтак...
Зар...
Дагы эмне бар?..
Какшаган ырың сенин
басылбаган.
Басылбаган оорудай –
– акыл жаман.
Кейидим тагдырыңа одур-будур,
Кейидим ырларыңа
олдо, кургур!
Түн...
Саратан...
Зар...
анан
сүтак, булбул.
Сүтак...
Булбул...

***30.07.2003***
***Бишкек***

## ЗАМАНДАШЫМ

Замандашым, мен да сендей бирөөмүн,
Турмуш менен алек болуп жүрөмүн.
Жакшысына жадыраймын, күлөмүн,
Жаманына тыз дей түшөт жүрөгүм!

Кечээкиге "эртең" болсок – кечээ биз,
Эртеңкиге – "кечээ" болуп кетебиз.
Урпак сыйын, бабалардын үмүтүн –
Билбейм, канча актай алар экенбиз?

Замандашым, биздин заман – кай заман?
Илим менен изденүүдөн талбаган.
Жетсек дагы компьютердик заманга,
Көп нерсе бар: тушап, матап, байлаган.
Мен ушуга арданам:
Кайда биздин адам деген касиет?
Аны бүгүн адам өзү жалмаган...
Билим эмес – ракета, бомбаңар –
Бир мүнөттө жердин бетин кандаган.

Жер кордукка чыдаар экен канчалык?
Жезиттердин кылыгынан чарчадык.
Тынсак кана ошолорду эртерээк,
Өздөрү эңсеп жүргөн Марска алпарып.

Адамдардын пейилине ылайык –
Теңдик ооду, терстик күчтөр чыңалып.
"Манас", "Инжил", "Куран" түшкөн асманда –
Мамоналык, Марксисттик мунарык.

Адамдыкты – ааламдык кир саясат,
Ажыдаардай арбап, соруп баратат.
Аруулук иш болот эле, замандаш,
Алкымына тыгылууга жарасак.

Замандашым, мен да сендей бирөөмүн,
Турмуш менен алек болуп жүрөмүн.
Жай учурда өлүмдү да унутуп,
Эстей калсам, селт деп алат жүрөгүм.

***19.02.2007, саат 04:14***
***Бишкек***

## ОЙ ТОКОЙ

Көп ойлор келет будалап,
Көкүрөк байкуш тил алат.
Батырып жүрөт бардыгын,
Башка айла кантип кыла алат?

Бар ойлор келет "кий-йалап",
Баш шордуу ага тил алат.
Чытырман токой буларды,
Чыгарыш кыйын кубалап.

Жанымды алган уялап,
Жарышкан ойлор чубалат.
Ичимде күндө – жаралуу,
Ичимде күндө – кыямат!

## ЧЫМЧЫКТАР

1

Чымчыктар учат,
Чымчыктар сайрайт.
Чымчыктар конот,
Чымчыктар ойнойт.
Чымчыктай сөздү,
Чыдап бир кайра айт.
Чымчыктар ырдайт...
...Ырына тойбойт.

2

Учушат чогуу…
Жылаңач дарак,
Чымчыксыз калат.
Конушат чогуу…
Сайрашат кайра,
Ойношот кайра.
Кетишти акыр,
Кетишет кайда?

3

Кызыгып карашат,
Кыймылы жарашат.
Ким койду экен?
"Чымчык" деген атты.
Чогулат…
Тарашат…
Чокчоңдоп
талашат...
Бирок да кектешпейт.
Сүйүү бар –
Чымчыкта чымчыктай.

4

Жашоо айланат,
Чымчыктын көзүндө:
Тапырайт бир нерсе;
Шатырайт бир нерсе;
Чачырайт бир нерсе;
“Каңк” этет бир нерсе;
“Таңк” этет бир нерсе.
Жүрөктөрү дүрүлдөйт,
Канаттары дирилдейт.
Тополоң токтойт.
Алар сайрайт,
Алар ойнойт.
Учат.
Конот.
Ушундай – жомок.

5

Жашоо айланат,
Чымчыктын көзүндө:
Ызылдайт бир нерсе;
Тызылдайт бир нерсе;
Бир нерсе дүпүрөйт;
Бир нерсе күтүрөйт;
Бир нерсе дүрүлдөйт;
Бир нерсе күрүлдөйт;
Алар элеңдейт,
Канаттарын белендейт.
Бүттү жетишет!..
“Дыр-р-р” коюп кетишет!..

***04.03.1995***
***Бишкек***

* * *

Жамгыр кечке дыбыратты,
Жалбырактар жуунушту.
Жапырт баары шыбырашты,
Жаратылыш кубулушту.

Күткөн жазым... күткөн жолум...
Көрдүк, көндүк, кечпи дедим.
Күткөн жааным, бүткөн боюм,
Көлбүп-көлбүп кетти менин.

Көкүрөктө көйгөйлөр бар,
Кетир баарын, кетир баарын.
Көрөр көздөй өгөйлөр бар...
Кечир баарын, кечир баарын!

Сырдуу дарак кучактаган...
Сырым болуп өпчү, жамгыр.
Ыйым болбой бышактаган,
Ырым болуп төкчү, жамгыр.

* * *

Келсе байлык кандай тез –
Кетет кайтып андан тез!

Эрте күткөн дөөлөтүң –
Эрте бүтөт мөөнөтүн!

Кээде сүйүү бат келет –
Келген күнү мант берет!

## АК КУУЛАР

Айдың көлдүн кылаасы калкылдаган,
Таң нуруна татына жаркылдаган.
Топ ак куулар бийлешет өмүр бийин,
Толкундардын күүсүнө шарпылдаган.

Ак куулар – ак пейилден жаратылган,
Моюндары аппак Ай жаңы тууган.
Токтоп берсе бир сүйүп алгың келет,
Толкундарга өптүргөн канатынан.

Карап эле тургуң бар, карап эле,
Саматат да, каратат жана дале.
Ак куу болуп кетсем деп ойлоносуң,
Же болсо не ак куулар адам эле...

Анткен менен ак куулар аруу жандар!
Түспөлүңдөй апакай арыңар бар.
Бизде кордойт жалгызды, силердечи?..
Бирөөн таштап кетпейсиң калганыңар.

## ЖҮРӨГҮМӨ

Бүгүн дагы дүкүлдөп байкуш жүрөк,
Издеп сени өзүнөн... Таппай күйөт.
Басып жүргөн мен болсо – болдум сүрөт,
Байкуш жүрөк, бечара баарын билет.
Бар эле да, оо, анда аруу тилек...

Байкуш жүрөк эгиздин түгөйү эле,
Эзилгенче эгизин сүйөр эле.

Туну болчу, андыктан экинчисин,
Тутунуп жөлөк кылып жүрөр эле.

Жүрөгүм ай, эми сен, кечир мени!
Турмушта кимдер ката кетирбеди?!
Мен силерди алдейлеп багып жүрүп,
Болгон болсоң тагдырдын жетимдери.

Тайкы жашап, тайтактап тойлогондор,
Тамашалап тагдырды ойногондор.
Колтугумдан чыгарын кайдан билдим,
Кош жүрөктүн бирисин жулуп алып,
Кош бакыттуу болом деп ойлогондор...

***26.10.2007, саат 23:35***

* * *

Түшүмө кирип чыктың, апа, түндө,
Баягы меш жанында, баягы үйдө.
Ойлонуп олтурасың, балким чындап,
Көп ойлоп жүргөндүрсүң мен жөнүндө.

Айыңдар биз жайында жеткен чыгар,
Араалап жүрөгүңдү өткөн чыгар.
Келиниңе сен салган – аппак жоолук
дал-далынан айрылып кеткен сымал.

Билбейсиң аппак сүйүүм тебеленди,
Билемин эт жүрөгүң чебеленди:
Акылы жок бизди эмес, ортодогу –
аяп алып эки эрке небереңди.

Махабаттын бир жагы – гүлзар экен,
Бир тарабы – айыккыс муң-зар экен.
Табышуу, ажырашуу – таалайыңдан,
Тагдырын тандап алган ким бар экен?

Акылыма келдим мен эрте-кечпи,
Эрте келген көктөмүм эрте кетти.
Ойлуу кирсең түшүмө от жутамын,
Баарын урдум,
Апа, сен кейибечи!

***13.03.2008***

* * *

Туңгуч...
Канал...
Да бирөө бар
бош талаанын четинде.
Отузунчу жазым менен
ойноп келгем кечинде.
Азыр бир топ кусалуумун
апрелдин бешинде.
Терезеде күңүрт асман –
кайталанма тааныштык.
Эки кызым уктап жатат,
менде болсо – жалгыздык.

Жүрөгүмдө кызыл чогу ызанын,
Баягы бир балалыкка кусамын.
Эски, ээн тамдай муздак кучагым...

Анткен менен жаным жалын,
кайнай берип бөксөрдүм…
Ал жүргөндүр –
ак чардактай эркин учуп,
айдыңында көк көлдүн.
Мен жүрөмүн:
баягы эле бойдонмун,
балким бир аз өзгөрдүм.
Балким болдум баш каарманы –
желдей жорткон сөздөрдүн.
Мага ошондой айкын жашоо жүктөптүр.
Элмир тургай, пайгамбар да,
Эл оозуна элек тагып бүтпөптүр.
Бирөө айтат – жаманымды,
Бирөө айтат – жакшымды,
Бирөө аяп – тагдырымды,
Бирөө даңктайт – бактымды.
Мен элимден кантип катам –
карамынбы, акмынбы?!
Бажырайта ачып берем аччумду –
бариктерин жамгыр жууган
жазгы жашыл бак сындуу.

Бирок достор, эстегиле!
Эң бир талуу жүрөгүм.
Эл көңүлү – элдики эмес,
меники деп билемин.
Бир бечара күйүп жатса – күйөмүн.
Бир бечара күлүп жатса – күлөмүн.

Жарык, таза болгон үчүн тилегим:
брондолгон машинага жашынбай,
колтугума курал-жарак асынбай,
КОМУЗ КАРМАП ЖҮРӨМҮН!

***05.04.2008***

* * *

Майда-барат тирлик менен баягы,
Май да жыйырма сегизине карады.
Калган үч күн отузунчу жазымдын –
кагынчыгы, калта түбү, аягы!

Элмирбекте бүгүн кыйла арман бар,
Эки жакта – эки кызым, алган жар.
Ээн үйүмө кире алышпай томсоруп,
Эшигимден кетти нечен майрамдар.

Аны ойлосом тана түшүп эсимен,
Алтын жаштын базарынан кечигем.
Оту күйбөй коломтомдун боюнда,
Отуз кылым олтургандай сезилем.

***28.05.08***

* * *

Турмуш тунук сезимимди ылайлап,
Отузумда ооруп калдым кудайлап.
Ийин казып күлүктөрдүн жолуна,
Көр чычкандар жүрөт экен шынаарлап.

Мажес ойлоп: “Мага душман ким?” – депмин,
Өзүм көрсө, өзөгүмдөн зилдепмин.
Ууз менен оозанткан тун сүйүүм,
Ууга айланып баратканын билбепмин...

Барчын куштун кайрылганда канаты,
Көктү карап улутунмай адаты.
Адамдарга андан кыйын экен го?
Айыкпаса көңүлдөгү жараты!

* * *

Окшогон кеч күздүн муздак жамгырына,
Мупмуздак күндөр жаады тагдырыма.
Аял болсом солкулдап ыйлайт элем,
Эркекмин деп тиштенем бардыгына.
Жүрөгүмө жыгылып калды турмуш,
Жараткан, убакыт бер тургузууга.

* * *

Түштөн кийин жамгыр төгүп жиберди,
Чагылган да катуу тарс деп үч ирет.
Кагылайын, эки кызым, силерди
ойлоп алып, денем кетти дүркүрөп.
Бала кезде коркор элем мен дагы,
Күн калса эгер атам жокто күркүрөп.

* * *

Сен тазасың, быйтыгым...
Атаң болсо абдан-абдан кирдеди.
Көңүл чиркин, көптөн-көптөн зилдеди!
Билип турсаң, билгениңди көпчүлүк,
Бир тыйынга баалап койбойт бир жери.

Бул жөн гана эркелеген таарыныч,
Бирөөлөргө болгон узак сагыныч.
Турмушуңдан табам десең бир утуш –
Туура убакта керек ага багыныш.

* * *

Эӊ биринчи булбул таӊшыйт таӊ жарып,
Менин бир кез кыялымдай биринчи.
Тагдырымдын көчөлөрүн сандалып,
Өтсөм мейли, күндөр күтөт кийинки.

Оо, анткени менде ички жалгыздык,
Кача-ан эле буйрук болгон таянчым.
Эркектердин өзү сезген алсыздык –
Тилегени: болсо экен деп балам тыӊ.

Бирок ошол түшүнгөнгө чоӊ күйүт,
Болгон менен андайлар көп арада.
Алсыздыгыӊ мойнуӊа алып үӊкүйүп,
Кандай үлгү боло алмаксыӊ балаӊа?!

Кызык эмес сезбей жашоо эркиӊди,
Таштабасын жалгыз ички кайратыӊ.
Канча бийик бааласаӊ да сен кимди,
Эркиндигиӊ эч ким тартып албасын!

* * *

Жүрөгүм элеп-желеп, элеп-желеп...
Бечара, сага дагы эмне керек?
Кубандыӊбы, кейидиӊби?
Каалгаӊды каккылады кандай неме?
Кааладыӊ эминени?
Эми кимди?
Күн бою согуп жүрсөӊ демеп-демеп,
Түн бою болуп чыгам элеп-желеп.
Солкулдасаӊ, солкулдайт бүтүн аалам,

Сокпой калсаң... билемин андан жаман.
Кубандыңбы, кейидиңби?
Токтобочу, токтобо бирок сыздап,
Жоктобочу жоголгон эгизиңди.
Андан көрө жалгыздык муңун туюп,
Ачпай тур эшигиңди –
Армандын ачуу зили сарыкканча.
Кайгынын кара тагы такыр өчүп,
Качанкы жаратыңдан айыкканча.
Чынарым бүрдөгөнчө,
Тынарым шаңшыганча.
Жанарлаган сезимге ыр издеген,
Карайлаган кезимде НУР ИЗДЕГЕН,
Кабагым көтөрүлүп,
Жан дүйнөм жаркыганча!
Сен, сен жүрөк,
Сезимтал эрке жүрөк.
Эркин жүрөк.
Эркиндин эң эркини – сенсиң жүрөк.
Антсе да суранайын,
Жамгыр болуп төгүлсөң төгүл, төгүл!
Калбыр болуп таптакыр көрүнбөгүн!
Эси жука бирөөнүн азабынан,
Эл аталган "айрымдын" мазагынан,
таптаза арылганча –
Ачпай тур эшигиңди!..

**_2008-жыл_**

* * *

Мен эмнени жазып жүрөм, билбеймин?..
«Өмүрүм» дейм, «чыгарма» дейм, «ыр» деймин.

Дирилдеймин, бириндеймин, сүрдөймүн,
Түңүлбөймүн, кээде өксүп зилдеймин.
Мен эмнени жазып жүрөм, билбеймин?..

Көр тирликти тушарыма теңебей,
Кээде жатам эч нерсени кенебей.
Миң сандаган кагаздарды үймөктөйм,
Миллионду банкка баскан немедей.
Кайра бир күн ошолор да жүдөтөт,
Ээн үйдү ээлеп алган желедей.

**2013**
**Бишкек**

## БИР АЗ МИСАЛ

Өзүн эмес, өзгөлөрдү шат кылар,
Өнөрлүүдө өзү билбес бакты бар.
Байкаганга – Алдар көсөө дүнүйө –
Балын бүгүн, эртең уусун таттырар.
Тунук курак бул өмүрдө – балалык,
Турмуш жолу аста-аста сак кылар.
Күкүк мисал өз уяңды калтырып,
Күндөрүңдүн улам арты шаштырар.
Жок бактысын издеп көптөр күймөлөт,
Жолго келип, арты – туман, асты – жар.
Көсөм көргөн акыйкатты көрө албай,
Көкүрөгү көр немелер каткырар.
Анткен менен ар күнүңдө мисал көп,
Акыреттин коңгуроосун кактырар.
Түкүрүүдө жамандарга – жамандар,
Түшүнүүдө жакшыларды – жакшылар.

Бала тапсаң – өстүрөсүң, багасың,
Бата берип алаканың жаясың.
Бала деле баласында эң ширин,
Бал тилине, кылыгына канасың.
Башын салып калбасын деп тар жерде,
Бар тапканың ошолорго саласың.
Эң кымбатын, эң жакшысын, эң көбүн –
Эне-ата андан кантип аясын?!
Эл ичинде ээ болсун деп жакшы атка,
Эртеңине бүт күчүңдү саясың.
Өзөгүңдү шишке тепчип бала үчүн,
Өмүрүңдү отко, суута чабасың.
Күндөр өтөт көздөрүңдөн чок учуп,
Күткөнүңдү таппайсың, же табасың…
Жакшы чыкса – жашооң өтөт жайдары,
Жаман чыкса – өгөй болуп каласың.

Көп адамдар аңга түртүп бир-бирин,
Көрсөтө албайт айбандарча бирдигин.
Көмөчүңө күл тартарда өзүңдүн,
Көргөн жакшы башкалардын тирлигин.
Сыйлашалы, жер жүзүндө адамдар,
Сыздатпайлы Жер-Эненин киндигин!
Алсыздарга азуу кайрап алдуулар,
Адисинен ашып жаткан күн бүгүн.
Кырк ууктай көтөрө алсак, канакей,
Кыйла элдер ынтымактын түндүгүн!
Жаңылыкты элге элдер каалаcа –
жаңылык ач, илим изде, бил билим!
Айла-амалдын арбын түрү табылды,

Андай болсо кордоп жатат кимди ким?
Түмөндөгөн согуш көрдү карт тарых,
Түбөлүккө түшпөс таажы кийди ким?

Дилиң билет жалгыз гана Жараткан!
Дин – дин эмес, Жаратканды талашкан!
«Башка жалган» баары өзүн «туура» дейт,
Баш адашат баштан эмес, жамааттан.
Илгеридей акылдары тим эле,
Иисус, Будда, Мухамметтен, Манастан.
Андайлардан мага артык көрүнөт:
Ар убакта көрөм элет тараптан –
Бир-бирине түздөп берип көлөчүн,
Эки кемпир бирин-бири аяшкан.
Көргө кетип баратпайлы караңгы,
Көз караштар көптүгүнөн тажаткан?..
Мээлүүлөргө бир аз мисал ырдадым,
Мен акылды айтмак элем каяктан.
Бул да болсо тынч жашайлы дегеним,
Бутуң соодо жүргөн жаман таякчан!..

## ЫРЛАРЫМ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮМ

1

Бизге кызык бул күндөрдүн эртеңи,
Биз издейбиз бирөө таппас нерсени.
Көөхар менен бир танабын шөкөттөп,
Көөдөй кара көр болсо да жер теңи.
Оо, жакшы ырлар, мени Элмирбек кылдыңар!
Оо, жакшы ырлар, жараттымбы мен сени?

Оо, сен өмүр, аралашкан ак-караң,
Аралашкан: жыргал, азап, маскараң.
Бир жалынып, бир таарынып мен сага –
бирок такыр бир акаарат айтпагам.
Шуру тагып берсем деген ыр менен,
Шум дүйнөгө атам-энем батпаган.

2

Бала кезде көксөй берип алысты,
Баштап алгам токтобогон жарышты.
Кайкып учкан куштар кирип түшүмө,
Каалачумун бир көкөлөп алышты.

Кырчын өмүр... кыялдарга термеген,
Бакыт издеп бала кезде дегдегем.
Опсуз дүйнө оңго-солго чайпалды,
Обон дүйнө... кетип калдым сен менен.

Биз өмүрдө издөө менен өтөбүз,
Издегенге жетпейбиз, же жетебиз.
"Оту күйбөй турган жерде" көп турбай,
Обон дүйнө... көчүп жүрдүк экөөбүз!

3

Өттү күндөр көчөлөрдө көшөрүп...
Өттү түндөр палатада өзөрүп...
Караңгылык таркайт!.. Күлүп Күн чыгат!
Калбаш керек обон өлүп, сөз өлүп!
Атак жүгү ийинимден басканда,
Ак комузум, сени кеттим көтөрүп!

Мен кыз сүйдүм сезимдерди ызааттап,
Бирде күлүп, бирде күйүп, бышактап.
Оодарылып ушул аалам кетмейин,
Обон жолун ким тосо алат тузактап?!
Акча-дүйнө менден оолак калышты,
Ак комузум, сени кеттим кучактап.

4

Кыя жолдо арты – туман, асты – жар,
Кыйынчылык тартып келсе жакшылар.
“Темселеген байкуш кантер экен?” – деп,
Тээ алыстан сынай карап жатчу бар.
Келүү үчүн бул дүйнөгө ыр менен –
Керек экен жакшы чөйрө, жакшы жар...
Кырандардан кызгалдакты көп тердим...
Кырчын жаштык уу да жутту, татты бал...

Ич жылытып “акын” десе бирөөсү,
“Ий бечара жакыр” деди бирөөсү.
Башкаларга сын берердин алдында,
Байкашса ээ, а дегенде ким өзү!
(Адам эмес бул дүйнөнүн тирөөчү,
Ар кимде бар турмуш менен күрөшүү).
Айбан деле жоошуйт экен үйрөтсө,
Азап-азап адамдардын мүнөзү...

5

Тең көтөрүп жыргал менен азабын,
Мен тек гана ырлар менен жашадым.
Жалаң тоолор курчап турат жанымда...

Улуу дагы, сулуу дагы катарым.
Аттиң, мындай көркөм болсо бул дүйнө!
Анда неге көп шорлорго батамын?

Бул суроого жооп болдум катылуу...
Оо, зор тагдыр, не кылса да акылуу.
Көөдөнүмө аалам тунуп, Ай уктап,
Көп тамга бар жүрөгүмдө басылуу...
Биз кетебиз жалгыз-жалгыз, бир-бирден,
Бирок билем, "Ыр дүйнөнүн" аты улуу!

Ырлардын жок – денеси же элеси,
Ырлардын жок – атасы же энеси.
Каным менен жалын болуп айланды,
Кайып болгон ырларымдын керээзи...

6

Оо, ыр дүйнө, сен экөөбүз бир эле:
бир түшүнүк, бир бүтүндүк, бир неме.
Сенин кантип келгениңди мен билем,
Менин кантип келгенимди сен деле...
Аярлабай аскаларга тилиндик,
бактыбыздын бир ыптасы кем беле?
Экөөбүз да көп сынтаккан үчүнбү,
Экөөбүздү көп сындашат эл неге?

Силер күзгүм – тунук, анан сынбаган!
Силерден мен каранам да, ойлоном,
Силерге ыйлап, силерден мен соороном.
Оо, ыр дүйнө, сага айтсам бугумду,

Обон кайтты кайра өзүмө боздогон.
Мен уйкуга кетер кезде түрткүлөп...
Силер – мени орунуман козгогон.

Бирде – бүлбүл, бирде оттуу чыктыңар,
Мен силерди, силер мени тыттыңар.
Бирде бизди жыртып салды бирөөлөр...
Көө замандын ышына да ууктуңар.
Чөө замандын кылыгына түттүңөр,
Дөө заманды үмүт кылып туттуңар…

## ЖАШТЫККА КАТ

Ар мезгилге жооп кылар келет күн!
Мен жаштыкка мындай бир кат жөнөттүм:
«Бар бо-ол, ЖАШТЫК! Жаша-а, ЖАШТЫК!
Күй, ЖАШТЫК!
Шаң бол, ЖАШТЫК! Таң бол, ЖАШТЫК! Сүй,
ЖАШТЫК!
Өмүрүмдө сага наалат дебесмин.
Деген менен көрүп турам көздөрүн,
Балакет бир мезгил деген электин.

Жаштык!
Канча жоготконум кайрыдың,
Кайра ошончо тапканымдан айрыдың.
Мээрим төккөн уяңда да мемиреп,
Каарын төккөн көчөңдө да каңгыдым.

Жаштык!
Сенде калгым келет жаш бойдон.
Солкулдаган көпүрөңдүн үстүнөн
канча өттүм мас бойдон.
Бир билбейбиз…
Биз кирдесек кирдейбиз,
Жаштык калат – жашыл бойдон, ак бойдон.
Ошон үчүн жаштык деген ат койгон.

Оюнуңа канбайм, кана элекмин,
Мага көптөр, мен көптөргө керекмин…
Катаал мезгил өз өкүмүн чыгарат,
Кай жеринде турам билбейм кезектин.
Агымымдан артка агып жөнөсөм,
Анда деле таң калыштуу эмесмин.

Сенден таптым – чындыкты да, жалганды,
Сенден таптым – датада жок майрамды.
Үмүт таптым – азиз көздүн жашындай,
Сүйүү таптым – таттуу дагы, армандуу.

Сенде жаштык – ыза жуткан таарыныч.
Сенде жаштык – куса буккан сагыныч.
Сенде жаштык – кечиримсиз кейиштер,
Сенде жаштык – кечиримдүү жаңылыш.

Ар учурга жооп кылар келет күн!
Сага атайы ушул катты жөнөттүм.
Селки өптү, сенден көптү үйрөндү,
Эң бир баёо бир баласы элеттин.

Жаштык, сага аттиң, арман дебес ким!
Алды-артыңды аңдап бүтө элекмин.
Ошон үчүн жашмын, дале болом жаш,
Оюнуңа та-акыр кана элекмин.
Чочутасың өтө кургак отундай…
Күйүп-жанып мен да ошого себепмин.
Сага жаштык азырынча «бүтүм» жок,
Ыраазы да, наразы да эмесмин.

***24.12.2013***
***Бишкек***

* * *

Сабырымды сарсанаа кыйганда мен:
"Бизге чейин дүйнөдө ыр бар" дегем.
Ыр барак – пери сунган жүз аарчыдай,
Ызалансам, соорондум ырлар менен.

Билбейм, кайда алпарат мезгил азоо,
Кимде жок келген жашоо, кеткен жашоо?..
Акындар таңды тоскон күндөр – өмүр,
Акындар ыр окуган кечтер – жашоо!

Өмүрдүн тизмесине кирбей калган –
Өтүүдө бош күндөр да бирдей жалган.
Акындар күнөөсү жок ыйык жандар –
Арасында бармынбы?
Билбейм...
Арман...

* * *

Асыл жарым, сабыр кылып тыңдагын,
Билесиңби жүрөгүмдө ким барын?
Ошол бирөө сенден жаман сыздатты,
Андан бетер сен деп канча сыздадым...

Асыл жарым, туталанбай тыңдагын:
Азыр менин сенден кыйын кырдаалым.
Ал да мени сенден жаман ыйлатты,
Андан бетер сен деп канча ыйладым...

Азап коштоп алтын жаштык жылдарын,
Аз жылынып, көп көргөмүн ызгаарын.
Эмикиси андан кыйын көрүнөт:
Эңгиредим, жалгыздадым, муздадым...

Асыл жарым, аяйсыңбы? Аягын!
Азап, азап – азыр менин абалым.
Экөөбүздөн жетим калган күндөргө,
Ээр-токумсуз – жайдак кетип барамын...

Эрк өзүңдө, кечир, мени кечирбе!
Эмне өзгөрмөк, эзил, мейли эзилбе?
Махабаттын ысык демин ким бермек,
Махабаттан эрте калган жетимге?..

Бирок баары андай эмес, тыңдагын...
Билесиңби көкүрөктө муң барын?
Ошол муңум – силер эмес, мен эмес –
Сыздап чыккан, ыйлап чыккан ырларым!

***09.04.2013***

# АРЗУУ ЫРЛАРЫ



* * *

"Тийбегиле, сүйүүгө тийбегиле,
Колуңардан келбейби? Сүйбөгүлө.

Сүйүү зарын тартпаган, сүйүү зарын,
Сүйүү барын билеби, сүйүү барын?!

Ылайланбайт турмушка тунуктугу,
Махабаттын ошол да – улуктугу.

Каалабайт ал капаста алсыздыкты,
Караан тутат а көрө жалгыздыкты", –

деди дагы жапжалгыз кете берди,
Жек көрсө да ушул коом жекелерди.

***2003***
***Бишкек***

## СҮЙГҮЛӨ

Акыңар жок сүйүүдөн уялууга,
Арзышкыла! Сүйгүлө! Кубангыла!

Араңарды бөлүүчү дубалды да –
айландырат өбүшүү урандыга!
Ачып көрсөң ашыктык күйүп турат,
"Авестаны", "Тооратты", "Куранды" да.

Арзышкыла! Сүйгүлө! Улангыла!
Алтын-күмүш дүйнөңдөн эмне пайда?!
Ак сүйүүсүз жүргөндөн уялгыла!

## ЖАЗГЫ ТАҢ

Жамалданат жазгы таң куштар сайрап,
Лепилдеген жумшак жел жыпар айдап.
Көркү чыгып бүрдөгөн табийгатка,
Көөдөн толуп келатам көзүм жайнап.

Көлмөлөрдү бакалар бакылдатты,
Көчөлөрдү бир топ каз какылдатты.
Таш жолчодо бир сулуу тык-тык басып,
Такалары жүрөктү лакылдатты.

## ЖАЙЛООДОГУ АШЫГЫМ

Кымыздын оту кызарып,
Кыздардын чыгып бетине.
Жайлоонун жашыл жаштыгы,
Жайкалып суунун жээгине.

Торкашкам семиз, кулпурат,
Өңгөчү, карды куртулдап.
Теминген сайын тээтиги –
Көк-жашыл тасмал кыяда,
Көмкөргөн аппак пияла.
Келатат мага жакындап,
Жүрөгүм согот лакылдап.
Ал үйдө аппак, үлбүрөк.
Үлбүрөк көйнөк ичинде,
Дүкүлдөп дагы бир жүрөк.
Калпагым каалгып ак шумкар.
Атымдын санап басыгын,
Ашыгып күтөт ашыгым.

Жаныңан өтөм мына азыр,
Жалт карап алып уялат,
Жайлоодогу асылым.

***03.03.2012***

## ЧЫМЫНДАРГА

Бар болгону бир үшкүрүк ырым бар,
Жатам жалгыз – чарчап калып сүйүүмдөн.
Учуп-конуп жем издешет чымындар,
Куса соруп кумсарган боз жүзүмдөн.

Балким чымын конуп жатат ошондон,
Баштагыдай жүз жок азыр албырган.
Өлүк эмес, бирок денем бозоргон,
Жарат алып жаткан кези тагдырдан.

Жолугарбыз, балким калдык жолукпай,
Кайгырбас да, кубанбас да күндөмүн.
Тирүү жанды чымындарга тоорутпай,
Кучагына катар келсе сүйгөнүм.

Келбей койсо... Анда дагы айла жок,
Эртеңкимден артык болор кечээгим.
Сүйүп туруп, сүрсүп жатсаң пайда жок,
Сүйүүнүн кең талаасына кетемин.

Жетем дагы атыңды атап жан берем,
Сенсиз кантип бул жалганга батмакмын?!
Чымындар да учуп келмек шаң менен,
Анда аларга мындай бир сөз айтмакмын:

– Денем – алсыз, бердим берчү жанымды,
Эркин учуп, эркин конуп тойгула.
Бир сураныч: шарап кылсаң канымды,
Сүйүү үчүн тост көтөрүп койгула!

**1994**
**Бишкек**

**БИР УЧУРЛАР**

...Кеткенче жолубуз айрылып,
Кетели, болуңуз кайрылып!

...Калганча сөзүбүз бир чыкпай,
Карашсын көзүбүз унчукпай.

...Жоготтум, айдайым, эркимди,
Жоготуп албайын мен сизди.

* * *

Карегиң укмуш балбылдап,
Караган сайын жан жыргап.
Көргөндө сени кубанам,
Көрүнбөй кетсең муңаям,
Көрүнүп жүрчү, суранам!

Сезимдер назик үлбүрөк,
Сен жүргөн жерде бир жүрөт.
Мейли кол сага тийбесин,
Менчилеп кимдер сүйбөсүн,
Мелжиген бийик дүйнөсүң.

Жомокто айтат үрлөрдү,
Жок чыгар сенче, ким көрдү?
Айтышса мейли билгенин,
Артыкча сулуу сүйгөнүм.
Ажары сенсиң дүйнөнүн.

***2006-жыл***

**АРУУЗАТЫМ**

Бирде чуркап, бирде калып жөрмөлөп,
Билинбестен кайран жаштык өйдөлөп,
баратканда балбылдаган от көрдүм...
Бакыт менден алыс эмес өңдөнөт.

Аруузатым, ай чырайым, аппагым!
Сени көрүп аруулана баштадым.
Карегиңде жүргөн экен катылып,
Качанкы бир мен жоготкон асманым.

Бир уу жылан сойлоп өтүп сүйүүмөн,
Бир заматта ойрон болгон дүнүйөм.
Өзүң менен айыкчудай сезилип,
Өзүм билбейм, неге мынча сүйүнөм?

Тагдыр мени каалагандай калчадың,
Акың калса, алып бүтчү – чарчадым!
Жаштык узап кете электе бир жолу,
Жашоо берчи, жашылындай арчанын!

Убайымын, сагынычын ырдаган,
Угасыңбы, жүрөгүмдү туйлаган?
Бүгүн анда бир керемет ойгонду,
Бүт ааламдын кеңдигине сыйбаган.

Эми мага – Күн керемет жаркыган!
Эми мага – түн керемет балкыган!
Жыргасам да, ырдасам да жарашат,
Жылдыз учса изин кууп артынан.

Билбейм, аттиң! Эми кандай демекпиз?
Бир көрүштүк жакын тааныш эмеспиз.
Антсе дагы аппак, таза, чыныгы –
сезимдерди сакташ үчүн керекпиз.

Издейм эми сени бардык тараптан,
Саргайсам да сагынычтуу азаптан.
Сени дайым сактап жүрсө болгону –
Сен аркылуу мээрим төккөн Жараткан.

**14-15-16. 12.2007**

* * *

Сен экөөбүз эки жээктей –
өйүз-бүйүз жактагы
болгон менен...
Ортобузда
көл толкундай баштады.
Ак чардактар менден сага,
сенден мага каттады.

Сага арнап бир ыр жаздым,
Өзүм окуп жүрүүгө.
Ошол ырдан жан дүйнөмө,
бир жылуулук кирүүдө.
Жүрөгүмө катып алып,
ошол аруу дүйнөнү,

Сезимимде бир жаш кайың бүрдөдү.
Сен жакшы түш көрдүң бекен?
Мен ыр жазган түндөрү.

Көрүшпөсөк мейли дейли,
Андан оор бир жери:
Кайра келбес асыл кездин –
кайда калат издери?
Мен ыйласам сенден башка
соорото алат ким мени?

Али жашсың,
Арууzатсың,
студент кыз татына.
Экзаменден башка түйшүк
түшө электир башыңа.
Менде болсо,
турмуш катуу бороондоп,
Туш тарапка чачууда.
Тагдыр бурчук таштар менен атууда.
Сенин гана мээримиңдин кубаты –
Жетет эле мунун баарын басууга.

***05.02.2008***

* * *

Сен – гүлдөйсүң, ачкан жаңыдан,
Мен – күкүкмүн, тили талыган.
Сен – перисиң, түшкөн жылдыздан,
Мен – пендемин, күйгөн турмуштан.
Сен – аруусуң, эстен тандырган,
Мен – адашкан жанмын тагдырдан.

Азыр булбулмун тили чарчаган,
Сага бүгүмдү кантип айталам?
Жапжалгыз сени сүймөкмүн,
Жаныңдан чыкпай жүрмөкмүн,
Жаштыкты берсе кайтадан!

**2008**
**Бишкек**

* * *

Сен жанымда болгондо –
айлангансыйм бүт дүйнөлүк борборго.
Сен жанымда жок кезде –
бата берем оор санаа, ойлорго.
Кандай болмок? Карааныңды жоктотпой,
сен экөөбүз бир денеде болгондо:
Айрылышпай бирибизден бирибиз;
Тең ачылып, тең жумулуп көзүбүз;
Сүйлөгөндө бирдей чыгып сөзүбүз;
Бөксөргөндө бир бөксөрүп,
Толгон кезде бирдей толуп көөнүбүз;
Бир ооз менен суу ичип;
Бир мурундан дем алып;
Экөөбүздө согуп турса бир жүрөк;
Бирдей үмүт, бирдей арман, бир тилек;
Ошондо да сени издеп,
Элесиңди сагынып,
Азап чеге берет белем, ким билет?!

***23.04.2008***
***Бишкек, Панорама***

## ЫРДАГАН КҮНДӨЛҮКТӨР
**(ыр түрмөк)**

Тай-тайлаган тагдырымды
жүрөгүмдүн толтосуна жыгып алдым...
Эми качан көтөрөм?
Уйгу-туйгу бороон улуйт көчөмөн.
Кара такты көкүрөктөн –
качан, кантип өчүрөм?
Жан оорумду жалгыз тарткан
жан кишиге билгизбейм.
Жалгыз,
Жалгыз,
Жалгыз өзүм түшүнөм.

**25.12.2008**

* * *

Ээрчишип жүрүп, экөөбүз нени көрбөдүк?
Кордосо тагдыр, зордосо турмуш көнбөдүк.
Жан айлам таппай, карайлап жолдо турамын,
Дарексиз кетсең, карексиз киши өңдөнүп.

Эми сен мага, кезиксең кана эртелеп,
"Элим" деп сүйлөп, "бегим" деп сүйлөп,
эркелеп.
Мага сен балким таарынып калган чыгарсың,
"Махабат – деген, – Маанисиз эле нерсе!" – деп.

**27.12.2008**

* * *

Кандай күндө жүрөт деп ойлодуңбу?
Көнгөнүмдү билесиң сага гана.
Өзүң жок мен бир байкуш болбодумбу,
Өзөгүмдү зилдетип санааларга.

Кат да жазып койбодуң эстеп неге?
Кадимки эле биз көнгөн адат менен.
Кадырыма башка аял жетмек беле?
Канча таңды атырдым азап менен...

Баарын, баарын калчадым акыл менен,
Сен кеткенде жашынып алыстарга.
Билбептирмин ушунча алсыз белем?
Ооруп жатам, демим жок айыкканга.

Келип калчы, жарыгым, ушул күнү,
Көздөрүңдү көрөйүн нур жайнаткан.
Чачтарыңды төшөп сал ушул түнү,
Жүрөгүмдүн тушуна муз кайнаткан.

**04.01.2009**

* * *

Качан келесиң?
Карегиме кадалып алды элесиң.
Ботодой болдум –
боор толгоп күткөн энесин.
Уйкусуз түндөр, уйпалган жаздык,
убайым тартып жатамын.
Көңүлүм чөктү,
Көп нерселерге капамын.

Таң менен атып,
Күн менен кошо батамын.
Оорума даба болот деп жаркын көздөрүң,
Сен келчү күнгө шашамын.
Жакшы күн берчи!
Жаз күнүм берчи!
Жаманын болду жашадым.

**05.01.2009**

* * *

Келчи эртерээк!
Кадимкиңдей эркелеп.
Мен уядай балапанын учурган
бопбош калдым, сени гана келсе деп.
Калп айтпаймын – бул чындык:
Бир күнүмдө – кусалык бар бир жылдык.

**07.01.2009**

* * *

Кара жаным! Как жүрөгүм!
Жама-ан, жама-ан жүдөдүм.
Арман толгон жан дүйнөмдү,
алдап коюп жүрөмүн.
Сен да мени сагындың го, билемин.
Андай болсо кабарлашчы, кат жазчы!
Эртең дебей, бүгүн жазчы!
Азыр жазчы…
Бат жазчы!

**07.01.2009**

* * *

Бүгүн сенин үнүңдү уктум,
абасындай тоолордун.
Көңүлүм бир толкуп алды,
Көпкө-ө, көпкө-ө ойлондум.
Өзү тургай чаңдарына зар болдум,
Сен экөөбүз басып жүрчү жолдордун.

Үнүңдү уктум… Сүйүнүп,
азыр эле жетким келди жүгүрүп.
Бирок неге суз сүйлөдүң,
алда неден түңүлүп?
Сен антпечи,
Сен антпечи, кичинекей чымчыгым!
Бүткүчөктү ушул жалган,
Бүткөнчөктү ушул арман тирүүлүк.

***09.01.2009***

* * *

Кантип сени унутмакмын?!
Кантип сенден бөлүнөм?!
Сенсиз көпкө жашай албайт көрүнөм.
Орун таапсың, эч ким али баса элек,
Жүрөгүмдүн эң төрүнөн-төрүнөн...

Кетире албайм башка жолго!
Кетире албайм бөтөн колго!
Кечире албайм андай болсо!
Биздин жолдор бириккен.
Эч ким бизди түшүрө албас бийиктен.

Сен экөөбүз табышабыз баары бир,
Биз адамбыз – жүрөгү бир, жаны бир.
Кан денемде нур зат болуп жүгүрсүн,
Кабарыңды билдирип кой дагы бир.

***13.01.2009***

* * *

Бир жылдын толукшуган жайы эле,
Диддиреген июлдун айы эле.
Көгүш, кызыл гүлү бар, жумшак, жука,
Көйнөгүң үлбүрөгөн шайы эле.

Кучактасам буралып кылыктанып,
Көкүрөгүң, моюнуң Күн жыттанып.
Бир таман жолдо эркелеп келе жаттык,
Биздин максат бир тарап сыяктанып.

Кызыл күүгүм... батыш жак оттой жанып,
Кыналыштык байкоостон токтой калып.
Чоочуркаган сезимдер үйүр алып,
Чопулдашты эриндер чоктой жанып.

Айлананы тыңшадык анан-анан,
Азгырыктан кайрылып араң-араң.
Чегирткенин, баканын, желаргынын
Үнү калды жүрөктү жаралаган.

Асманда Ай... жылуу кеч... келе бердик,
Кадамдар жай... жол эрип... ойлор эрип.
Үн чыгарбай мен сага суроо берип,
Үн чыгарбай сен мага жооп берип.

Сени коңшу айылга, мени шаарга,
Өктөм тагдыр ыргытты акыр ана.
Биз бараткан таман жол асфальтталып,
Бир да жери окшобойт азыр ага.

Сени көрүп түшүмдө жаңы гана,
Селт дей түшүп, ойгондум ушул таңда.
Балким сен да түш көрүп, эми туруп,
Жаткандырсың чай берип жанагыңа.

А мен болсом, зар болуп карааныңа,
Азыр жөнөйм шаардын чоң базарына.
Көгүш, кызыл гүлү бар, жумшак, жука
көйнөк алып беремин аялыма…

**2011**
**Бишкек**

* * *

Жан дүйнөм жүргөн кезде жараланып,
Жан сырым төккөн элем сага барып.
Жаагымды алаканың аста-а сылап,
Жаш кеткен жүзүң ылдый салааланып.

Ширин, ширин аңгеме сүйлөп берип,
Жаш болсоң да сен көптү түшүнчүсүң.
Жазгы гүлдөй мен үчүн жайнап чыгып,
Жалбырактай кээде өксүп үзүлчүсүң.

Биз үчүн биринде кең, биринде тар,
өмүрдүн жылдар, айлар, мүнөтү бар.
Менин бир эски жаман альбомумда,
Сенин бир жакшы түшкөн сүрөтүң бар.

Түтөгөн өмүрүмө жалын тилеп,
Сен мага бересиңби асыл жүрөк?
Жыргалда жашабаган таза сүйүү –
ырларда жашаганын баары билет.

Эркеледим көп ирет мастык менен,
Нени кылбайт өрт шарап жаштык деген!
Эл көзүнчө өпкүлөп сени далай,
Эми өзүмчө уятын тартып келем…
Мен соолуктум... Көзүмдү турмуш ачты,
Сен жолукчу, өзүңө айтып берем.

**2011**
***Бишкек***

* * *

Бир кол чатыр алдында,
Бирге басып келебиз.
Бир керемет бар мында –
Билалбайбыз неге биз?..

Айдай бетиң албырат,
Ала качып көзүңдү...
Мен да үнсүз жалдырап,
Таппай калам сөзүмдү...

* * *

Айлуу түндүн азгырыгы жеңдиби,
же тек гана эркелегиң келдиби?
Жакындаттың эрдиңи…

Эркек туруп менде да көп уяңдык,
Жүрөк дүк-дүк, балким чогуу кубандык?
Андан ары уландык…

Мен карыздуу, сен арыздуу муңайып,
Сөз кыскарып, көз көздөрдөн уялып?
Табиятта не айып?..

## СЕН – МЕН

Кадырым – сен, сыйым – сен,
Кайнап жаткан ырым – сен.
Калчылдадым вагондой,
Кайда жүрдүң мурун сен?

Медерим – сен, сыйым – сен,
Мен – бечара, кыйын – сен.
Мээм айланып баратат,
Мен – жалбырак, куюн – сен!

Мен – темирмин, сен – көөрүк,
Сен – делбирим, мен – өрүк.
Этегиңе күбүлүп,
Эзилейин түбөлүк...

Мен – күнөөкөр, сен – бейиш,
Сенде жемиш – мен жегис.
Жетер жери белгисиз,
Жел кайык – мен, сен – деңиз!

**2.02.2012**
***Бишкек***

* * *

Жамалың жаздай, жаш бийкеч!
Жаныма жалын соймоңдоп,
Жаныңдан өтөм башты ийкеп.

Чырайың сенин чын ырай.
Чымчылайт сезим кылдарын,
Чыркырайт жүрөк кургур ай!

Көзүмдөн көк куш учурам.
Ырларды жазсам сага арнап,
Жаш тамат калем учунан.

***05.03.2012***

* * *

Өзүңдү таппай көптүн арасынан,
Жүргөндө айыга албай жаратыман.
Куюлуп арман болуп агып жаттым,
Куштардын куса серпкен канатынан.

Алдастайм ары-бери, ары-бери...
Жалгызмын, жан көргөн жок аны деги.
Тиктетет кайра-кайра, тигил көктө,
Тизилген каркыранын сабы мени.

Үмүттүн өзү өчсө, зарпы калар,
Билгендей махабаттын дартын алар:
Атыңдын баш тамгасын көккө жазып,
Алыска учуп кеткен каркыралар...

Көп жаштар көчө менен агат улам,
Көрө албай жалгыз сени арасынан.
Атыңдын баш тамгасын тапчу болдум,
Талпынган куштун гана канатынан.

Күн батат... Таңдар атат... Агат суулар...
Күйүтүн өчүрө албайт жарааттуулар.
"Муңумдун" баш тамгасын эске салып,
Муңайта бербегиле, канаттуулар!..

## СИРЕНДЕРИМ

Жаз келди жайып жашыл килемдерин,
Келгендей келбес жайга жибергеним.
Сирендер жыпар чачса сени эстейм,
Сиреним, сирендерим – силер менин...

Бул адат кайдан мага калган билбейм?
Адашкан арманымды жаздан издейм.
Жаңы ачкан бүчүр бойдон калсак кана,
Жашынып кеткичекти жалган бизден.

Жаз бойдон каларлыгым күмөн менин,
Жаштыгым сага учуруп жибергемин.
Бирок сен жүрөгүмдүн жазы болуп,
Түбөлүк калышыңды билер дедим.

Сени эстеп жашай берем ойдо сонун,
Мен үчүн андан артык болбос орун.
Сезбесмин бул дүйнөдө кайгы барын,
Сен болсоң уктатарым, ойготорум.

Көз күйөт көрүп жаздын сирендерин,
Жаштыктын жашап коюп ширин жерин.
Муңайдым... муңайбаска аргам барбы?
Мунарым, муң арманым – силер менин.

***23.03.2013***
***Бишкек***

## КОРКОМ

Буга чейин жаным-деним сезе элек,
Чоочун жүрөк көөдөнүмдө согууда.
Мындай буйрук эч ким мага бере элек,
Айткандары айтканындай болууда.

Бул жүрөктүн ээси өзүң окшойсуң,
Сезимдерим сен деп ыйлайт, шолоктойм.
Арманымды арман менен коштойсуң,
Эми сени түбөлүккө жоготпойм.

Кетпейсиңби?..
Корком, корком... кетесиң…
Сага – бирөө, сен – бирөөгө жетесиң.
Андай күндөр келе электе эзилем,
Ал күн келсе, билбейм кандай эзесиң?..

***27.03.2013***
***Бишкек***

## УБАЙРАМ КЫЛАТ УШУ АРМАН

Бүрдөгөн кезде кайыңдар,
Гүлдөгөн менде жаңы ырлар.
Ардагым, сенден кечиккен,
Арманым, арман – ал ырлар.

Азабым арбын үчүн же...
Аяган гана кишим де.
Буулуккан булут болдум мен,
Буркурайт жамгыр ичимде.

Алыстан уксам үнүңдү,
Алдейлейм ошол күнүмдү.
Көчөңдө келет жашагым,
Көчүрүп барып үйүмдү.

Турмушуң – тулпар тушалган!..
Туум сары болду кусамдан.
Убайрам кылат мени акыр,
Ушул – муң-санаа, ушу – арман.

Көөдөндө туйлап муң-арман,
Көз жашым кулап мунардан...
Түбөлүк обон – өзүңсүң!..
Түбөлүк менмин – угарман!..

***04.04.2013***
***Бишкек***

## ЭМНЕ БОЛОТ?

Жарыгым...
Жакын эле жүргөндөйбүз,
Ортобузда оордукту тең көтөрүп.
Билинер-билинбес бир суз жылмайсаң –
Үшкүрүктүн ордуна мен жөтөлүп...

Дүйнөдө бар экениң –
сыйлап мени.
Жолубуз айры экени –
кыйнайт мени.
Эмне болот?..
Тутанды билбейм качан ушул сезим?
Кусалык көкүрөккө сыйбайт эми.

Тартиби бул турмуштун –
Бөлөбү экөөбүздү?
Тагдыры башкалардын –
Көрөбү экөөбүздү?
Эмне болот?..
Сезимдин тунугуна,
Келатып, кетебизби?!

Балапандай канатын жаңы күүлөп,
Балакайдай келаткан жаңы сүйлөп.
Таңкы тармал толкунун сезимдердин,
Тартпайбыз!
Тартабызбы?
Эмне болот?..
Жашоонун жашылына,
Баратып, кайтабызбы?!

Сен барсың тилегимде,
Билесиң ээ?
Өрт болуп өчпөй өзүң жүрөгүмдө –
Өмүрүм өткүчөктү
жүрөмүн ээ?
Эмне болот?
Келатып, кетебизби?
Баратып, кайтабызбы?
Жанашпай, жакынбызбы?
Айталбай, айтабызбы?...

***07.04.2013***
***Бишкек***

* * *

Жарыгым, жаным, жапжашсың,
Мөлтүрсүң, тунук, тазасың.
Апакай, аруу максаттын –
Артынан ээрчип барасың...

Ууздайсың – эрин тие элек,
Кагазсың – калем чие элек.
Туйлаттың жанды. Турганда –
турмушка жаңы тизелеп...

Асылым, эркем, татынам!
Ашыкмын... Кантип батынам?
Тагдырдын ташын сүзгүлөп,
Кете элек тагы башыман...

Аңдоосуз чыксаң жолуман,
Алдастайм, чочуйм, корунам.
Ашыктык – алтын ажыдаар,
Жаңы эле кайткам оозунан...

***08.04.2013***

* * *

Сезимдер чөгүп муздаарда,
Сен мени сүйрөп мунарга.
Тагдырым туздай оор менин...
Таштаба... Антсең чыгарба!

Муңайба, жазым, муңайба!
Кыядан күнүм кылайып,
Кызгалдак болуп турарда!

* * *

Көздөрдүн көк жалыны өчкөн кезде,
Көктөмүм көздөн далдаа кеткен кезде.
Турасың туудай болуп марадагы,
Тулпарды арабага чеккен кезде...

Кылгырып кыядан Күн баткан жерде,
Кызыл чок тартып улам баскан демге.
Кыргоолдой кыр-кырлардан үн саласың,
Кыраанга томогону каткан кезде.

* * *

Жазгы жамгыр...
Ойлор... Тамчы...
Кайсылары –
Тамат сенин жүзүңө?

Калаа калбыр...
Жолдор кайчы...
Кайсынысы –
Барат сенин үйүңө?

* * *

Сен жок үчүн жанымда –
Мен тозокто – жалында.
Мен бүтүндөй халтура,
Жогум менен барымда.

Сен бар үчүн көңүлдө –
Мен бактылуу өмүрдө.
Мен – шедевр. Жазылган
жалаң өзүң жөнүндө.

## ЫР БИЗГЕ КҮБӨЛҮКТӨЙ

Жетилдиң, үлбүрөгүм,
Таңшыдың, дилдирегим.
Сен үчүн оор болсо да,
Сезимим билдиремин.

Ачылдың бүрдөгөнүм,
Ансайын сүрдөнөмүн.
Азабы көп болсо да,
Арманым билдиремин.

Мелжидиң, тартылганым,
Кайкыдың, талпынганым.
Мен үнсүз тартынганым,
Мен сага айтылганым!

Өрт болдуң тутанганым,
Өзөктө куса-арманым.
Бир муңдуу куштай болдум,
Билбеген учар жагын.

Же сенден кете албадым,
Же сага жете албадым.
Карегиң боздоп карайм,
Кантсе да тушалгамын…

Мелжиген дүйнөдөйүм,
Мен өңдүү күй дебейин.
Сүйлөмгө сүйүү батпайт,
Сүйлөбөйм... сүйлөбөйүн!

Капкалуу дүйнөдөйүм,
Карайын, үндөбөйүн.
Ыр бизге түбөлүктөй,
Ыр бизге күбөлүктөй…
Ырдайын... сүйлөбөйүн!

***18.12.2013***
***Бишкек***

* * *

Дагы калды канча аргам?
Дагы калды канча арман?
Жалгыз гана сени табат,
Жан сырымды аңтарган.
Айыбым бар…
Зайыбым бар…
Кайыгым бар – толкунуңа чайпалган.
Жакшы болсом – жакшы ырдын сабымын
сага көптү айта алган.
Сакчы болсом – кирпигиңдин талымын
карегиңди кайтарган.

***19.12.2013***
***Бишкек***

* * *

Өкүттүү, кусалуу, жараттуу,
Өзгөчө армандуу, азаптуу:
Өзөктү тытмалап да бир түн —
Өзүңсүз дагы бир таң атты.

Сүңгүп мен чыгалбас санааны айт...
Сүрүлгөн, сүрүнгөн жараны айт...
Сүйүүнүн бул мерез мыйзамы:
Сүйдүргөн — сүйгөндү аябайт.

Мелжиген дүйнөгө батпай чын,
Мен келем, сен "эшик" ачпайсың.
Мен жетчү бактыны ыйлатып,
Мен кетчү жолума таштайсың.

Сенсиз мен адашкан жөжөдөй,
Сени издеп, чыйпылдап жөнөмөй.
Серпилсем бир сенсиң билмексен,
Сен үчүн бир жалгыз – мен өгөй!

* * *

Жашоодо келатканда,
Жай турмуш кылдыр-кылдыр.
Бул сезим кайдан келди,
Булактай шыңгыр-шыңгыр?

Көздөрдү көргөндөймүн,
Көп жылдар мен издеген.
Арбалдым сүрөтүңө,
Ажайып сезим менен.

Ала албай көздөрүмдү,
Алчадай эриндерден.
Мен мынча сезимдерге жеңилбегем...
Жеңдирдим...
Жеңил белем?..
Эрк жетсе, кечир мени,
Эмне бар кечирбеген?
Адашып, арып-азып,
А, балким сени издегем?..
Эми бул сезимдерим эмне болот?
Эриген кардай ыйлап шолоктойт го,
Ээрчишип кеткен кезде теңиң менен...

* * *

Өзүмдүн жаным – өзүмкү эмес негедир,
Уурданып качып кеткендей башка денеге.
Ойлоном көпкө эгерде андай болбосо,
Ар мүнөт сайын сен, сен дей берем неге эле?

Өмүрдө жалгыз сен болуп калдың эгизим,
Өзүңдөй мага күйүмдүү дагы эч ким жок.
Дүлөйдөй болуп, сокурдай болуп сезимсиз,
Дүйнөдөн ушул өзүңсүз жашап кетким жок.

Бириксек дагы жан дүйнө менен акылдан,
Өтүүдө күндөр экөөбүз бирдей жашынган…
Көчүүдө күндөр, көксөгөн менен бир болбой,
Көз жашым жутуп жаздыгым таңды атырган.

* * *

Түшүнөсүң зирегим...
Түрсүлдөөдө жүрөгүм.
Карегиңдин отуна,
Караганда күйөмүн.

Деңиздейим, тереңим,
Теребелдей кененим.
Шаттыгымды кайтарып,
Жаштыгымды берерим.

* * *

Жалын жүрөт канымда,
Бүт боюмду айланып.
Алоолонгон бир сөздү,
Араң турам карманып.

Мезгил турат ортодо,
Мен күбүлүп... сен бүрдөп...
Сезим, акыл таймашы –
Сен уялсаң, мен сүрдөп.

Менде – асман булуттуу...
Сенде – асман туптунук...
Өрөпкүгөн жүрөктү,
Өлтүрбөссүң бук кылып.

* * *

Жашоом тургай, көрбөгөмүн түшүмдөн,
Жайнап чыккан гүл өңдөнүп бүчүрдөн.
Жан экенсиң жан дүйнөмдү аңтарып,
Жаш болсоң да көп нерсени түшүнгөн.

Мен тартылып, а сен жаңы талпынып,
Жүк көп менде жүргөн жондо артынып.
Бүктөп, жаап койгон каттай болормун,
Бүткөн кезде сага түгөл айтылып.

Жакшым – түгөл, андан арбын – айбым да,
Жашап келдим бурганактуу айдыңда.
Тоодой болдум – бир кездерге былк этпей,
Топтой болдум – бир сезимдер алдында!

Мына ушунун баарын сага төгүлүп,
Айта берем, кайта келем көрүнүп!
Бул сезимдер менден кетчү эместей,
Бул дүйнөдөн мен кеткенче бөлүнүп.

* * *

Сага мен бакыт каалайм төгүлбөгөн!
Тагдырым табыштырып өзүң менен.
Айландың ак шооладай периштеге,
Колдогон, күйгөн, бирок көрүнбөгөн...

Арман эй, өмүр мынча табышмаксың?
Жалын чакта жалыным жагызбапсың...
Убайым камдап тагдыр... иңир күтүп,
Уурдатып ууз кезиңди, табышпапсың...

Жакынбыз жооп бербес, сурай албас,
Жамгырбыз кеч күздөгү муз аралаш...
Жүткүнсөм көкүрөктөн түртүп турмуш,
Жүзүмдө күлкү жашайт, муң аралаш.

* * *

Көкүрөктө алоолонуп от өчпөй,
Турган менен бут алдымда муз тоңуп...
Түндөр мага уйку бербей...
Жолдор жолго тыгылып;
Тоолор тоону ныгырып;
Баары-баары жүрөгүмө жыгылып.
Миң бөлүнүп тамырымда кусалык,
Ортосунда сан ойлордун тушалып.
Көзүм түнгө кадалып.
Экөөбүздө көбөйгөндө аралык...
Эч кимге жок кеңешким,
Эч нерсе да эмесмин...
Чарк айланган куюнга –
Баратамын бой таштап...
Өз көзүмө агып кирип,
Өз көзүмдөн чыккан жаш.
Мен өзүмө туткун болдум –
Мени өлсө куткарбас.

***Декабрь, 2016***

* * *

Ак канат периштедей асылзатым,
Арманым, үмүт, бактым, табылбасым.
Башталып бир өзүңдөн тутанган өрт –
Басылбасын, өрттөсүн, жалындасын!

Бир келип, бир кетет да жалын жашың,
Бир кезде кимдер өксүп сагынбасын?
Сен менен келген ушул сезимдерим –
селдесин, түгөнбөсүн, арылбасын!

Оо менин көңүл көлүм, ай чырайым,
Өзүңө бүт дүйнөмөн айтыларым.
Сен мени Күн күчүндөй эрите бер,
Сезимдин сересинен тамчылайын...

Сен менин акыл даанам, асылзаадам,
Сен менен чексиздикке жакындагам.
Мээримдин көк кыйыры өзүң сымал,
Мен жактан чыккан Күндү батырбаган...

* * *

Булбул болуп таңда-кечте безеген,
Буулугамын кайра баштан неге мен?..
Чүрөгүмдү көп алыска жөнөттүм,
Жүрөгүмдү көп кечигип ээлеген.

Аз убакта азап тарттым, арыдым,
Сен ошону билесиңби, жарыгым?
Бир таап алып, бир жоготкон жылдыздай,
Көздөрүңдүн издей берем жалынын.

Түн уйкумду сунгам букет ордуна,
Арнап баарын: сезим, кыял, ойду да.
Азыр алар деңиз бойлоп жүргөндүр,
Асылымды катып алып койнуна...

Ак деңиздин толкундары, суранам,
Асылыма кол булгалап койгула!

* * *

Арбалдым, сага арбалдым,
Арналдым, сага арналдым.
Алдыңда сенин чүрөгүм,
Алмадай эле бирөөмүн.
Ах, бирок
Ааламга сыйбас арманмын!

Кабылдым, сага кабылдым,
Кабылар замат, багындым.
Өзүңүз үчүн, чүрөгүм,
Өрүктөй эле бирөөмүн.
Өх, бирок
Өмүрдөн өчпөс жалынмын!

Арманым менин, ардагым,
Ардагым, асыл, жалжалым.
Эркиңде сенин жүрөгүм,
Эбелек өңдүү бирөөмүн.
Эх, бирок
Элирип аккан дайрамын!

* * *

Жаным менин!
Кандай айтсам жарашат...
Жашоом күндө жаркын болуп баратат.
Сен бар үчүн – куунак өтүп кечтерим,
Сен бар үчүн – кубанычтуу таң атат.

Ичим-сыртым – баары-баары жаңырды,
Каным – сүйүү, аралаган тамырды.
Мен төрөлдүм, жашым кайра – он сегиз,
Билип сенин бул дүйнөдө барыңды!

(Моюн бербейм эми турмуш матасаң,
Дале мени дардес, мажес санасаң.
Кечир мени, кор өткөргөн өмүрүм,
Буга чейин жарым-жарты жашасам).

Махабатым, жаным, сүйүүм, чүрөгүм!
Мен өзүмө батпай ташып жүрөмүн.
Музасына бөлөйт мобул чексизди,
Муз үстүнө өрт тамызган жүрөгүм.

Баары – жаңы, баары – жапжаш, баары – жаз!
Табышмакмын "тар дүйнөлөр" таанычбас.
Көкүрөгүм – булбулдардын сахнасы,
Көрүүчүлөр, угуучулар – баары мас...

Аптим – алтын, күлкүм – күмүш... Күндө мен,
күндөрүмдү тостуң түркүн гүл менен.
Сен бар үчүн – келдим ушул дүйнөгө,
Сен бар үчүн – кетпейм мындай дүйнөдөн.

**2016**

***Күн-Туу***

## САГЫНДЫМ! КОШ!

Жашоонун көндүмүнөн алыс маган,
Жан азык – таттуу кыял, алсыз арман.
Сүйүүнүн атасы өлсө үчөө калат:
Ит – турмуш;
Жесир – жашоо;
Жетим – жалган.

Кош!
Билбейм, ызгаарыңбы?..
Аптабыңбы?..
Өчүрдүк сүйүү тамган ак жалынды.
Бир кезде жерге түшүп келген элем,
Сагындым жалгыз учкан асманымды...

Булагым таза калсын шыңгыр каккан,
Турагым сага калсын жылдыз жаткан...
Сагындым Күн, Айымды таңда-кечте –
Мен менен жалгыз чыгып, жалгыз баткан...

***Июль, 2017***
***Чоңко***



## ЖАН

*(Ыр түрмөк)*

1

Кар жаап жатат терезени карасам,
Калдалактап... кадимки ак көпөлөк.
Тигил коңшу палатада ким бирөө,
Ай бечара, үргөн өңдүү жөтөлөт.

Ичте оорулар – потолок, пол, төрт дубал –
Бир нерсени түшүнүүгө көшөрөт...
Мындагынын баарын-баарын үндөбөй,
Санитарка орус кемпир көтөрөт.

Бир суук сөздөр сезимимди ылайлап,
Ооруп жаттым, онтоп жаткам кудайлап.
Гүлдөй жаштык күл болордо күтүүсүз,
Гүлдөр келди, күндөр келди ыр айдап...

2

Күн өткөрүп: супсак, кунсуз, карандай,
Жашап келген өңдөнөмүн жана албай...
Сен дүйнөмө келдиң кандай... Эргидим,
мен дүйнөдө эң бактылуу адамдай.

Ойлобогон, издебеген бир сыйкыр,
Азыр мени жомокторго жетелеп.
Бир кездерде уу жуткурган тагдырым –
Бүгүн мага балын сунду эселеп.

Бар экениң өзү эле бак мага!
Ашык кетип колум созбойм башкага.
Менин дүйнөм – азыр сага талпынган,
сенин мөлтүр көздөрүңдөй таптаза.

Таңым атып, Күнүм батып сен менен,
Таттуу, назик кыялдарга термелем.
Үнүм чыгып, шайыр-шаңдуу дембе-дем,
Түнүм – жылуу, сенден келген дем менен.

Тил жетпеген кубаныч таап өзүңөн,
Кереметтин орун алдым төрүнөн.
Өрттөп салып өкүнүч, муң-кайгыны,
Өмүрдү эми өпкүм келет көзүнөн!

3

Мен өзүмдү ыргытарда кармаган,
Сенин тунук мээримиңден айланам.
Кетер кезде өзүмдү үзүп баарынан,
Сенин таза сөздөрүңө байланам.

Секетим ай, сен адамсың чыныгы!
Жашайт сенде – жандын асыл, тунугу.
Арман, жыргал, үмүт, жашоо – баарымсың,
анан дагы чын арзуумдун куюну...

Мен оорусам – тамыр сыздап сендеги,
Сен мен үчүн тиленбейсиң эмнени?
Көрүнбөгөн, бөлүнбөгөн, дем берген,
Жаным менин – периштемсиң жердеги.

4

Арасынан көп жылдыздын таппаган,
Анык сага ашык болдум, ак шоолам...
Бир элесиң миң бакытты ыроолоп,
Бийлеп жаткан дербиштердей шаттанам.

Сен жокто да дабышыңды угамын,
Жүрөгүмдүн жумшарганын туямын.
Билбей жүрүп, пилдей сүйүү таап алдым,
Эми сага өзүмдү бүт сунамын.

Сага чейин сараң эле дүнүйө...
Сараң эле аруу, назик сүйүүгө.
Сени тапкан күндөн баштап элесиң –
сезимдерге шоола болуп тийүүдө.

Гүл жыттасам, элжиреймин, эзилем,
Күлкү чачам Күндүн жылуу мээринен.
Мен сезе элек кубат алып кудуңдайм,
Мен тебелеп жүргөн жердин деминен.

Көздөрүмдөн көзүн ачтың булактын,
Көр тирликке калбай барат убактым.
Ак сүйүүнү – караңгылык көрсөтпөйт,
Мындан ары жанындамын чырактын!

5

Эшикте – кар, жүрөгүмдө – аппак от…
Сезимдердин көп аскери каптады.
Кырчылдашка аттанабыз кыл чайнап,
Кылыч болот ырларымдын саптары!

Чоң казатка майдан болуп жүрөгүм,
Сезимдердин салгылашы зор болот.
Талашында – тазалыгы сүйүүнүн,
аркасында калат улуу чоң жомок!

Жазат дайым махабаттын дастанын,
жаным – жашыл, каным – кызыл сыядай.
Мен бурганак болгон сайын ошончо –
мобул аалам мемиреген уядай.

Эшикте – аяз, жүрөгүмдө – аппак өрт…
Сезимдердин түмөн колу каптады.
Чексиздикти жиреп сызып баратат,
Жебе болгон ырларымдын саптары.

6

Сен бар үчүн – канат болуп талпынам,
Сен бар үчүн – ырга айланам, айтылам.
Бул жашоодо жан жок кезде биз болуп,
Бул жашоодо сен бар үчүн бар чыгам.

Ооба, мага дал ушундай сезилет,
Мындай сезим мага гана кезигет.
Эч кимде жок бул аруулук мендеги –
Сенде болсо, менден дагы көбүрөөк!

Сен тартылган аалам турат көзүмдө,
Жашоо – мына, жалаң өзүң жөнүндө.
Ыраазымын сен жашаган заманга,
Ырахматым чексиз ушул өмүргө!

Ар бир таңда сени бар деп ойгонуп,
Күнүм өтүп шаң-салтанат, той болуп.
Бара жатам келе жаткан жолдордо –
бакыт издеп, бакытымдан зор болуп!..

Бүтүн камтып, бул жашоонун мүнөзүн,
Ар ирмемин сен көрктөнтүп жүрөсүң.
Сүңгүп барам бир керемет тереңге,
Сүйүү издеп, сүйүү болуп мен өзүм!..

7

Мага демөөр: сенин жаркын маанайың;
Мага бакыт: сенин бакыт-таалайың.
Сага берчү кубанычты көбөйтүп,
Сага келчү капалыкты алайын.

Сен менен кооз: жер-суу, аймак, асманым;
Сен боло албайт: обон, ыр, күүм, дастаным.
Сенин бир тал кирпигиңдин сүрөтүн,
тарта албастыр жазган сан-миң саптарым.

Мен өңдөнөм: сенин тамчы бөлүгүң,
сенсиз менин майып болмок өмүрүм.
Сага бир аз жакшы маанай бералсам,
Сабалаган куштай учат көңүлүм.

Өксүк элем толуп-таштым эми мен,
Өйдө учтум, ылдый учкан жеримен.
Бийиктеги ак булутту өпкөнсүйм,
Бир аз эле кубандырсам сени мен.

Сен болбосоң: сезим өспөй бүчүрлөп,
сенек болуп, быкшып күндөр түтүндөп.
Көөдөнүмдө бир муштум эт оту жок,
“Жүрөкмүн” деп жүрмөк экен дүкүлдөп.

8

Бардык аалам сезсең сага баш буруп,
Сага жолдор жомок сунуп, бак сунуп.
Периштесиң! Билесиңби ошону?
Пейилиңе токтоп өтөт ак булут.

Эстүүлүгүң жүрөгүмө уюган,
Колум жетпейт, көрбөйм, бирок угулам...
Аба-суу, от, кечтер-таңдар сен болуп,
Ар ирмемде сени карай бурулам.

Бул зор нерсе... таттуу-таттуу табышмак...
Тагдыр бизге энчилеген калыстап.
Биздин жүрөк эчак эгиз болушкан,
Эгиздерди эч бөлө албайт алыс жак!

9

Сулуу таңдын дидарына себепсиң,
Бар кооздукка сен кадалган седепсиң.
Өмүрүмө канча жолу Күн чыкса,
Көңүлүмө сен да ошончо керексиң!

Мен дем алсам, сени сезем ар качан,
Мен бактылуу сага тилек арнасам.
Канча суулар агат, ага бермекчи,
Мен жашаймын ак сүйүүдөн калбасам!

Мендеги ой сага деген башкача,
Менин дүйнөм сен дегенде таптаза!
Эч кимде жок мага таандык сезимди,
Баладай өөп, болот дайым даңктаса!

10

Жашыл шибер кадамыма төшөлүп,
Шыр дем алып, бир жагымдуу жөтөлүп.
Тоо койнунда бара жатам кыбырап,
Тоолордон чоң сезимимди көтөрүп.

Асыл, кымбат – ар кыймылым, ар ишим,
Бар жашоонун күүсү толгон бар ичим.
Булуттарды сүйүп карайм жаш ирмеп,
Булуттан ак махабатым бар үчүн.

Ааламдагы бүт нерседен ыр тамып,
Ашык нерсе көрбөй турам кылчалык.
Жүрөгүмдө турбаганда сен толуп,
Мен жашоону сүйбөс элем мынчалык.

11

Күндө куштар коно калып сырдашкан,
Түндө жылдыз жымың көзүн ымдашкан.
Таңда-кечте таза сүйүүм сага арнап,
Таштар – алтын, мен олтуруп ыр жазган.

Сен бар үчүн – мен жашоонун төрүндө,
Эң сый конок болуп ушул өмүргө.
Мен дүйнөгө бүтпөс жомок баштадым,
Жүрөгүмдүн ханышасы жөнүндө!

Жашыл тоонун боорундагы булакмын,
Кел жуткула! Чарчаганга кубатмын!
Жалаң жакшы сезимдерден формулам –
"Жаман-жакшы" дешкендерден ыраакмын.

Сүйүү – жашоо! Сүйүү – соолбос бактыңар!
Кел уккула! Менде ошол бакты бар!
Жүрөгүмдүн ханышасы жөнүндө
жомок укса... Өлбөс болот жакшылар!

12

Эргүүм көктө! Поэзия – падышам!
Анын ээси: Жүрөктөгү Ханышам!
Жүүнү бош бир жүдөө күндөр болбосун,
Жүрөк маршы жүлүн жиреп ойносун!
Жүрөк менен көрүп келгем, көз эмес,
Жүрөк менен Ханышама табышам!

Махабаттын мейкинине мелжиген,
Биз канаттуу жүрөк менен жетебиз.
Сезимдердин шооласынын эң ичке,
Биз үстүнөн эркин бийлеп өтөбүз.
Балдай, сүттөй, ширин, таза сүйлөшкөн,
Барбы ааламда?
Бар болсо, ал – экөөбүз!

Менин сүйүүм – бурганактан, бороондон,
Менин сүйүүм – алоолордон, тозоңдон.
Менин сүйүүм – жер, суу, аба, жейрен, куш,
Тилдерине сүйүү ырын которгон.
Менин сүйүүм – чарк айланат ааламды,
Менин сүйүүм – бардыгынан бошонгон.
Кечиргиле үйгө батпайт ошондон!..

13

Мени менен сенин демиң бир жүрөт,
Биздин сезим өлбөстүккө үлгүрөт.

Сени ойлоп, ыроолосом жакшы сөз –
Жүрөгүмдө Ай жылмайып, Күн күлөт.

Аруу сезим, боюм жибит! Дүркүрө!
Жаным менин...
Жайна!
Жаркы!
Мөлтүрө!
Мен жашаган ушул шаар жүдөңкү,
Сени эстесем чыга түшөт көркүнө.

Карегиңди карай албай аптыгып,
Кантип кана чыдамакмын чыдасам?
Ар бир талы өрттөй кара чачыңдын,
Алаканым күймөк балким сыласам!

14

Сен бүркөлбө, Күн бүркөлсүн, ачылсын.
Сен чачылба, деңиз, көлдөр чачылсын.
Сени тааный элегимде билгендей,
Жаным менин, жанымдан да жакынсың.

Менин күнүм кабагыңа байланган,
Көтөрүлсө көтөрүлөм. Түшсө мен:
эски, кымбат, аяр, сырдуу бир каттын,
сары түтөк барагындай бүктөлөм.

Көрүнбөгөн, кол тийбеген эң таза,
Өңдөн азбай, өчпөй-тозбой бир кезек...

Мындай сезим менде гана дүйнөдө,
Мени менен бирге келген, бир кетет.

15

Булбулуңмун...
Сенин гана капасыңда камалган,
Бирок андан зор эркиндик таап алган.
Жана дагы сага гана таңшыган,
Тили катып калганча.
Атыңды ырдайм, арман тартам ай мынча?!

Бир мүнөткө капасыңдан чыгарып,
Көздөрүмдү көзүң менен карап кой.
Көздөрүңдү жалтаң-жалтаң карайын,
Көздөрүңдөн жазды көрүп алайын!
Канатымды аста гана сылап кой,
Алаканың мээрим төксүн...
Алыс кете албаймын,
Оо шириним, сага гана сайраймын,
Анан кайра капасыңа салып кой!

16

Кандай жакшы кыялдарым өзүң бар?
Сенсиз, жаным, көңүл шалкы, өмүр тар.
Кадыр түндөй бир түнүндө августтун,
Канча өмүр сага айтылчу сөзүм бар!..

Үч күн болду тагдырымда жылуу күн!
Жыл ичинде болгон бир аз, балким жок:

Сен жарыкка келген күндөй улуу күн;
Сен жарыкка келген күндөй сулуу күн.

Толкунунда эс-мас болуп тагдырдын,
Чайпалсам да, келбей жашап төгүлгүм.
Ар бир жылдын сегизинчи айында,
Мен кырына чыгып алам өмүрдүн...

17

Жүрөгүмдүн Ханышасы, асылым,
"Бийиктерден" сенин бийик зоболоң:
Сен деңизсиң – сага тамсам көбөйөм;
Сен деңизсиң – сага тамсам жоголом.

Мен адашсам: дал өзүмдөн адашам,
Курган эсим жүрөгүмө тил албай.
Ушул кечте зындан болуп томсором,
Маанайыңдын кандайлыгын билалбай...

Жолду тапса, жомок тапкан кейиштен,
Арал издеп мен өңдөнгөн өйүздөн.
Азыр мени олтургандай сооротуп,
Шордуу Нухтун кемесинде көгүчкөн...

Учат азыр кургак издеп, Күндү издеп,
Жер бетинде көз жаш деңиз күргүштөп...
Ханышамдын туулган күнүн куттуктап,
Эрте-кечпи келер деймин гүл тиштеп...

18

Оо, Ханышам!
Мен кирдесем өзүң гана тазала!

Кээде мени ушундай бир жазала!
Сенин жазаң – ак сүйүүгө үйрөтөт;
Сенин жазаң – дудук болсом сүйлөтөт.
Мен турмуштун өтмөгүнөн чалынып;
Санаа өргөн санагынан жаңылып;
Токоюнан бир жоголуп, табылып;
Мээнеттенип, арып-азып жашайын,
мээримиңдин жылуулугун сагынып.

19

Кантер экем?..
Канча мезгил капасыңда тил безейм?
Сен жөн гана бир нерсени билсе дейм:
Сенден секет, сенден башка издебейм;
Сенден сени тапкан саатта кубанам;
Сенден сени сезгениме жаркырайм.
Бар экениң сезсем болду, секетим,
Карааныңа жүрсөм болду эркелеп.
Булбулуңдун гүлгө айландыр капасын,
Бул жалгандан кетсем сенден эртерээк.

20

Сенин таттуу уйкуң мага – ырахат;
Сенин шайыр күлкүң мага – ырахат;
Ар бир аткан таңың мага – ырахат;
Аман-эсен барың мага – ырахат.

Санай берсем сен жөнүндө сөз жетпейт,
Барың мага, баарың мага – ырахат!

Жалгыз эмес жан экенмин сүйүүдө,
Жашоом жаркын, жаным, сага ырахмат!

Тааный албайм кубанычты өзүңсүз,
Сенсиз мага көп нерселер көңүлсүз.
Бар экениң билдирип бир белги бер,
Сенек болдум сенин ширин сөзүңсүз.

Жарыкты бир жарык карап алайын,
Өчөр жерден кайра дүрт деп жанайын.
Өмүрүмдүн бар күнүнө көрк берип,
Өзүңдү таап, өзүмдү да табайын.

21

Мейли мага көрүнбө да, билинбе,
Мен жашайын мейли чээнде, иңирде.
Көзүң менен карайм ушул дүйнөнү,
Сүйлөй берем сенин гана тилиңде!

Жатам, турам, кечти күтөм, таң санайм,
күтүү, түтүү... Күкүктөй ыр кайталайм.
Сайды ээлеген дайра кылса махабат,
Сага карай акканымдан чарчабайм!

Сенде – үнсүздүк. Менде – терең сагыныч.
Менде – күтүү. Сенде – жабык таарыныч.
Сыртымдан түнт, ичимдеги кыйкырык,
Күн бетине тийип сынат жаңырып.

Мейли мага кабар жазба, унчукпа,
Мен сен үчүн эч маанисиз бир бурчта.
Сенден келген жооп, кабар деп жашайын,
Жамгыр жааса, шамал соксо, Күн чыкса.

22

Бул жашоодо ким өксүп, ким жаңылды?
Букка толуп ким күйүп, ким сагынды?
Арзуу ырын кимдер ырдап, ким укту?
Ашыктыкта кимге кимдер таарынды?
Бир мен үчүн мындан өткөн кайрым жок:
Билсем болду бул дүйнөдө барыңды!

Бир топ жылдар баары окшош, бирдей күн,
Өткөн өңдүү өзөгүмдөн зилдеймин.
Сезимдерим көөшүп кетип көп мезгил,
Сен жок кантип жашап келгем... билбеймин?!

Батсам дагы сан түйшүккө не бирде,
Бактым тоонун көк тиреген чегинде –
Балбылдаган байрак болуп желбирейт,
Бар экениң эстей калган кезимде.

Эми өзүмдү бекем байлап күтүүгө,
Жашайм чөгүп сагынычтын күчүнө.
Мен бул түнү сага арналып саргаям,
Кирип кетчи жок дегенде түшүмө!

23

Терезeмден Ай караса шыкаалап,
Сагынычтын оту менде тутанат.
Уйку качкан ушул түндөр – чын өмүр,
Убайымдан учуп чыккан кусамат!

Чыкпайм, чыкпайм жүрөгүмдүн ыгынан!
Мен ыр болсом – бир сен болуп угулам.
Мени ыргытса – түшөм сенин алдыңа,
Мени түртсө – сага гана жыгылам.

Барик болсом – сени күтүп саргаям,
Көп жашасам – сени күтүп картаям.
Ишенгеним сенсиң, секет, жандайым,
Ичтегимди сага эле айта алам.

24

Тууган болуп, бирөөлөргө дос болуп,
бирөө болуп, ата болуп, эл болуп,
мен да көптөй бирөөнү таап эр болуп,
ал, бул болуп... болуп эле келатам,
Анан эле сага айланып баратам,
Укмуш экен жашап калуу сен болуп.

Ай, Күн, Асман – баары ичиме батышты,
Дүңгүрөштү, шыбыраштты, дуулашты.
"СҮЙҮҮ, СҮЙҮҮ, СҮЙҮҮ!" – дешип чуулашты.
Сага айлануу – кандай улуу?!
Кандай гана урматтуу!

Өлүм менен өмүр чыгып көркүнө,
Алкыш айтып тазалыктар кирлерге.
Зор сүйүүнүн бийин бийлеп токтобой,
Тозок-бейиш кучакташып бир жерде.
Караңгы нур – кандай гана жарык нур...
Кандай бакыт – сага айлануу билгенге?!

Аска, таштар миң-сан үндүү музыка,
Алар ырдайт суунун карап көзүнө.
Ырлар сылап канаттарын шамалдын,
Бар нерселер чыкты сүйүү төрүнө!

АЛКЫШ САГА айландырган өзүңө!

25

Тагдырыма таарынамын “былтыңдап”,
Менин мындай эркелигим ким тыймак?!
Мен алоолоп сен жөнүндө ыйласам,
Бүткүл дүйнө сооронгонсуйт ыр тыңдап.

Сен аркылуу ээлеп алган уялап,
жүрөгүмдү – бейиш, тозок, кыямат.
Башым менен басып алган экенмин,
Бут алдымда жаткан кезде миң азап.

Сен акыл айт, эми мени сен башкар!
Менде азыр Сахарадай ээн баш бар.
Мен түшүндүм: вулкан болуп кетсем да,
башка адамдар мен тууралуу бейкапар.

26

Мага турмуш бүркөгөндө кабагын,
Жаным, сенин сүрөтүңө карадым.
Соккусуна алган кезде тагдырым,
Соороттууда сенин жаркын жамалың.

Карабасам – эңшерилем, бөксөрөм,
Карап алсам – учкун чачам, өрттөнөм.
Сөзүң эле – миңдин бири, жанга дем,
Өзүң эле – өмүрүмдү көрктөгөн.

Баары – басмырт... күңүрт, бүркөө – бардыгы,
Бүгүн жааган күздүн муздак жамгыры...
Сендей жандын түшүнүгүн корголойт,
Мендей жандын үшкүрүнгөн тагдыры.

Мээримсиздер мени канча муздатты...
Мезгилимдин эң ширинин уурдашты.
Менден жулуп айрыганды кайрыган:
сенден тапкан жылуу мээрим, урмат бу!

Оордугумду камгактарга салбадым,
Тоо көтөрөт тоонун тоодой салмагын...
Бийигим сен, чексизим сен, тоом сен!
Жаша Жаным!
Жаркырагын!
Жан, Жаным!

27

Сен ушунча алыссың да, жакынсың,
Мага демсиң, тирек, сүйүү, акылсың.
Ыр дүйнөдөн келген жансың төрөлүп,
Ыр дүйнөгө эгиз болгон асылсың...

Мен – бир көптөй жолоочусу өмүрдүн,
Сен – сый конок өмүрдөгү төрүмдүн.
Секетим ий, сен бар үчүн чертилди,
Назик, шыңгыр коңгуроосу көңүлдүн.

Ак толкуну аскаларга чабылган,
чачыраган, күркүрөгөн, агылган...
Көк деңиздин көп-көп издеп берметин,
Көп таарынгам, көп жаңылгам багымдан.

Сен табылып күндөрдүн оор күнүндө –
жамалы артып жаркылдады бу дүйнө.
Табериги мен жашаган өмүрдүн,
Таттуу, тунук, таалай ташкан сүйүүмдө!

28

Кайнап келдим – кайнап турган кездерге;
Күкүктөдүм – таштым ташчу жерлерде;
Бийиктедим – бийигиңди билгенде;
Тереңдедим – тереңиңди сезгенде.

Чалындырып, жаңылдырып багымды,
Чатыраттым чагылгандай чагымды.
Толкуп туруп тоңуп калган толкунбу?!
Ким көрүптүр катып калган жалынды?!

Азоо болуп, алоо болуп жүрөгүм,
"Алыстагы отту" көрүп күйөмүн!
Керилген бир, келишкен бир дүйнөдө,
Кемтик жашап, келбейт өксүп, жүдөгүм!

Чепке айландым эч ким бузуп кире алгыс!
Тайыз жандар, тар немелер биле алгыс!
Тарых кылып өмүрүмдүн ар күнүн,
Жүрөгүмдө жүргөнүңө миң алкыш!

29

Күндөрдүн оор күндөрүндө болсом да,
Сенин шооلاң тийди мага жаркырап.
Эртең менин үнүмдү да угасың,
Ал да бизге аруу дүйнө калтырат.

Жаш болсом да далай-далай кырды ашкам,
Башка не дейт?.. Өзүм үчүн чоң дастан.
Эмнелерди көрдүм, өттүм, жашадым,
Сага баарын айта баштайм бир баштан.

Сөз менен да, ыр менен да сага айтам,
Жетсе шаам, жетсе тилим, сабырым.
Ал анткени сендей асыл жан билет,
Татаал, жөн-жай бечаранын кадырын...

30

Сени тапкан күндөн бери көбүрөөк,
Асман сырдуу, асман сулуу көрүнөт.
Алыстарды карай берем умсунуп,
Ай, Күн тургай, булуттан нур төгүлөт.

Сени тапкан күндөн бери көз көрүп,
Адамдар да баратышат өзгөрүп.
Алар мага, мен аларга жакшымын,
Ички сырым айтпай туруп тең бөлүп.

Сени тапкан күндөн бери негедир,
Ырлар жаздым жалаң гана шедевр.
Анын сырын, жаным, билгиң келеби?
Ал ырлардын каарманы – сен, себеби!

31

Мен кайгырсам – менден артык кайгырып,
Мен кубансам – менден артык кубанган.
Үмүтүмсүң, асылымсың, эстүүмсүң,
Үзүлөрдө сен табылып улангам…

Толуп турат көкүрөктө миң санаа,
Толкундары сагынычтын чыдатпай.
Бирок, жаным, бут баспаган жердеги,
Биздин сезим таза, тунук булактай.

Кейиткениң, жубатканың, сүйгөнүң,
сөзүң, өзүң, бар болгонуң – баары дем.
Кайра келбейт ушул өмүр, бул сезим,
Кабырыма ала кетем аны мен.

32

Мындай күндөр буга дейре болбогон:
кусаланам, жыргайм, ыйлайм, ойлоном.
Түндө сени бар деп уктайм мемиреп –
Таңда сени бар деп күлүп ойгоном!

Буга дейре бир үңкүйгөн неме элем,
Булбул болдум таңда, кечте безеген.
"Капка салса эгер менин делбемди,
кап да чуркап кетет беле?" – дей берем.

Эмне кылып койдуң мени, зирегим?
Мен эмнени түшүнөм да, билемин?
Барып алып сенин таман астыңа,
Балбалактап бербес белем жүрөгүм!

Тоого булут оролгондой төгүп жаш,
Толкунунда ашыгылыктын жүрөм мас.
Өзүңдү таап, аяп калдым өзүмдү,
Мерез элем өзүмдү бир барктабас.

33

Бала сезем өзүмдү...
Бала болуу кандай таза, көңүлдүү.
"Башка дагы кандай бакыт?" – деп коём,
Бала бойдон жашасам бүт өмүрдү.

Бала сезем өзүмдү...
Сен айрыкча эркелеткен кезиңди.
Сен бересиң мындай аруу сезимди.
"Мындан башка кандай жыргал?" – деп коём,
Сени сүйүп жашасам бүт өмүрдү.

Бала сезем өзүмдү...
Же чын эле бала экеним төгүнбү?!
Көңүлүмдө бала бойдон сен барсың,
Сен жок өмүр – өмүрбү?!
Сен бар өмүр – кандай куунак, көңүлдүү!

34

Качан, кайдан келди сага?.. Билбеймин
капа сунган тагдырыңа таарыныч.
Бүгүн менин кирпиктерим шүүдүрүм,
Бир кылымдык – бир күндөгү сагыныч.

Ичим – ширин сезимдердин уясы,
Сыртта катуу калдыраган турмуш бар...
Наристенин күлкүсүндөй чачырайт,
Ырларымдын маңдайында жылдыздар.

Убайрамдап уйпаласа уйкумду,
Кучагымда куюндаган санаалар...
Сени унутуп жашоо ушул өмүрдү –
Күндү унутуп жашоо менен барабар.

35

Кечир мени, сен дей берсем кайрадан!
Сен табылган күнгө өзүмдү арнагам.

Жүргөн өңдүү мунарыкты аралап,
Жүрөгүмө куса толду кайнаган.

Куса, куса, куткармакпы эзүүдөн?
Көңүл көккө көкөлөйт да, тебилем.
Улам күчөп унут деген сөзүңөн,
Мүмкүн эмес, унутууга сени мен.

Сөздөр кармап жүрчү эле го сендеги,
Кантип эми көтөрө алат жер мени?
Бир тамчысы оор болду өмүрдүн,
Бир заматта арал болдум ээндеги...

36

Туу сезимди тутка кылып карманып,
Кыйын чакта кылыч болдум кайралып.
Мен жеңилбейм, менин ысык канымда,
турган кезде сенин демиң айланып

Демиң – шоола, караңгыны куугандай,
Деңизиме алп дарыя куйгандай!...
Менин сүйүүм тазасынан тайбады,
Күн ордунда, жер огунда тургандай.

Шаңдуу дагы, шаттуу дагы кадамым,
Сен толгон жай – мен бараткан тарабым.
Мен аркылуу ырга бөлө дүйнөнү,
Жүрөгүмдү жаркыраткан адамым!

37

Бул жашоонун билбейм чынын-төгүнүн,
Көрбөйм жүзүм мен өзүмөн өзүмүн.

Бир сезгеним: мүнөт санап, саат санап,
сага сүңгүп бара жатат өмүрүм.

Жолдо жоргом билбейм, жайбы, бачымбы?
Билбейм, марам алыспы же жакынбы?
Бир сезгеним: жүрөгүмө сен толуп,
махабатта менин багым ачылды.

Жаштыгымдын жалын жалдуу тулпары,
Билбейм, билбейм, канча жерди чуркады?
Бир сезгеним: сен бар үчүн дүйнөдө,
бүгүн менмин махабаттын султаны!

38

Көздөрүмө асман толуп калгандай,
Көөдөнүмдү деңиз ээлеп алгандай.
Сен куунакта – шапар тебем, шаңдуумун,
Сен суз тартсаң – жашоо өкүт, армандай...

Ар мүнөттө, ар бир саатта, ар дайым,
Бар тилегим: бак-таалайың каалайын.
Сен кандайсың? Кандай болсоң, мен да – ошол,
Маанайыңа аркандалган маанайым.

Сен – секетим, сен – Күндөйүм, чүрөгүм,
Күйүт салсаң, күл болгончо күйөмүн.
Сен бар үчүн – айланса да башым баш!
Сен бар үчүн – жүрөк менин жүрөгүм!

Сага арналам, сени гана дегдеймин,
“Сен, сен, Жаным, сен, сен жана сен!” деймин.
Жүрсөм эгер бейиш багын аралап,
Жүрөгүмдү үр кызына бербеймин!

39

Тагдыр менден алда канча кубаттуу,
Өтүп келем өмүр аттуу сынакты.
Баары өзгөрдү... Жүрөгүмдө сен гана –
Ай өз бетин өзгөртпөгөн сыяктуу!

Сен да, мен да эминени көрбөдүк,
Көп нерсеге көнүп, бирде көнбөдүк.
Көбү өзгөрдү... Өмүрүмдө сен калдың,
Күн өз жүзүн өзгөртпөгөн өңдөнүп.

Кээде эзип жүрөгүмдү убай-муң...
Көтөрүлүп, бирде төмөн кулаймын.
Көрбөсөм да бар экениң билемин,
Бар экенин билген өңдүү Кудайдын.

40

Ойлонбойм да...
Ойлобойм да башканы.
Күтүүм чексиз: күндөр өтпөй баштады.
Мамыдагы күлүк болду убакыт,
Мага аалам сагынычтан сапсары.

Бир кылымдай күндүн бир кеч, бир таңы,
Бул сезимди батыра албайт ыр сабы.
Сендей жанды мендей сүйгөн жан билет,
Кандай болот сагынычтын султаны.

Асман сүйгөн, Асман берген белексиң,
Жан секетим, мага уш-шунча керексиң.
Ушул саатта мен бир сүрөт муңайган,
Ушул саатта сен не менен алексиң?

41

Аңтарылып ага айтсаң – сырың сыр;
Ага карап ыйласаң да – ыйың ый;
Сүйүү деген – ал: тил жеткис кудурет,
Ага арнап ырдасаң да – ырың ыр!

Кооз ырларга көп койкоңдоп калемим,
Көп жазыпмын көрбөй туруп данегин...
Сенин көзүң таап берди өзүмдү,
Жан секетим, карегиңде дарегим.

Өтөт өмүр түртүлүп да, тартылып,
Ыр артынып, ырга барам артылып.
Максат эмес: акын болуум, ыр жазуум,
мен өзүңө бүтсөм болду айтылып.

42

Ичи-сырты бирдей сулуу – аруусуң,
Секетимсиң, сен жанымдын – жанысың.
Башаттайсың, башталган да жериң жок,
Анан дагы ар ирмемде жаңысың.

Мен турган жер – төр, же мейли босого,
Кандай кылсаң кайыл жанмын ошого.
Жүрөгүмө көз да бердиң, тил бердиң –
Сени көрүп, сени айтып жашоого.

Келсем дагы майданында таймаштын,
Мен өзүмдү бир да таанып албапмын.
Таалайымды таанытар – сен, табар – сен
Тарта да бер, түртө да бер, ал – бактым!

43

Кудурети, кубанычы, шаңы бар,
Ушул күнү эң сонундун баары бар.
Эки аягым алып учкан кош канат,
Сен бар үчүн кандай сонун жаады кар.

Жүрөк жүрөт жүрөгүмдүн ичинде,
Сага болгон махабатым күчүндө!
Көкүрөгүм ай-ааламга айланып,
Көр тирилик айланууда күкүмгө.

Кандай сулуу экөөбүздүн доорубуз,
Тең келбестир буга башка замандар.
Сен бар үчүн – көчө көрктүү, шаар сулуу,
Сен бар үчүн – кандай жакшы адамдар.

Барсаң деле, келсең деле өйдөлөп,
Бакыт өзү эң бийикте өңдөнөт.
Аруулуктун ата-энеси – ак сүйүү
ага эркелеп, сен – наристе, мен – бөбөк.

44

Сага жетпей сагыр калып жолдорум,
Сагынычка билдим жүрөк толгонун.
Антсе дагы алоо бүркүп, Ай чапчып,
Аласалды, аңтарылды ойлорум.

Бир селейип, бирде туруп дилдиреп,
Бирде тынчып, бирде ташып дүңгүрөп.
Менин сүйүүм мага маалым миң шүгүр,
Мен кандаймын, сенден жакшы ким билет?

Биз – бирөөбүз! Билбейм, балким экөөбүз?
Биз – жалгызбыз, кошпуз, балким жекебиз.

Биз секетим – эки тоодо күйгөн от –
бириккенде өрткө айланып кетебиз.

Сен экөөбүз – кошулбаган кош булак,
Сагынычтын тамчысынан ыр курап.
Комуз бейне кооз асканы жаңыртып –
Кошулганда күү болобуз шыңгырап.

45

Сен жок кезде – бир маанисиз караанмын,
Сен бар кезде – от, суу, аба, шамалмын.
Жүрөм жашап көктө Кудай бар үчүн,
Жүрөгүмдө сен бар үчүн – адаммын!

Сен бар жерде – эмне десең ошо бар,
Бакыт, үмүт, кайгы, шаттык кошо бар.
Билбейм, билбейм, улуу экен бул сүйүү,
Биз жок болсок, эмне деген жашоо ал?

Сен экөөбүз жок жерлерде – капалык.
Сен экөөбүз бар жерлерде – жан жыргайт.
Түнкү асманда Ай, жылдыздар күлүшүп,
Сен экөөбүз бар жерлерде – балбылдайт.

46

Эркелетсе кээ бир кечте, таңдарда,
зор калаанын жели желпип чачтарың:
аяр барып алаканым аста-аста,
асыл жаным, менин сылап жатканым.

Бейпил жааган жумшак, таза, аппак кар,
кирпигиңе, эриниңе тийсе эгер:

мелмилдеген, муздак дагы, жылуу да,
менин эрдим өөп кетти деп биле бер.

Терезеңден толукшуса Ай карап,
сага тойбой карап турган ал да мен.
Күн шооласы көкүрөгүң өпсө эгер:
күйүп жатам өрт сүйүүгө анда мен...

47

Кездер болгон – башка капа үйүлгөн,
Кездер болгон – бардыгынан түңүлгөн.
Таңды тостум сен жашаган дүйнөдө –
тагдырыма ыраазымын бүгүн мен.

Ооба, мендей бактылуунун тагдыры:
агарган таң, жаздын таза жамгыры.
Жылуу, жумшак не урунса жүрөккө,
Сен, сен болуп сезилүүдө бардыгы.

Жан секетим, Күнүм, алыс-жакыным,
Жүрөгүмө бийлик кылып жашырын:
ыроолодуң мага сонун ааламды,
ырдаттырган, ыр жаздырган, асылым.

48

Оо, сени чүрөк дешсин, пери дешсин,
Сен чындап ошолордон кем эмессиң!
Сезгеним, ынанганым ушул болду –
мен сүйгөн көп кыздардын бири эмессиң!

Кай бирде далбастасам карашалай,
Сен карап тургансыйсың тамашалай...

Азыр мен күйүп кетем сени көрсөм,
Алоого ыргып түшкөн тарашадай.

Жүгүрсөм, учсам дагы жетпечүдөй,
Жүткүнүп катып калган эстеликтей.
Азыр мен сага умтулган боюнча эле,
турамын келбечүдөй, кетпечүдөй...

49

Сыртта – нөшөр, ичим – алоо, ак жалын...
Бууган каптай – бугум, кусам, арманым.
Букулдап бир ыйлап ала жаздадым,
Өзүмдү араң кармадым.

Качан толгон мынча куса, арманым?
Каап, эсте жок, качан жалгыз калгамын?
Турмушумда сен меники эмессиң,
Туталандым...
Өзүмдү араң кармадым.

Карманбасам неге жетмек дарманым?!
Тайгак тагдыр...
Андан эчак тайгамын.

Жар кырынан кайтып келдим бүгүн да,
Жаным, өзүң кармадың!

50

Сен өңдөнүп менин дайын-дарегим,
Мен өзүмдү сенден издеп келемин.
Мен сен үчүн – көп адамдын биримин,
Сен мен үчүн – көрөр көзүм, карегим.

Сен өңдөнүп учар, конор түнөгүм,
Сезимдерде кайкып учуп жүрөмүн.
Мен сен үчүн – ашык болгон да бирөө,
Сен мен үчүн – көөдөндөгү жүрөгүм.

Кайыл жанмын калган өмүр бүткөнчө,
Жүрөк жүзгө, жаным миңге бүктөлсө.
Жалгыз сенин көңүлүңдө, эркиңде –
жашоодогу мен самаган бүт нерсе.

51

Толкунуңа, куюнуңа сапырып,
Бир жарк этип, кайра көпкө жашынып.
Ай чырайым!
Өрттөйсүңбү саргайтып,
Аз убакта кусалыкка батырып?!

Дилдиреген, үлбүрөгөн, аялуу
сезимдерден жанга айланып санаалуу...
Смартфондон сөзүңдү издеп күймөлөм,
Спартанын жоокериндей жаралуу.

Жаным сенден талап кылбайм, ашынбайм,
Бирок сенден сезимимди жашырбайм.
Сен жөнүндө ырдап алсам – токтобойм;
Сен жөнүндө ыйлап алсам – басылбайм!

52

Тагдыр менин уккан өңдүү зарымды,
Таалайыма сендей аруу табылды.
Эңсеп, күтүп, издеп, чаңкап жашадым,
Сезген окшойм бул дүйнөдө барыңды.

Айым, Күнүм, аруу, таза татынам!
Жалбаргандан башка неге батынам?
Бир керемет өмүр менде башталды,
Күнү айга, айы жылга татыган.

Талпындырдың тайгаланган жеримен...
Жандым кайра жан дүйнөңдүн деминен.
Мээрим төксөң, сезим берсең, күч алып,
Мезгилдерге баш бербеймин эми мен!

53

Оо, периштем, сага алкыш, ырахмат!
Суранарым: кете көрбө ыраактап!
Сен бар үчүн – дүйнө көрктүү мен үчүн,
Сен бар үчүн – жашоо чексиз ырахат!

Көзүңдөн нур, сөзүңдөн ыр төгүлөт...
Карегиңе каректерим чөмүлөт.
Ыйлачу эле, туйлачу эле көбүрөөк,
Көрсө, жүрөк сени издеген көрүнөт.

Бүчүрүнөн жаңы ачкан гүлдөйсүң,
Жыпар чачып дагы канча бүрдөйсүң?
Мен өзүмдү сага төшөйм, ийилем,
Сен өзүңдүн асылдыгың билбейсиң...

54

Өмүр – жалгыз, сен да – жалгыз, мен – жалгыз,
Баары – жалгыз, кайталангыс арманбыз.
Кеткен кетет, келген келет дүйнөдө,
Кетсек эгер кездешмекпиз кайдан биз?!

Мен да ойлоп, сен да ойлоп ушуну –
Мен жашырбай, сен качырбай кушуңу.
Талпынабыз бирибизге бирибиз –
Түндүн кыска, Күндүн кыйнап узуну.

Билбейм, арман, буга кандай демекпиз?!
Бирге дагы, бөлөк дагы эмеспиз.
Анткен менен аруу, назик, аялуу
сезимдерди сакташ үчүн керекпиз.

55

Көр тирликти көздөрүмө таңылган,
Көзөп өткөн чагылган –
Ушул күндөр.
Сени таанып, сен багыма табылган.
Бар болгонуң жетет мага, жайдарым,
Орун таба албасам да жаныңдан.

Сенде көктөм – бүрдөп жыпар гүл ачкан,
Буулуктурдуң, бурак жан!..
Көктөмүңдөн көрктөнүп мен алайын,
Көздөрүңдүн учкунунан жанайын,
Көп жол басып чарчап келдим ыраактан...

Сенде булак – шыңгыр каккан мөлтүрөк;
Сенде баары – нени келсем мен тилеп;
Сезим берчи, мээрим төкчү, дем берчи –
Сенин барың жашагымды келтирет!

56

Буга чейин келдим жашап дүрбөлөң,
Мындан ары билбейм, кандай күн көрөм?

Кетким келбейт, кечким келбейт баары бир,
Кер маралдай сен жашаган дүйнөдөн.

Кабагымдан булуттарды айдаган,
качан болсо жан дүйнөмдү жандаган:
сенин демиң, сенин жаркын мээримиң –
селге агып баратсам да кармаган.

Сен – чексизсиң, сен – ааламсың бир мүлдө!
Сен бар үчүн – миң жашаймын бир күндө.
Сен бар үчүн – эрке, тентек бул жашоо,
Сен болбосоң жетим калмак бул дүйнө.

57

Кудуңдаймын ыр арнасам өзүңө,
Кубанычтын жашы айланып көзүмө.
Бак көтөрүп арман менен оролгон,
Бара жатам мен да өмүрдүн өрүнө.

Сен да, мен да кездешпөөнү жөн көрүп,
чечсек дагы... Кетет жаным термелип.
Арасынан көчө толгон көп элдин,
Азыр сени көрө калчу өңдөнүп.

Жерге түшпөй, же учалбай көкөлөп,
Бир сезимди ымыркайдай бөпөлөп.
Жүрөм, секет, күлөм, бирде томсором,
Жүз бөлүнгөн ойлорумду жетелеп...

Өкүнбөймүн уйку качкан түндөргө,
Өзү уктап калат бир күн бул дүйнө.
Өкүнөмүн: өзүң да жок, сүйүү жок,
өтүп кеткен аркадагы күндөргө.

# ПОЭМАЛАР



## ОШОЛ ЖАШТЫК

*(автобиографиялык поэма)*

1

Таң атып, кеч киргендей, суу аккандай,
чөп өсүп, шамал согуп, куш учкандай –
бул сыяктуу дагы көп мисалдардай:
Адамдын да өзүнүн турмушу бар,
аракети, амалы, жумушу – ал,
Маселен, мен маминтип ыр жазгандай.

Жашоодо ушундай бир учур болот:
Эсте калат, жарашат кылсаң жомок,
Же кубаныч, же арман, же сагыныч,
же кусалык, же өкүт, же таарыныч –
айтор, сени таасирлер калат ороп.
Ошондой бир кездерди баян курам,
Сиз – окуучум, не дейсиз анан буган?
Оңбогон бир иш тура жазмакерлик,
“Окубай да коёт”, – деп күмөн тууган.
(Ойлогондо ошону араң турам).

2

Жашым жаңы он төрттүн эсебинде,
Жалт-жалт карап апамды – кетеримде.
Жан боорумдай айлымдан чыктым шаарга,
Жалаң жашыл кыялдын жетегинде.
Эми ойлосом, Элмирбек эмес, анда
“Элирбектин” нак өзү экемин ээ?..

Жол кирече жеткидей акчам да жок;
Жоон-жолпу колумда калтам да жок;

Эки көйнөк салынган портфелим бар;
Эки жука ыр жазган дептерим бар;
– Жетет ушул, кетем! – деп, туруп алдым,
Жемесин эжекемдин угуп алдым.

Бийиктерден жылт эткен кыялдарым
бийлик кылды. Эч аны тыялбадым.
– Апам дагы, сен дагы эсиңер жок...
Абдиев да эмне дейт? Бетиңер жок...
Уят! – деди эжекем. Уялбадым.
– Акыр түбү Бишкекке барам, – дедим,
– Аласабыз бар эле, кайнагаңыз
Абдыбайдан ошону алам! – дедим.
(Маркум куда ал жылы тирүү болчу,
Райондук борбордо үйү болчу,
"Сатылганда акчасын ал", – деп кеткен,
Таянганым төрт койдун жүнү болчу).

Турбаган соң, дапдаяр колдо баары,
Туура беш күн, беш түнүм жолдо калды.
Арып-азып шаарга да жеткен экем,
Андан дагы калганы эсте бекем:
Жуунуп шаардын аппак ваннасына –
жуулуп балалыгым кеткен экен.
Ванна, унитаз, күзгү – мен карап ага,
Карап ага заматта таппай калдым,
Кайда калды баёо бир кара бала?..
Балалыкты Ак-Жарда баткак кеччү,
Баарын жууп салган го, аппак тепши?

Атаң көрү, шаар деген – шаар экен да!
Шаардын чоңу болбойт эй... Тар экен да.

Түк бир-бирин таанымбас адамдарга:
"Түртүшкүлө!" – деп курган жай экен да.
Салам айтсаң улууга: – Ким элең? – дейт...
Сакалдуусу деле "бир жан" экен да.
Эки "Волга" айдаган шаардыгыңдан,
Эшек минген айылдык бай экен да.

Шаар дегениң, оо, көрсө, шаар экен да!
"Шаардык" деген бир байкуш жан экен да.
Байсак, Ырыс өңдөнгөн ынак таппай;
Минүүгө эмес, көрүүгө бир ат таппай;
Жата калып шимирген булак таппай;
Шаар дегениң... кокуй күн, шаар экен да!
Чоң шаар деген болбойт эй... Тар экен да.

Айлым келет эсиме сыздап анан,
Андагыдай сагыныч кыйнабаган.
Агалар бар: Мурадил, Сардар деген –
алар уктап калганда... Ыйлап алам.

Балалыктын андагы кызыгы ай...
Баткан Күндүн артында кызылындай.

3

Тууганбай – Туу. Мен келдим туу жанына,
Он ай толот, санасам туура мына.
Ошондо да сүрүнө көнө албадым;
Ойдогудай "төгүлүп" бералбадым;
"Акын болом", – деп келген эмес белем...
Андай болсо, өзүмдү неге алдадым?

Түшүмдө эле көрчү элем... түрүн кара!..
Үнүн тыңша... үнүчү... сүрүн кара!..

Атам маркум көп айткан... ичке-сайлык...
Атам: “А-айт!..” деп, коштогон – ошол кайрык!
Көөдөн толгон коңур үн, мага тааныш,
Радио... “Курманбек”... “Жаныш Байыш”...
Ушул комуз экен да... ушул комуз...
Ошол добуш экен да... ошол добуш...
Карашы да башкача... сүйлөшү да...
Кандай бакыт – ушундай акын болуш!.

Ленин проспектиси, отуз алты,
Он бир эле, сөзүмдүн жоктур калпы.
Ал даректи унутпайм: Абдиевдей,
Абдиевдей жашаган акын алпы.
Кубанычбек, Шекербек, Азат маркум –
төртөөбүздүн ал жерде station издер калды.
Тууганбайдын балдары болуп жүрдүк –
туурдан эрте учушкан балдар жалпы.

Шаарда эмне жок?! Карасаң турат баары:
бийик тамдар, дүкөндөр, кооз көчөлөр,
түнү бою жаркырап чырактары.
Кыналышса кыз-жигит эл көзүнчө,
кыжынчумун: “Жокпу? – деп, – Уяттары!”
(Кирдей түшчү көңүлүм ал жосунга,
Кийинчерээк кайра аны кубаттады).

Ал күндөр бир өзүнчө тарых болчу,
Ойлор – балык, кыялдар кайык болчу.
Качан барсак үйүнө Абдиевдин,
Кабак-кашы жайдаңдап жарык болчу.
“Тим жүргүлө, балдар!” – деп, кээде гана,
Тизгинибиз бошосо, кагып койчу…

“Тирикарак кенжеси – сен”, – деп мени,
Тигилердин артынан салып койчу.
Жүлжүгүй көз Азат дос болбой эле,
“Жүз граммдан” бекинип алып койчу.

Ырайыбыз төрт бөлөк – төртөөбүздүн;
Кыялыбыз төрт бөлөк – төртөөбүздүн;
Азат достун мүнөзү – чалкеш эле,
айырмасын аңдабай дөңсөө, түздүн;
Кубанычбек – кууланып кыйын болчу,
курсагы ачса көбүн жеп бөлкөбүздүн;
Шекербек дос – жоголуп көптө келчү,
чечүүчүдөй тагдырын өлкөбүздүн.

А өзүмчү? Мен эмне жөн өлөмбү?
Амантайдан үйрөнүп көп өнөрдү...
Качып чыгып көрүнбөй беркилерге,
Каттачумун мектепте селкилерге.

Чоң кишидей турмушту сындачумун,
Чоктой күйгөн ырларды ырдачумун.
“Ар экинчи ырында сүйүү бар”, – деп,
Абдиев да көп айтчу: “Элмирбекте
айтышса тил, ырдаса үнү бар”, – деп.
“Эки көзү кыздарда, кысталактын,
эрте катын алчудай түрү бар”, – деп.

4

Кагылайын, жашчылык – кандай кызык?!
Качан кайра болмокчу – андай кызык?!
Жашчылыкта ырдайсың асыл ырды,
Жанга кумар, жаз жыпар жашыл ырды.

Өпкөң көөп, өрөпкүп ойгоносуң,
Өпкөн болсоң түшүңдө ашыгыңды.
Жолдон чыгып таскактап туруу – адат,
Жоошутканча куу турмуш басыгыңды...
Ушул жаман жүрөгүң улам анан,
Уга баштайт башыңда акылыңды.

Кагылайын, жашчылык, кандай улук?
Балдай таттуу, кардай ак, суудай тунук.
Жаштык – кайрат, жаштык – дем,
жаштык – жалын,
Жыгылсаң да, күлөсүң кайра туруп.
Көкүрөгүң күн сайын толкуп турат,
Көк деңизге жаткандай дайра куюп.
Көрдүм мен да аз-көппү ошол сыйдан,
Көр тирликке калганча моюн сунуп.

Жеңиш күсөп – билбедим жеңилүүнү,
Чайпалганда билбедим төгүлүүнү.
Бир туугандай сезилип курбуларым,
Бийик чыгып баарынан көңүл үнү.
Өктөм кезде делөөрүп мен да далай,
Өрткө таштап сынадым өмүрүмдү.

Оңбогондой жаштыгым күйүп-жанып.
Он алтымда үйлөндүм ойлонбостон,
Оң келген бир селкини сүйүп калып.
Ажайып түн сүрүлүп, таң аткандай,
Аралдары эңсөөнүн жанашкандай.
Жалын сезим, азгырык кыял менен –
жаннат болуп бул дүйнө бараткандай.

Окшоп кетчү ал анда үр кызына.
Үр кызына арналган ошол сүйүүм –
Бешик болду аздан соң тун кызыма.
Махабатты, жаштыкты чөгөлөттүм,
Наристемдин жытына, жылдызына.

Бир көрүнүп караанды ыраактаган,
Бир кездерим калды артта кылактаган.
Каттар калды тытылып киши колдуу –
канча кыздын сезимин ызааттаган.
Жаштык баркын алешем көрөт окшойт,
Жаштык кезди жаштарча узатпаган...
Андан бери көп жылдар өтсө дагы,
Ал күндөргө азыр да сызат санаам.
Мейли, өкүнбөйм, мезгилдер төрөп берген,
Мен жаштыктын перзенти сыяктанам.

Кайран жаштык, кайрылбас арман жаштык:
азилдештик, сырдаштык, армандаштык!
Өткүндөй бир шатырап – төктү жаштык!
Өрт өңдүү бир чатырап – өчтү жаштык!
Өмүрдүн эртеңине шаша берип,
Өкүнүч, муңдан башка эмне таптык?..

* * *

Карыганда кайтарса эгер Эгем,
Карызга мен жаштыкты берер элем:
Учурунда кор тутуп албас үчүн;
Улгайганда өкүнүп калбас үчүн.

## ЧОЛПОН

*(поэма)*

1

Бул дүйнөгө таразадай калыс, так,
Эки башын эки жээкке табыштап.
Көпүрөлөр турган үчүн, өйүздөр
бир-биринен кете алышпайт алыстап.
Бирок ошол көпүрөлөр кадырын,
Кай бирөөлөр билишеби, табышмак?
Ар бир тарых – бул жашоого зор сабак,
Анда, досум, адилет чеч, калыс бак!

Тенир алгач жасап болуп адамды,
жалгыз ага кыйды бүтүн ааламды.
Антсе деле Адам үчүн бул дүйнө,
боло берди – супсак, кунсуз, караңгы.
Көрсө ага керек эле махабат,
мына ошондо жаратышты аялды.
Мен да бүгүн сөз дүрмөтүм жетишсе,
Махабаттан айтып берем баянды.

Биздин КМУУ... Баласагын атында,
Кел, чаңкасаң илим, билим, акылга!
Азап, жыргал, зачет, майрам, ыр, сыр, чыр,
Алыш-бериш, коюш, союш башында.
Жылда жаңы достор, жаштар, көңүлдүү,
сулуу кыздар суйсалышып кашында…
Депутаттын кызы келип кошулган,
(аты Чолпон) бул окууга жакында.

Балким катуу депутаттын талабы?
же мыкты жан депутаттын аялы?

Айтор, жетик тарбияны айткансыйт,
Чолпон кыздын жаркылдаган кабагы.
Узун чачы, кийингени адептүү,
жанга сүйкүм жамалы.

Ар бир жаштын максаты бар издеген,
Биз – филфакта (тил менен).
Ал – юрфакта (атакеси басып өткөн из менен).
Бардыгынын Чолпон түшпөйт оозунан,
баарлашпагын ким менен!
Ашыктардын бири – биздин Жанарбек,
Анда, окурман, дидарлаш бол биз менен.

Бул Чолпонго ашыктыгын айталбай.
белек берген, кафелерге чакырган,
бай балдардын далдаасында байкалбай.
акыл эмес акча чечкен замана –
Жанарбекке жолтоо болду шайтандай.
Ашык болуп сыртынан,
калып жүрөт уйкудан.

Ал деп эле турган өңдүү туш тарап,
айланадан кызганат.
Көптөн бошоп, качан жалгыз болгондо,
Көкүрөгү түтөйт мындай ойлорго:
«Сен – периште, көп го сени сүйгөндөр,
Башы катып, батына албай күйгөндөр,
Гүлдөр, сыйлар, кур убада, амалдар,
Депутаттын кызы дешип жүргөндөр.
Сен асылсың! Бирок аны билеби,
Депутаттын кызы дешип билгендер?!

Жаным Чолпон, айым Чолпон, чолпонум!
Сени ойлоп: жыргайм, кыйбайм, коркомун...
Бул заманда кызы болсоң эмине?
Жогорку эмес, жок дегенде ортонун".

"Пул замана", "Кул замана" – заман" – деп,
заманасы куурулганда Жанарбек:
"Мен Чолпонго тең эмесмин!" – деп коркот.
"Кокус андан угуп калам жаман кеп.
Ар жок менде, ашык болот имишмин,
андан көрө ойлойт бекен адам деп?"

Түмөн ойдон түтөп жатып кечинде,
келди мындай чечимге:
"Эртең ага салам айтып көрөйүн,
эч болбосо калат чыгар эсинде.
жок дегенде ушул ишке жарайын,
көзүн карап, үнүн угуп алайын".

Деген менен кантип таңды атырды?
Эртең көрөт – Чолпон деген асылды;
Эртең угат – жан туйлаткан музаны;
Эртең туят – жан кыйнаткан кусаны;
Эртең айтат – балапандай бир сөздү,
бар ааламды батыра албай кучагы!
( Ушул сезим – биз билбеген дүйнөбү?..
Аруу затпы, алааматпы, кусабы?
Жин-шайтанбы, периштеби, ким деги?
Жер силкинткен бул суроого жоопту,
биз сыяктуу Жанарбек да билбеди).

2

Бөтөнчө таң – нурга толгон чачырап.
Кумарыңды ашырат.
Аруу максат, назик кыял, ой сонун.
"Кечигесиң, келди бактың – Чолпонуң!
Жөнө, Жакы, жөнө эртерээк, батыраак!" –
деген өңдүү табият да мындайда
ичте жаткан сагынычты асырайт.

"Чамда Жакы!
Чамда эртерээк, батыраак!
Махабатсыз мааниси жок жаш убак.
Бықшыганча күйгөн жакшы чатырап.
Муну да бил:
махабат гүл, Жакытай,
өмүрүңдүн күндүзүндө ачылат", –
деген сезим тээ түпкүрдөн удургуп,
бара жатты катуулап!
Ал ансайын элеп-желеп Жанарбек,
Чолпон келчү жолду карап ашыгат.

"Мына азыр кезигем!"
(ойлоп алып тана түшөт эсинен).
"Салам айтам, алик алат Чолпон кыз,
от чачырап көзүнөн.
Карашынан сүрдөп, жаным жай таппай,
Кантем, кайда бекинем?
Алоосуна каптап кетсе өрт болуп,
аны кантип өчүрөм?"

Оо, махабат, садагасы атыңдан!
Сага кимдер тике карап батынган?

Сен бар жерде – картайгандар жашарып,
сен бар жерде – хандын каары басылган.
Сен бар жерде – жашылданып куу тикен,
сен бар жерде – ажал жүзүн жашырган!

Күтүүнүн да болот окшойт акыры,
Мына, мына, келе жатат ашыгы.
Аялзаттын эң сулуусу – ушул кыз,
балким сөздүн ачыгы.
Кавсар суусу агып келе жаткандай –
Чолпон кыздын басыгы.
(Муну окурман көрөсүң,
Сен да балким көнөсүң).

Ак мерседес шарт ачылып, ал чыгып,
Керилет оов, келаткандай Ай чыгып!
Мүнөзү ай, зыңгыраган темирдей,
мүчөсү ий, солкулдаган тал чыбык!
Така тык-тык, элүүнчү мык тим эле,
ал баскан жер жүрөк болуп жанчылып.
Жанындагы курбу кызы эбиреп:
( Аты – Делбир, жандап жүрөт көбүрөөк.
Эриккенде эрмек кылат көрүнөт).
– Чолпон, Чолп-о-о-н, ты помнишь баягы,
Пансионатка келген казак баланы?
Жоодур Чолпон жооп кылгандай карады...
Тык-тык басып, кыт-кыт күлүп келишти,
үзүл-кесил сөздөрүнүн аягы.

Айтты Жакы, айтчу салам айтылмак,
Асылзаада алик алды жаркылдап.

Жанарбектин сезимдери жанар тоо –
көк деңизден көтөрүлгөн ак толкун
көкүрөктөн өткөн өңдүү шарпылдап.
Бир саамга туна түшүп кулагы,
бир башкача болуп чыкты ыраңы.
Башын буруп басар кезде тепкичти,
байкуш Жакы буту тайып кулады.
Тез ийилип сүйөп калды Чолпон кыз,
тетик неме текке карап турабы:
– Каап, байке, абайлабайт белеңиз,
катуу тийип калды окшойт денеңиз? –
деп перизат өйдө тартты колунан,
Делбир дагы жардамдашты соңунан.
Жакы үчүн ушул учур билгенге
жаман эле оорудан,
ортосунда уят менен аёонун
жер козголуп кеткен өңдүү огунан.
– Тү-үй... Ырахмат! – деген болду калдастап,
туруп эптеп ордунан:
– Атыңыз ким?.. Менин атым Жанарбек.
Сиз бар болуп ишим чыкты оңунан,
Антпегенде болмок экен жаман кеп.
Араң туруп таанышканга үлгүрдү:
айласынын жогунан
же жүрөгү шогунан.

Бали Жакы, ушул баатырлыгыңа,
жаштык дайым көнө бербейт ыгыңа.
Махабаттан табыш үчүн таяныч –
махабатка билиш керек жыгыла.

Ушул учур,ушул алгач таанышуу:
ууз сезимдин улуу отту жагышы.
Өз оозунан атын уктуң Чолпондун,
Кандай экен периштенин дабышы?
Эми сени ээрчип жүрөт дайын бол:
азап, жыргал, арман, кыял – баарысы.
Сен канчалык максатыңа умтулсаң,
сенден ыкчам жаштыгыңдын арышы.
Биздин дагы башыбыздан өтүүдө,
билинбестен мезгил менен жарышуу.
бирок кийин таппай калдык сендеги –
жүрөк менен мүнөттөрдү так ушу.

3

Чолпон үчүн ал окуя, ал күнү,
Өтсө дагы эң жөнөкөй, күлкүлүү:
Тарай берди билинбестен боюна,
Тааныш эмес сезимдердин “дүркүрү".
Жанарбектин каректери от чачып,
Карап эле тургансыйт да күн-түнү.
Бул эмнеси?
(Чочуркаба, аруу кыз…
Куттуктайбыз! Бул – сүйүү!
Бул – тун сүйүү!)

“Коштошордо койгонучу кол кысып,
Жалт караштык... эмне сыр бар?.. Ой, кызык!..
(Ооба, кызык… Кызык боло баштайсың;
Оттон дагы ысык боло баштайсың;
Суудан дагы тунук боло баштайсың;

Булуттан да бийик боло баштайсың;
Эми өзүңдү жерден издеп таппайсың).

Андан бери алтын болуп Күн батып,
Күмүш болуп таң атты.
Кыз чөмүлүп кыялдарга канаттуу.
Ансыз деле назик эле Чолпон кыз,
Андан бетер наздуу болуп баратты.
Арууланую, жаңылануу, жакшыруу –
алмустактан ашыктарга караштуу.

Андан бери канча ирет кездешип,
Кайчы өтүшсө кадамдарын тездетип.
Ооз учунан учурашкан болушат,
Ой-кыялдар оттой күйүп, дегдетип.
Эрке кыял сезимдердин бешиги –
эки жашты эки жакта терметип.

Жалгыз кызы – депутаттын чырагы,
Жандай көргөн сүймөнчүгү, ынагы.
Эми минтип бой жеткени кызынын,
Эне атаны көп ойлонткон убагы.
«Өзүбүздөй тектүү жерден, байбиче,
Куда күтсөк туура болот... Туурабы?» –
деп депутат сөз ыргыткан кездерин,
Чолпон кыздын көп чалчу эле кулагы.
Жанарбекти көргөн күндөн бер карай,
Жаш сулууну ойлондурат бу дагы.

Биздин Жакы – эң жөнөкөй бир жигит,
Эки бети элеттигин билдирип.

Кызды көрсө ого бетер кызарып,
Кызыл алма болуп кетет сүрдүгүп.
Шашмалыгын канча жолу байкаткан,
Шаардык кызды мыйыгынан күлдүрүп.

Анткен менен чек ара жок сүйүүдө,
Селки жаны үн чыгарбай күйүүдө.
Каалаганым даяр деген турмушу –
каңгырады бош челектей бу күндө.
Үр кыз эмес, үкү багып алгандай –
Үч кабаттуу депутаттын үйүндө.
Таңды күткөн чолпон жылдыз сыңары,
Бир терезе өчпөй калат түнүндө.

Чолпон айнек – жанып турат түн бою,
Айнек Чолпон – жанып турат күн бою.
Чоочуп кетет апакеси чакырса,
Чолпон кыздын Жанарбекте мүлдө ою.
Эне-атасы «Укта!» десе, уктабайт,
Уйку менен урушкандай бир жолу.
Түн күзөткөн ушул жалгыз терезе –
түшүнгөнгө жалгыздыктын символу.

Күлүк мезгил: күндөр айга созулду.
Күндө өчпөгөн терезенин жанына,
Түндө өчпөгөн бир терезе кошулду.
Бирок анда шайлоо бузган уйкусун,
Чолпон кыздын атакеси отурду.

Бечарага беш күн кэзде беш кылым,
Бектер үчүн – беш күн окшойт беш жылың…

Демин жыйып калбайт экен эч убак,
Депутаттар: “Болом, – дешет: – депутат”.
(Парламенттен башка жумуш түгөнүп,
Папка кармап өтөм дейби түбөлүк?..
Депутаттар камданышты шайлоого,
Декабрда жааган кардай күрөлүп).

4

“Шайлоо!” – дешип аска-зоолор, талаалар,
“Шайлоо!” – дешип айыл-кыштак, калаалар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун бир гана,
Шайлоо өткөрүп сактагандай бабалар.

“Шайлоо!” – дешип, шаан-шөкөттөр баш жарып,
Шанаңдаган эргулдар бүт аттанып.
Шалбыраган байкуш элдин шымында,
“Шайлоо!” – деген кагаз жүрдү чапталып.

Шайлоо жокто бир да басып келе элек,
“Шайлоо-Бектер” шаар, кыштакты тебелеп,
Шалмандар да «патриотмун!» – деп жатты,
Шайлообектин[1] ырын окуп эжелеп.

Катын-калач, кары-жашта тирешүү,
Кандай «кызык» – шайлоо деген күрөшүү!
“Кайф” келаткан аракечке жалдырайт –
камоктогу кандидаттын сүрөтү.

Кай бирөөлөр көрүп алып акчаны,
Кармап жүрсө абийирлерин сатканы.

[1] Шайлообек Дүйшеев

Карыялар «кереметтүү түш» көрүп,
Катындардын «көзү ачыла» баштады.

"Ким келсе да бир аз пулун алам", – деп,
«Сен мыктысың калгандары жаман», – деп.
«Түшүмдө сен минип жүрдүң акбоз ат,
бул шайлоодо сен утасың, балам», – деп.

Жалгыз сөзүн баарына айтып кыйылбай,
Жалган мактап апендинин кызындай.
Пенсионер шакылдатат батасын,
Пионердин жаттап алган ырындай.

Бир аймакта бештен, ондон талапкер,
Бир мандатты талашканын карап көр.
Бир үй-бүлө беш бөлүндү, шумдук ай!
Билген жанга мансап барда азап жер!

Ким билбесин шайлоо деген жүрүштү?!
Мындай чакта элдин баары – үгүтчү.
Ошол кызмат алып кетти айылга,
Оттой күйгөн Жанарбектей жигитти.

**5**

Өткүр, өжөр мүнөзүнөн жанбаган,
Керисинен Кежир-Алптай тайбаган.
Калган жагын билбейм, бирок капчыгы –
кандидаттын бирин алга салбаган.
Чолпон кыздын атакеси Баратов –
Жанарбектин кандидаты – тандаган.
*(уландысы бар)*[2]

---

[2] Автор поэманы аягына чыгарууга үлгүрбөй калган.



## ЫР КУРАК

* * *

Карасам канбай көркүңө,
Кабылдым сезим өртүнө.

* * *

Көз жашка толду жүрөгүм,
Үшкүрүк жутуп жүрөмүн.

* * *

Сүрөтүңдү тарта алсам асманга,
Даяр элем кылым карап жатканга.

* * *

Өрттөсөң – өрттөнөмүн,
Өрт өңдүү жүрөгүмдө өчпөгөнүм!

* * *

Сүйүүнүн да ичтен ысык алабы,
Сүйлөй берсе, анык муздап калары.

* * *

Жыргал жан – жыпар мончок, көздөрү ойноок,
Жылдызыңа кумарым качан тоймок?

* * *

Секет, секет, сен – секет.
Сен – автобус, мен – бекет.

* * *

Сары кыз сени көргөндө,
Сакалын кыркат чал дагы.

* * *

Ажарың гүлдөй роза,
Айткан ырың – проза.

* * *

Жигит – ысык алакан,
Кыз – андагы балапан.

* * *

Үшүгөн жүрөгүңдүн шүүдүрүмүн,
Көздөрүң күүдү бүгүн.

* * *

Көркүңдү көөмп – жабылган,
Көйнөгүңө таарынгам.

* * *

Кечте тапкан махабатыңды,
Таңда уурдатасың.

* * *

Кызарып бышкан алмасың.
Кыйындар көзүн салбасын,
Кызыгып үзүп албасын!

* * *

Сенин сүйүүң – канчалык,
Менин сүйүүм – ошончо.
Менин жаным каланган –
Сенин жаның коломто…

* * *

Өрттөнүп баратамын,
Куйкалап демиң сенин.
Ээ бербей эрежеге,
Эригим келет менин.

* * *

Байлангам, байланганмын,
Башка жок аргам, жаным.
Мен эмес, мен да кээде,
Мен сага айланганмын.

* * *

Жүрөгүмдө эмне бар?
Арбыныраак адам бар;
Азганакай пенде бар;
Арасында сен да бар.

* * *

Сырым жок балким сенден жашыргандай,
Ойдосуң, мен жөнүндө азыр кандай?
Ырдасам сен жөнүндө ыйлап-ыйлап,
Сезилем араң-араң басылгандай.

* * *

Ажарың, ар кыймылың, элестериң,
Эркелетип дайыма сени эстеймин.
Аскаларды аралап өтүп калсам,
Атыңды атап кыйкыргым келет менин.

**2013**

***Ош-Бишкек***

* * *

Бир комузга жөлөнүп сен экөөбүз,
Бир добушка шыңгырап күүлөнөбүз.
Бирөөлөргө түбөлүк угулууга,
Бир жашоодо чертилип үйрөнөбүз.

* * *

Ырдайсың.
Муңдайсың.
Уздайсың.
Муздайсың.
Сени жүрөм айланып,
Сен чекиттей жылбайсың!

* * *

Сен да – менсиң. Мен да – сенмин. Биргебиз.
Тунук сезим, таза сүйүү, дилдебиз.
Алыс – жакын. Жакын – алыс жашайбыз.
Жакшы ырда, жакшы тилек, тилдебиз.

* * *

Чындап сура, чындап жооп берейин,
Мындай сөзгө ишенбесең не дейин?!
Кубанчымды түртүп салып кургуйга,
Кубаласаң, кайра деле келейин...

* * *

Кээде сага ачпас сырды ачамын,
Азыр мына түндө жазып жатамын.
Сеникинен оор мүнөзү бар эле,
Менин дагы атамын…

Ал бүркөлсө аалам кошо бүркөлүп,
Ааламдагы алааматтар бир келип.
Анан биздин күндөр оорлой баштачу,
Айланада жакшы-жаман иргелип…

* * *

Жамандыкка мени эч бир кыйбасымсың,
Жанымсың, жарыгымсың, кымбатымсың.
Көрүшпөй жүргөн менен көздөрүмсүң,
Көңүлүмдү окуган – сырдашымсың.

Артыкпыз жубайлардан кыйла кээ бир,
Ашыкпыз алып учкан чиркин көңүл.
Бир сонун дүйнөлөрдү камтып турат,
Бир үйдө өтпөсө да биздин өмүр.

* * *

Асылым, сени күткөнчө күтөм.
Ашыгып, дегдеп, түткөнчө түтөм.
Чынардай жандан чычалам калып,
Чыркырап күйүп бүткөнчө күтөм.
Ак сүйүүм менен акыйкат издеп,
Асмандан Иса түшкөнчө күтөм.

* * *

Түндөй кара көзүң Күндөй!
Махабаттын көзү – жаным сеники!
Махабаттын өзү – жаным сеники!
Махабаттын жыты – жаным сеники!
Мына азыр кучагымда турасың,
Мунун баары – меники!

**03.03.2012**

* * *

Кызга арнап канча сүйүүмдү,
Кызгалдак тердим... күбүлдү.
Буулуккан кезде ырда деп,
Булбулга бердим тилимди.
Кулунчак минип жүгүргөн,
Кум чайкап кетти изимди.
Мектепте жакшы окубай,
Мээнеттен алдым билимди.

* * *

Кош данек көрсөң,
кош карегиңден жаш ыргып,
Кордугун жандан
ашырган кезде жалгыздык.
Бадалды көрсөң,
бир-бирин өскөн кучактап,
Баладан бетер
ыйлагың келет бышактап.
Оой, кыйын экен жалгыздык!..

* * *

Күкүктүн күмүш канаты,
Серпилгенде сени эстеп;
Шурусу шуудур жаш кайың,
Желпингенде сени эстеп;
Көңүлү сагыр баланын –
Көздөрүндөй коюлдум.
Көкүрөктүү бийкечтин –
Көйнөгүндөй чоюлдум.

* * *

Арылабай, бериле,
Жакындайлы, селкижан.
Таңдай менен тил болуп,
Такылдайлы, селкижан.
Бир сабакта буралган,
Гүл бололу, селкижан,
Тактаң менен октодой,
Бир бололу, селкижан.

* * *

Кытыгылап жаз келди,
Кыз-келинге наз берди.
Ошолордун деминен,
Ойкуштаймын эми мен.
Үзөңгүмдүн боосу,
Үзүлгөнчө теминем.
Кызыл-кызыл гүл терем,
Кыялдардын жээгинен.

* * *

Аялдай жоктур падыша,
Арстандан артык эр жүрөк.
Азгырма, сулуу, сезими өрт,
Албуут да, аяр жери көп.
Азыраак эле эс менен,
Аласалдырды мени көп...

* * *

Ойлоп кетем болгондо “анча-мынча”,
Эрди-катын бир-бирин капа кылса.
Кадырын билер беле бир-биринин –
Эркектерди эки күн эне кылса,
Аялдарды аз күнгө ата кылса.

**2008**
***Бишкек***

* * *

Эркекке кыйын болгондо –
дагы аял издешет.
Эркекке жакшы болгондо –
жаңы аял издешет.

* * *

Трактордой аркыраган жигитке,
Кыз жолугуп сыбызгыдай сызылган.
Ашык-машык болуп калды ал экөө,
Кандай сонун, кандай кызык бул дүйнө!

* * *

Апакай калпак мен кийип,
Атилас көйнөк сен кийип.
Качырга чегип араба,
Кашкарга кеттик, садага!

* * *

Лайли кызды сүйөмүн,
Лаззатына күйөмүн.
Ланги тээп жаткансып,
Лак-лак согот жүрөгүм.

* * *

Кыялга кымбат кыз ашык,
Кымбатын сөздүн улашып.
Жолугуу үчүн – коштошуп,
Кездешүү үчүн – узашып...

* * *

Түндөй кара кашыңда –
Күндөй мээрим жаркылдайт.
Чачыңызда жигиттер –
Чачпак болуп салпылдайт.

* * *

Кызгалдак өскөн талаага,
Кылчактап, кемпир, караба!
Кыз кезиң түшүп эсиңе,
Кыйнаба мени, садага!

* * *

Бейишим десем сени – жубайым,
Бейиштен кууйт мени Кудайым.
Тозогум десем сени – жубайым,
Тозокко айдайт мени Кудайым.

* * *

Карындаштын ажарын кантейин,
Катынымдын ажаанын кантейин.
Бирин карап – кадалып турам,
Бирин карап – камалып турам.

* * *

Өмүрдө көптөй мен да бир адам,
Өтүүдө баштан жакшы да, жаман.

* * *

Мен өзүмө батпай баратам,
Көксөгөнүм таппай баратам.

* * *

Артымда калган жылдарым –
Азабым менен жыргалым.

* * *

Отуз кыш, отуз жаш көрүп,
Ошону да турам аз көрүп.

* * *

Бир кыйла өмүрдү өткөрдүм,
Билбеймин канчалык өзгөрдүм?

* * *

Көздөрүңдөн кулап жаш,
Көпкө олтурдук, классташ.

* * *

Бар окшойт мында бир себеп,
Атырды гүлгө ким себет?

* * *

Күлдүргөн аалам, дүйнөнү,
Күндүн да бардыр сүйгөнү?..

* * *

Желиндейсиң сүтү жок,
Келиндейсиң тиши жок.

* * *

Көп бергенсип акылды,
Көп мыкчыба башыңды!..

* * *

Макалдуу сөз азайып,
Нахалдуу сөз көбөйдү.

* * *

Кырдан кыяк тарткандай...
Кыдырга кымкап жапкандай...

* * *

Тулпар жүгүн оордобойт,
Тууганды тууган кордобойт.

* * *

Эгерде мени көмүшсө,
Күрөк болор оюң бар.

* * *

Акыйкатты тааныган,
Айланайын жаныңан.

* * *

Рамкадан чыгамын,
Рамисти угамын!

* * *

Жакынга кылсаң кыянат,
Жакшы болбойт тыянак.

* * *

Ичип алган мас – жаман,
Иштебеген баш – жаман.

* * *

"Чечекейим суурup берер элем
Чекит кылса согушка", – деген энем.

* * *

Сөзүм – өзүм!
Сөзүм – көзүм!

* * *

Токойдон кымбат чырпыктай,
Тооктон кымбат чымчыктай.

* * *

Ыйла мейли, ыйлап алгын, ыйлагын,
Ый менен бир жуулганча ыйманың!

* * *

Мыйзамды жоюп койсо болот экен,
Ыйманды жоюп койсо болот бекен?

* * *

Туткун кылсам бирөөнү эрте менен,
Турмуш экен – далайды желкелеген.

* * *

Турмуш деген тумоо жукту сага да,
Туруштугуң жетсе экен, садага!..

* * *

Акчаңдын саны бир болсо –
Артында алты нөл болсун!

* * *

Жаман болуш – бат эле.
Жакшы болуш – маселе.

* * *

Сөздөрүм чыкпай ичимден –
Көздөрүм жүрөт ышкырып...

* * *

Казаның “шарак-шурак” дейт,
Кайненең укса уят дейт.

* * *

Кыргыздын башында да мафия бар –
Калпак кийсе астында такыя бар.

* * *

Адамдын жаман кыялы –
Адамга тийет зыяны.

* * *

Азыр,
Көргөнүң түркүн окуя.
Көтөргөнүң NOKIA.

* * *

Минип келип LEXSUSту –
Министр баарын жеп жутту...

* * *

Кандай жаман жарыктыкта –
Калыстыктан алыстыкта.

* * *

Акмакты тааныш бат эле,
Адамды тааныш маселе.

* * *

Пулга өзүн баалаган –
Кулга өзүн баалайт да.

* * *

Керебетке чаптаган –
кеселден Кудай сактаган!

* * *

Ырайы бөлөк заманда –
Ыр менен жашап жүрөмүн.

* * *

Тамчынын да өзүнчө салмагы бар,
Таштын дагы өзүнчө арманы бар.

* * *

Боздогон шамал, бозоргон талаа,
Боздогон инген... ботосу кана?

* * *

Турмуш деген – бүтпөгөн бир эрегиш,
Турган чыгар – же жеңилүү, же жеңиш.

***2008***
***Бишкек***

* * *

Тартылуу күчү бар үчүн –
Тамтайып жерде жүрөмүн...

* * *

Куу кекиртек пендеден –
Кудайга кайсыл жакшылык?..

* * *

Үшүгөн менен шишиген дос болот,
Мушташкан менен тиштешкен дос болот.

* * *

Кара тоодо кыргыздар,
Калпагында жылдыздар.

* * *

Жылдыз, калпак, кыргыз, тоо –
Жыгалбастыр эч бир жоо.

* * *

Кандай сыр – Ай, Күн, жер-асман,
Канатсыз калкып келаткан?

* * *

Токмоктосо лом менен,
Тоготпогон чоң немең.

* * *

Байкемдин базарында тандыры бар,
Базарга аркандалган тагдыры бар.

* * *

Бөбөгү ушул кыргыздын –
Бөрүнүн сүтүн эмгенби?

* * *

Карыз алсаң катын ал,
Кала берет жаныңда.

* * *

...Ал ишти кылбайт адам жүрөгү бар,
Жүрөгү бардыгында күмөнүм бар.

* * *

Айрып көрүп чындык менен жалганды,
Адилеттик кыла турган жан барбы?!

* * *

Сурай электе жообун айта салса – акылман,
Салам айта электе алик алса – жинди.

* * *

Кыргызстанда саясат,
Кыйрап кетип баратат.

* * *

Мен сүт куйган калай бочкадай,
Сен бор менен жазчу доскадай.

* * *

Акылдуулар топук кылат дайыма,
Акмактарга жетпей турат дагы да.

* * *

Бүгүн Бишкек шаары –
Бүт өлкөнүн сааны.

* * *

Асмандагы Ай жесир,
Күлүңдөгөн Күн жесир.

* * *

Ар дайым жесең асалдан,
Айыгасың касалдан.

* * *

Оту өчкөн калаа көрсөм – ыйладым,
Ойнобогон бала көрсөм –ыйладым.

* * *

Өзүмдүк кылып алгың бар,
Өмүрдүн да болсо базары.

* * *

Бир октон – эр өлдү,
Бироктон – сөз өлдү.

* * *

Өмүр жакшы турбайбы,
Өкүнбөйлү, жыргайлы.

* * *

Таштардын тери тамчылап,
Дайралар өзүн камчылап.

* * *

Баңгинин зыяны чөпкө тиер,
Бадышанын зыяны көпкө тиер.

* * *

Мышыктай мыёолоп келип,
Арыстандай аркырап...

* * *

Чарчадым, чындап чарчадым,
Абалым кимге айтамын?..

* * *

Жыйырма жаш – жырма жаш.

* * *

Дон Жуан, Гом Жуан, Дом жубан.

* * *

Ушул – ой, ушул – окуя,
Укмуштай философия.

* * *

Таштарын сылап, гүлүн өөп,
Таласта өткөн күнүм көп.

* * *

Жаздыгымды жазданып жаштык жатат,
Ушул түнгө көз ирмем уйку бербей.

* * *

Алманын деле сорту бар,
Адамдын деле чорту бар.

* * *

Уйкашкан сөз – ыр болот,
Урушкан сөз – чыр болот.

* * *

Жазуучунун арманы –
Жакшыраак жазбай калганы.

* * *

Сот экенсиң кыйынсың,
Сом экенсиң тыйынсың.

* * *

Учуп жүргөн кушка белгилүү,
Жылып жүргөн жыланга билгилүү.

* * *

Сүйгөн жалгыз ишим сенсиң – чыгарма,
Сүйлөшөр жалгыз кишим сенсиң – чыгарма.

* * *

Эки эли чыкты бээси,
Эсен болсун ээси! – деп ууру кат жазып
кетиптир.

* * *

Кажыша бериш – жеңил иш,
Кадырды сыйлаш – маселе.

* * *

Мен сайраган чынарга,
Чырылдап конуп алышкан…

* * *

Чындык менен тең жашап,
Ушак жүрөт шелпилдеп.

* * *

Сары гүл өскөн сайларды,
Саясат кетти аралап...

* * *

Билгендерге бул жашоо –
Күндөн күнгө үйрөнүү!

Билбестерге бул жашоо –
Көрдөн көргө сүйрөлүү...

* * *

Жыргабаса көңүлүң –
Жыртылбайбы өмүрүң.

Куунабаса көңүлүң –
Куурабайбы өмүрүң.

Сүйрөп жүрөт – бул дүйнө
Тирүүлөрдүн өлүгүн.

* * *

Экөө эмес өмүр да;
Экөө эмес өлүм да;
Экөө эмесмин өзүм да.

* * *

Кайнаган ичте ырларым,
Кагазга түшүп муздадың...
Китеп – муздаткыч...

* * *

Ананайын, көктөмүм!
Көздөрүмдө ызгаар бар,
Жүрөгүмдөн өп менин!...

* * *

Түндүгүн түрсө кыргыздар,
(Түшүп келет жылдыздар)
Түртүшүп турат жылдыздар.

* * *

Муруntугум үзөмүн.
Музоолорго тийбеймин,
Муз доорун сүзөмүн!

* * *

Ай-аалам деген молчулук.
Ар күнүмдөн ашарлык,
Агып турсун ырыскы!

* * *

Токтогулда ГЭС турат.
Тогу жок тоңуп "торгойлор",
Томсоруп кайгы жеп турат.

* * *

Жаккан жокпуз чыракты көмүш үчүн.
Жактык эле: силерге караңгылар –
Жанындагы чындыкты көрүш үчүн...

* * *

Нервиңерди сактагыла!
Нервди көпкө сакташ үчүн –
Акчаны көп сарптагыла!

* * *

Пайгамбарды тепкилеп;
Партбилетин өпкүлөп;
Коммунист өтөр дүйнөдөн.

* * *

Буддага ак калпак кийгиздим.
Чиркөөдөн эшекчен келаткан,
Иисуска аргымак мингиздим.

* * *

– Куш чарчайбы учкандан?
– Билбейм, учуп көрбөгөм,
Менин бактым – жер менен.

* * *

Арган жок эми өлүүгө...
Ак жылдыз болуп тагылдың,
Асмандын көкүрөгүнө.

**29.01.06**

* * *

Бийлик деген ушу экен:
Бирөөгө конгон куш экен;
Бирөөгө тийген муш экен.

* * *

Мекени болбойт – жамандын,
Айыбын ачтым дей көрбө,
Айылын сүйгөн адамдын.

* * *

Он эки мүчөл жыл санак –
Бүркүт кирбей, тоок кирген,
Бөрү кирбей, ит кирген.

* * *

Калемдин кажып чокусун.
Кагазды булгап ыр жазсаң,
Кайсы жинди окусун.

* * *

Деги сен кандай кишисиң?
Жеберге жетип сөз айткан,
Желмогуздун тишисиң.

* * *

Өз денемде өз жүрөгүм какпаса,
Тамырымда жүгүрбөсө өз каным,
Такыр баары болмок экен башкача...

* * *

Таштардын тери тамчылап;
Дайралар өзүн камчылап;
Жай келди, досум жай келди!

* * *

Атам өлдү – эл кыйсыпыр, өкүрүк...
Атам: "Союп жейбиз", – дечү кашка өгүз –
Аман турат чөп түбүндө бөкүрүп.

* * *

Акыркы сенин аяның.
Айт дегенин айтасың,
Аянды берген аялың.

* * *

Эмгек болду темабыз:
Сен – дүйшөмбү акынсың,
Калгандары – демалыш.

* * *

Сынчы десе сырактап…
Коён эмес, дарыя –
Токтоткудай кулактап.

* * *

Өнүккөн жапан эли да –
Өкүнүчү көп болуп,
Өзүн өзү өлтүрөт.

* * *

Кут-ырыскы курсакта.
Курсагыма тырмышпай,
Кудайды карап ырсакта.

* * *

Манастан калган дүнүйө.
Майдалар жетпейт түбүнө,
Маселе чыгат күнүгө.

* * *

Жашагым келип мен оңой,
Жазуучу болгум келчү эле
Жаш кезде болуп "деловой".

"Жизнди" көрүп бу күндө...
Жиниккен күндөр жок эмес,
Жиндинин ырдап үйүндө...

**2013**
***Бишкек***

* * *

Көкүрөктүн боштугу –
Эч ишиңдин жоктугу;
же курсагың токтугу.

Кыялыңдын шоктугу –
Көңүлүңдүн токтугу;
же жүрөктүн оттугу.

* * *

Ак мөңгүсү – актыгындай арымдын,
Кызгалдагы – кызылындай канымдын,
Кагылайын Мекенимден бөлбөсүн!
Калганына кайылмын.

* * *

Ыр издедим от тамызар сезимге –
Жарата алчу акындардын акыны.
Нур издедим карайлаган кезимде –
Бешенеме төгүлчүдөй акыры.

Каалга болду тагдырыма ачылуу,
Каалагандар кирип-чыгып жатыры.
Көөдөнүмдө от айлантып чуркады,
Көтөрүлүп кеткен кандын басымы.

* * *

Сөздөн тарап, сөз ичинен биригип,
Сөздөн өлүп, сөз ичинен тирилип,
Сөздөр мага – көздөр болуп кадалды:
Суроо болуп кулагыма илинип,
Тагдыр болуп бешенеме чийилип.

Бардык аалам сыйып калат бир сөзгө,
Бардыгы анан сынып калат бир сөздөн,
Калам анан өз ичимен чыга албай.
Бирөөлөрдүн шыбырына көшүлөм,
Бирөөлөрдүн кыйкырганын уга албай.

***13.12.2002***
***Бишкек***

* * *

Байыркыдан калган бу,
Баш жетпеген жалган бу.
Бактылуумун дейсиңби дебе,
Бактылуумун – армандуу.

Түндөсүндө Ай жалгыз,
Күндүзүндө Күн жалгыз.
Жалгыз жанмын дейсиңби дебе,
Жалгыз эмес, мен жалгыз.

* * *

Мүнөзүмдүн жыргалдан көп,
тарттым окшойт азабын.
Өмүр болсо өтүп атат токтобой,
Эмнелерди уттуруп, эмнелерди жасадым?
**"Үзүндү"**

* * *

Кыял менен куудум далай көпөлөк,
Бул жалгандын азгырыгы өтө көп.
Менден алга озгондорго жетпедим,
Мени ээрчип келаткандар жете элек.

* * *

Ал кезде мен көп барган китепкана,
Аз жерден боло жаздап, "китеп бала".
Тигине, дале ошол китепкана
тим болом. Бирок ичтен түтөп кана...

* * *

Суз терезе. Сулк жыгылып түн жаткан,
Сүтак, сүтак, сүтак жалгыз үн каткан.
Кумар качып, кунар азып жүргөндө,
Куш болбой кал, кусалыкты ырбаткан.

* * *

Турмуштун арабасын тартып алып,
Бирөөнүн жүгүн кошо артып алып.
Өмүрүң өтөт экен, кайран адам,
Кыялдын кызуу демин камчыланып.

* * *

Ой, укмуш балалык!
Ойдон бакыт таап алып;
Чыбык атты чаап алып;
Чыкчырылган балалык.

* * *

Сагындым, балалыгым ай!
Кагылдым, балалыгым ай!
Актыгы ай, башы өмүрдүн,
Артынын караңгылыгы ай!

* * *

Бала деген ширин болот ах, кандай!
Ал жылмайса, ааламга таң аткандай.
Чачында бир бит жөрмөлөп баратса,
Башыңды бир кит сугунуп жаткандай.

**13.11.2012**

* * *

Далайды көрүп дүйнөдөн,
Дайыма жаным дүрбөлөң.
Кыйырда батып баратса,
Кыйкыргым келет Күнгө мен.

* * *

Жазга окшоп баратам,
Жашыл түскө жарашам.
Кышка окшоп баратам,
Кыядан түшкөн чаначан.

* * *

Ошол жамгыр эсимде,
Ойда жаады кечинде.
Жашы калды аарчылбай,
Жалбырактын бетинде.

* * *

Апакай кардын муздагы –
Агартып турат көөнүмдү.
Сыясы жаңы ырлардын –
Сыбызгы кылат сөөгүмдү.

* * *

Баягы эле иш менен,
Баягы эле Күн батты.
Баратам кайсыл из менен?
Бакытым, эрте үн катчы!

* * *

Кары досум Рамис,
Каттап турам күн алыс.
Ашүлани биламис,
Аския айтып күламис.

* * *

Кызыл, кызыл кыядан,
Казып алган чыгармам.
Кытыгылайт сезимди,
Кыз жүзүндөй уялган.

* * *

Жумушу көп дүнүйө –
Жууруйт мени күнүгө.
Куу жаралган дүнүйө –
Кууруйт мени күнүгө.

* * *

Күндүз алат тынчымды.
Түндө алат уйкумду.
Уттурбаймын уйкуга,
Уйку деген – шуркуя.

* * *

Карга учат каркылдап,
Кардын бети жаркылдап.
Отуну жок эл үйдө,
Олтурушат калчылдап.

* * *

Тозогу көп дүйнөнүн
Торгоюндай экенбиз.
Бузугу көп дүйнөнүн
Булбулундай экенбиз.

* * *

– Курал кармап жүргөн Саддам
кайда кетти жашынып?
– Куран кармап күйгөн Саддам
дарга кетти асылып.

* * *

Ушундай экен бул жалган –
Жөнөкөйлүктөн кур калган.
Султандар – султан дүйнөдө,
Сурабайт акыл кулдардан.

* * *

Оо, кем дүйнө...
Жоготконум сенден табам мен күндө.
Каргаганым, алкаганым – жалгыз сен,
Кантип жашайм ансыз мен?

* * *

Шефтер, шефтер!
Ачыла элек дептер.
Ачып көрсөң былтыят,
Ар түркүн беттер.

* * *

Бул өмүр эч нерсеге ченелбеген,
Дүйнө – бул: уч-кыйырсыз тереңдеген.
Акчасы жок адамдар кедей эмес,
Максаты жок адамдар – кедей деген.

* * *

Жаманды жаман дей берсең,
Жакшы болуп кетпестир.
Жакшыны жакшы деп айтсаң,
Жаман болуп кетпестир.

* * *

Төрөлмөгүң – башы эмес,
Өлмөгүң да – түбү эмес!
Өмүр деген – ушул учур, мына азыр,
Кечээки да, эртеңки да күн эмес.

* * *

Үндөрү бир керемет дилдиреген,
Жүндөрү апапакай үлбүрөгөн.
Конуп алып жасалма кудайларга,
Куштар ырдап беришти Сулайманга.

* * *

Чындык тапсам сөздөрдөн –
Чымчык кармап алган бала өңдөнгөм…
Бирде жашайм убакытты коротуп –
Биттей ойлор – киттей ойду жоготуп.

* * *

Өзгөрбөс жашоо болобу?
Өзгөрбөй дүйнө коебу?
Өзгөрүп баары турбаса,
Өксүгү жандын толобу?

* * *

Ашык атсам оңкомун,
Ашка барсам чоңкомун.
Томук атсам оңкомун,
Тойго барсам чоңкомун.

* * *

Эссиз киши жол баштап,
Эрегиштирүү – бат эле.
Эстүү киши жол баштап,
Эл кылып алуу – маселе.

* * *

Достугубуз ылайым,
Кызыган кезде ширелсин.
Ынтымагыбыз ылайым,
Ысыган кезде ширелсин.

* * *

Кыргызча алкап сен мени –
"Бали" десең макулмун.
Орусча сөгүп сен мени –
"Вали" десең макулмун.

* * *

Токтогул басты пияда,
Мен томпоюп өстүм уяда.
Эшмамбет басты кыяда,
Мен эркелеп өстүм уяда.

* * *

Токтогул келсе тирилип,
Тоспочудай ийилип.
Сагынбай келсе тирилип,
Салам айтпайт ийилип.

* * *

Тегерек мурун чочконун,
Теңтушунан окшоду.
Догурунат карачы,
Доңуздун окшойт баласы.

* * *

Көтөрүлбө эрдемсип,
Көктөн түшүп келгенсип.
Мактанбагын эрдемсип,
Марстан түшүп келгенсип.

* * *

Дарыя төмөн аккан менен –
Келген жагы жогору.
Карыя күчтөн кайткан менен –
Жигит болгон оболу.

* * *

Сабырды санаа жеңгенде,
Саргайып жүрүп жоголот.
Санааны сабыр жеңгенде,
Саал-саалдан жүрүп оңолот.

* * *

Сенде толгон акча бар,
Сейфиң да бар, касса бар.
Бир байлыкты топтодуң,
Бир байкушка мактанар.

* * *

Таза болсоң суудай бол,
кирдин кирин кетирген.
Бийик болсоң туудай бол,
эрдин эри көтөргөн.

* * *

Бирөөлөр кетет дүйнөдөн,
Ак жылдыздай жарк этип.
Бирөөлөр кетет дүйнөдөн,
Жаман шамдай жалп өчүп.

* * *

Эп келет адам – адамга,
Бет келет адам – адамга.
Эп келиш менен бет келишке,
Бет керек экен адамга.

* * *

Кездер болду жай аптабы,
жүрөгүмө жетпеген.
Кездер болду кыштын каары,
жүрөгүмө жетпеген.

* * *

Эси жок киши – эбин таап,
Эрегиштириш – бат эле.
Эстүү киши – эбин таап,
Элдештириш – маселе!

* * *

Айтылчу ойлор көп эле,
Сүйлөгүң келет көп эле.
Ошолор бирок чоң душман:
“мен эле”, анан “сен эле”.

* * *

Тирек болуп жүрсө экен дейт жакындар,
Жүрөк болуп берсем дешет акындар.
Тирек, жүрөк боло албадым эч кимге,
Кечиргиле, асылдар!

* * *

Ырдын болбойт – эски менен жаңысы,
Жандын болбойт – жашы менен карысы.
Болсо болот талдоосунда тарыхтын,
Адал, арам, калпы, анан калысы.

* * *

...Балаң тили чыкканда –
Ширин келет эмеспи.
Аялың тили чыкканда –
Жиниң келет эмеспи.

* * *

Өмүр – Нарын дайра,
Өтсө, келбейт кайра.
Өлсөк дагы иштейли,
Өкүматка пайда!

* * *

Санаасына энеңдин,
Сайдагы сөөк зыркырайт.
Муңун айтса энекең,
Музда жалын шыркырайт.

* * *

Адыр-будур жерлер көп,
Түзүн таппай баратам.
Кербен өттү бир далай,
Изин таппай баратам.

* * *

Бирден миңди тапканың,
Тыйындын иши эмеспи.
Миңден бирди тапканың,
Кыйындын иши эмеспи.

* * *

Созгондо үнүн өйдөлөп,
Өйдөдөн дагы өйдөрөөк.
Баетов Муса айлыңа,
Баш багып кеткен өңдөнөт.

* * *

...Муса менен Асектин,
Мурду тийген кашексиң...

* * *

Тумшуктуу мазир макулук –
Турналар бузбайт катарын.
Турнача ыркы жок элдин,
Турмушун ойлоп капамын.

Канаттуу мазир макулук –
Каркыра бузбайт катарын.
Каркырача болбогон,
Кайран элге капамын.

* * *

Эмнелер бар таза деген баарынан?
1-Булак;
2-Мөңгү;
3-Наристелер; дагы анан –
4-Кудай дедим
(билбейм, бирок кечирсин,
кошуп жатам корккон үчүн каарынан).
Ушу менен токтоп турат эсебим,
Улантышсын, мени "эссиз" десе ким!

* * *

Жаманыңды жашырып,
Жакшы сөз менен билгилейт.
Илбериңки жарым бар:
Иттер менен жүрсөм да,
Иштер менен жүрдү дейт.

* * *

Жамандын бир өнөрү артык дейт:
Жакасы болот жыртык дейт;
Сөздөрү болот кычык дейт;
Итирейип турса да,
Издегени кынтык дейт.

* * *

Мен акылдуу эмесмин.
Акылым аз болсо да,
Келбейт сага кеңешким.
Сүрөт эмес элессиң,
Сүтү жок көңдөй челексиң.

* * *

Эл айтып жүргөн макалдай:
Эс кетсе эчки багабыз,
Эгиздеп төлүн алабыз.
Эки жылдын ичинде,
Эсебин билбей калабыз.

* * *

Бирөө айтат ыр менен;
Бирөө айтат чыр менен;

Бирөө айтат сый менен;
Келе берсе таңдайга,
Кете берет ыр деген.

* * *

Уруусун, жерин билбеймин,
Улуулугун билемин.
Жарды, байын билбеймин,
Жан дүйнөсү өзгөчө
Сулуулугун билемин.

* * *

"Кыяда келе жатканды –
Уяда көрө алабы?
Адамдын болбойт жаманы,
Адамдар болот аялуу", –
дечү эле кары кошунам,
Азыр да талдап отурам...

* * *

Чүрөгүмдүн ырайы –
жүрөгүмдүн кыягы.
Акындын аруу кыялы –
ай-ааламдын чынары.
Ырлардай жашап жашоону –
жашоону ырдай кылалы.

* * *

Эй, булуттар, булуттар,
Соболум бар угуп кал:

– Ала-Тоодо эмне бар?
– Каман менен топос бар.
– Африкада эмне бар?
– Банан менен кокос бар.

***2007***
***Бишкек***

* * *

Көр дүйнөнү сүйөбүз,
Мансапка башты ийебиз.
Кап курсак өлүк дүйнө деп,
Капаны башка үйөбүз.
Жеңижок өткөн өмүрдө,
Эби жок жашап жүрөбүз!

* * *

Тагдыр менден көбүрөөк –
Тың экенин түшүндүм.
Жашоодогу таттуулук –
Сый экенин түшүндүм.
Жан дилим сүйгөн – жан тилим –
Ыр экенин түшүндүм!

* * *

Чоңко деген чокудан
Чоң мектепти окугам...
Чакмак таап ойногом,
Чагылгандын отунан.
Батыралүйп Бакир чал
Бала кезги кошунам...

* * *

Капастагы булбулдун,
Сайраганы сыяктуу.
Байлоодогу тулпардын,
Туйлаганы сыяктуу.
Олжого түшкөн сулуунун,
Ыйлаганы сыяктуу.

* * *

Көр дүйнөнүн кызыгы –
Көзүңө көөсү жукканча.
Машинеңдин кызыгы –
Аңга алпарып тыкканча.
Сыйчылдыктын кызыгы –
Көөдөндөн жаның чыкканча.

* * *

Көмөгү жанга тийбесе,
Көр дүйнөнү басып не?
Көрөрүң өлүм болгон соң,
Көп күнөөгө батып не?
Көкүрөк сокур болгон соң,
Көрбөгөн көздү ачып не?

* * *

Бир келип күн, бир кетет,
Бирөөнүн калбайт жыргалы.
Бир күнү какыр жер болор,
Бирөөнүн үйгөн кырманы...
Аскалар менен тең жашап,
Ал менен кошо эл жашап,
Акындын калат ырлары.

* * *

Тапичкенин такасындай тыкылдап,
Таңдар мага эрте атат зыпылдап.
Эрте менен эрте туруп нан жапкан,
Элпек кыздын колдорундай шыпылдап.
Жаштык менин жүрөгүмдөй жүгүрөт,
Жаздыгымды жыттап-жыттап, кучактап,
Диртилдетип бул дүйнөнүн тамырын.

* * *

Байкабайт пенде күнөөсүн.
Мен дагы калам байкабай,
Сен деле көрбөй жүрөсүң.
Байкеңди бирок билемин,
Байгеден артык сүйөсүң.
Кулактуу болсоң угасың,
Мүйүздүү болсоң сүзөсүң.

* * *

Акелердин түбүнө –
Үкөлөрү жетүүдө.
Сакалардын түбүнө –
Чүкөлөрү жетүүдө.
Жайылган саздын түбүнө –
Жалганды чын деп чардаган,
Бакалары жетүүдө.
Жакшы ат менен келишип,
Жаман ат менен кетүүдө.

* * *

Тайгак да, тайгак дүнүйө,
Тар жолдон өтөт кенендер.

Тектир да, тектир дүнүйө,
Тегизде жүрбөйт терендер.
Каар замандын көбүндө,
Кайыкпай, күйбөй жашаган,
Калкыбыз кыргыз кеменгер.

* * *

Кырынан кырктын өткөндө,
Оңоюн жолдун издейбиз.
Оңоюн жолдун качырбай,
Кыйынын жолдун түздөйбүз.
Кызмат кылар маалда,
Кыйшактап басып жүрбөйбүз.

* * *

Чымчыктар чырлыйт-чындык.
Чырлыйт-чындык.
Ызабыз шорголоду,
"Ойлободу, ушундай кылмак!" – дедик.
Үн-сөз жок, тез-тез басып келе бердик.
Издеп барып чындыкты таппай калдык.
"Ушундай кылмак" дедик.
Эмне бардык?

* * *

Ыр ырдап келдим бул түндө,
Чырылдап турса заманым.
– Канча пул таптың? - деди эле,
кашыма келип аялым:
Суроолуу ага карабай,
Сумсайып түнгө карадым.

Баладай уктап жатыптыр,
Бакыттын өзүн аядым.

* * *

Карап турсам өйдөдөн –
Нелер жок мен көрбөгөн?!
Кыйындары кыргыздын
Ар бириңдин өмүрүң,
Жашап көргөн өңдөнөм.
Бирок кайдан кыйынмын?
Кайырчынын колуна,
Кадап койгон тыйынмын!..

***17.07.09***

* * *

Азыр ал турган карап,
чарчы үй. Батыш тарап.
Терезе тушта дарак.
Жараткан энчилеген,
Жайы бар мелтиреген.
Ойлордон асыранды,
ойлордон чачыранды,
ойгонгон...
Азыр аны,
Чакыралы...

***2002***
***Бишкек***

* * *

Айтматов кыйын жазчу эле,
Асман менен басчу эле.
Бала кезден түгөнгүр,
Башканын тилин тапчу эле.

Алышканын чапчу эле,
Аалыга кайым айтчу эле.
Ал түшүнгөн нерсеге,
Башканын башы катчу эле.

* * *

Акындардын Алыкул –
Алыкулга баары кул.
Ошол дешет чын акын,
(Мен да билбейм ырасын).
Алыкулу Осмондун,
Алты жашта дос болдум.
Алыкул тепкен топ болдум.
Бок болбодум – от болдум.
Борпоң эмес, шок болдум.

* * *

Уясынан айрылган,
Учуп жүрүп жем табат.
Агайыңдан айрылган,
Акылы менен эл табат.
Ата журттан айрылган,
Акыры сөөгү жер табат.
Намысынан айрылган,
Накүстө, бетсиз не табат?

* * *

Жыландан эки баш чыкты,
Бир туугандар кас чыкты.
Төөнүн эки өркөчү,
Айрылгандай иш болду.

Бир дарактын бутагы,
Кайрылгандай иш болду.
Жана дагы ушундай,
Айтчу сөздөр көп болду.

* * *

Эминеге күндөрдүн,
Баары калбайт эсиңде?
Жылдыз толот эмнеге,
Күндүз эмес кечинде?
Чек ара жок эмнеге,
Көк асмандын четинде?
Эмине бар болду экен,
Күндүн арткы бетинде?

* * *

Көрктүүдөн кыя өтпөгөн,
Көзүң душман болбосун.
Тилден элпек неме жок,
Сөзүң душман болбосун.
Ойдон күлүк неме жок,
Нээтиң душман болбосун.
Көөдөндөгү муштумдай,
Этиң душман болбосун...

* * *

Тура калып, ай, атаң –
Турмуш менен баратам.
Карасам менен баратам;
Таратам менен жаратам;
Ушул сындуу көп сөздөр
Уйкаш экен карасаң.
Өнөр алды – кыргыз тил!

Өзүңдүн тилиң – өз атаң.
Өзгөнүн тили – таятаң.

* * *

Дардаңдап сүйлөп олтурду,
Дабдырап сөзүн бүтө элек.
Комузум көрүп "корс" этти,
"Кошуп ий, кана, үкө" деп.
Дөгүрсүгөн неме экен,
Дөөдүрөп сөзүн бүтө элек.
Төр жактан мага кол жаңсайт,
"Төгүп ий, кана, үкө" деп.
Кокуйгүн, ага ырдасам,
Комуз да, ыр да – бүт өлөт.

* * *

Көпчүлүктүн бириндей,
Көп эч нерсе билинбей.
Жашап жүрдү бир эркек,
Жаздын үлбүл желиндей.
Көрүнчү эле дүйнө ага,
Көз ымдаган келиндей.

Ушул коомдо эмне көп?
Ушак менен жеме көп.
Кеп кылышат олтуруп,
Керегедей тегерек:
Бири айтат: "Кокуй, бул –
жоошсунган кайбардын
жоруктары өлө көп.
Калпты айтып не керек?

Катын жандуу неме", – деп.
Дагы бирөө кол шилтейт:
"Койчу, мунуң катындын
кол жоолугун көрө элек".

* * *

Көрбөсөм сени көр болом,
Көрдө жаткан мен болом.
Укпасам сени кер болом,
Жакын кишиң мен болом.
Жалтаң эмес шер болом,
Баркымды билсең эл болом.
Ачуума көп тийсең,
Агыны катуу сел болом.
Мен – каза шумкар таптагы,
Сен – канатымдын түгүсүң.
Мен – кара бутак бактагы,
Сен – капталдан ачкан бүрүсүң.
Өсөр кезиң мен менен.
Өз үйүмдө чыраксың,
Өчөр кезиң мен менен.

* * *

Мен ырымда өзүмдү эмес,
Окурманды мактайын.
Мындай кылсам мен аларга,
Кантип эле жакпайын.
Бул – курулай алдоо эмес,
Сен асылсың, окурман.
Балким мен да акын эмес,
Сен акынсың, окурман.

Ыр дегениң жакшы нерсе,
Сиз албетте билесиз.
Ошол үчүн эртели-кеч,
Аны окуп жүрөсүз.
Мен ырларды чала-чарпыт,
Сиз жеткилең сүйөсүз.
**"Үзүңдү"**

* * *

Үч күн, үч түн уйкусуз,
Өткөргөнүң карачы?
Эй, Калилдин баласы!
Сен өзүңдү аячы!
Арбыдыбы ушунча,
Кара баштын санаасы?
Балким кыйнап жаткандыр,
Кан Жакыптын баласы –
Көк Теңирдин Манасы?

Же жөн гана жин тийип.
Батпай кетип ааламга,
"Баягыга" бир тийип.
Аздан, аздан соолугуп,
Анан көзүң киртийип.
Жаның ооруп кыйналып,
Жатасыңбы килтийип?

**АМАНАТ**
(терме)

Мисалы:
Күлүңдөп Күндүн чыгышы;
Күрпүлдөп суунун агышы;
Буркурап өскөн сан гүлдөр,
Булбулдун мукам дабышы;
Асыл жан, бала, ата-эне,
Аба, жер, от, таш – баарысы:
Адамзат үчүн Теңирдин
Аманат берген карызы.

Жайлоонун жакшы маалындай,
Жашчылык кетер табылбай.
Кырчын өмүр береги –
Кызгалдактын желеги.
Кыр ашып кеткен күндөрүң,
Кыйкырсаң кайтып келеби?!

Жомоктой жаштык береги –
Жоогазындын желеги.
Жон ашып кеткен күндөрүң,
Жоктосоң кайтып келеби?!

Жашчылыктын кызыгы –
Жашынган күндүн кызылы.
Балалыктын кызыгы –
Баткан күндүн кызылы.
Учурса чымчык балапан,
Уянын болбойт ысыгы.

Сен-сен мезгил, сен мезгил:
Султандын белин ийесиң;
Сулуунун бетин чийесиң;
Алдуунун күчүн аласың;
Аруунун айдай жүзүнө,
Ар түрлөп сайма саясың.

Эшик-төрдү карыштап,
Эки аягың чалыштап,
Карылык келет башыңа.
Кадам бассаң күйүгүп.
Кара жерге жакындайт,
Кайран белиң ийилип.

Сен-сен пенде, сен пенде,
Ашыгып эмне табасың?
Атак, мансап, байлык деп,
Акылыңдан танасың.
Топугу жок тойбос көз,
Топуракка канасың.
Эшик-төрү белгисиз,
Эгизиң басып келгисиз,
Ээн жайда каласың.

Сен-сен дүйнө, сен дүйнө,
Кундуз болуп жылтылдап,
Жылдыз болуп жанасың.
Адаштырып далайды,
Ар балээге саласың.
Кумарыңа азгырып,
Кулдай жумшап аласың.

Өкүнөрсүң акыры,
Өгүздөй алтын берсең да,
Өмүрдү кайдан табасың?!
Босого-төрүн биле албас,
Боордошуң басып кире албас,
Боз бейиттин астында,
Бозоруп жатып каласың.

Аманат, жалган дүйнөңдөн,
Аман калып ким көргөн?
Ажалы жеткен айда өлгөн;
Күнү бүткөн күндө өлгөн;
Так Сулайман хан дагы –
Таажысын баштан чечкенче,
Тактыдан басып түшкөнчө,
Таңга жетпей түндө өлгөн.

Эмнелер болбойт жалганда?!
Эсиңен кетип алданба!
Сары алтын, сансыз мүлкүнөн,
Сары чака буюрбай
Санаада өткөн байлар да.
Кечээ,
Күлүстөндү жоо басып,
Күмүш бешик баласы,
Күнү түшкөн айбанга.
Өлбөйм деген Темүчүн,
Өмүрдүн тузу кем үчүн,
Өзү да кеткен арманда.
Муңканган экен далайы,
Мусапыр болуп калганда.

Ошентип,
Теңирим башка салганда –
Тезек терет хандар да!

Адамзаттын биринчи –
Акыл-эс экен байлыгы.
Биз каалаган нерсенин,
Болсо дейсиң бардыгы.
Өксүтөт экен өлчөлүү,
Өмүрүңдүн аздыгы.
Ай чапчып өткүң келет ээ?
Атаңдын көрү, дүйнөнүн,
Акылга сыйбас тардыгы!

Адам өңдүү чаалыгып,
Чарчабаган дүнүйө.
Бир адатын өзгөртпөй,
Кайталаган дүнүйө.
Аз убакыт токтолуп,
Арыбаган дүнүйө.
Баары карыйт – бир өзү,
Карыбаган дүнүйө.
Башы кантип башталды?
Баарын билген киши жок,
Барган сайын этеги –
Арылаган дүнүйө.

Ажал башка келгенде,
“Атпрапке” бергенде,
Алып жөнөйт азезил –
Акыретке жаныңды.

Айдап кете албайсың,
Адыр толо малыңды.
Көчүрүп кете албайсың,
Көркөмдөп салган тамыңды.
Колтуктап кете албайсың,
Койкойгон сулуу жарыңды.
Көз көргөн байлык – аманат,
Булгаба намыс-арыңды.
Бутпарас дүйнө кечирип,
Бутаба башта багыңды.

Аманатын аркалап,
Андан кийин туу карма.
Асыл жанды алкымдап,
Ажал келип бууганда:
Айла болбойт эч бир күч –
Алыс айдап кууганга.
Кайран көздүн оту өчүп,
Кайрат качып курганда:
Кандай улук болсо да –
Кара жерден жай табат,
Кан денеден сууганда.

Басса да, турса ойлонуп,
Баласы эстен чыкпаган;
Тогуз ай бойго көтөрүп,
Толгооңу тартып сыктаган;
Бир далай түндү күзөтүп,
Бир көзүн ачып уктаган;
Чакчыгай куштай сабылып,
Чайнаганын жутпаган;
Энедей ыйык таппайсың.

Жакшынын баркын биле албайт,
Жан дүйнөсү тар киши.

Жаманың жаттан жашырган,
Жакшыңды айтып ашырган,
Жан жолдош кылсаң жакшыны –
Жабыкпай өтөт асыл жан.
Жаман сөз жанды кейитет,
Жай жерден жаңжал чакырган.
Сыйлашсаң сыңар болбойсуң,
Сыпаалык чыгат акылдан.
Сыйрышкан душман чыкпасын –
Сырыңды билген жакындан.

Жакшыны жакшы сагынат.
Жакшыга жакшы жанашса,
Жабыккан көңүл айыгат.
Кыйынды кыйын түшүнөт.
Кыйынга кыйын жанашса,
Кылымдын ишин бүтүрөт.
Акмактан акмак аша албайт.
Акмакка акмак кошулса,
Агайын журтка бата албайт.
Кырда туруп тебишет,
Сайда туруп сөгүшөт.
Көлүк берсең учкашат да,
Көпүрөдөн мушташат.

Баланы кесир көндүрсөң:
Барды-жокту элебейт.
“Бай баласы менмин”, – деп,
Башканы жанга теңебейт.

Алып көнгөн колдору,
Ар кимдерден келе дейт.
Аша чаап сөз сүйлөп,
Акыл айтсаң кенебейт.
Акчага карап иш кылып,
Колунда жокту тебелейт да,
Колунда барга чөгөлөйт.

Катынды кесир көндүрсөң:
Кара көзү тойбостон,
Кандай айтсаң болбостон,
Кайра өзүңдү жемелейт.
Жакшы болсо алганың:
Жаманыңды жашырып,
Жакшыңды бекем белгилейт.
Жашыруун кылса ызаатын,
Жаның сүйүп элжирейт.
Иттер менен жүрсөң да,
Иштер менен жүрдү дейт
Жакшы жар сага – аманат!
Жабыктырба жашында,
Жан дүйнөсүн жаралап!

Кыйын чыкса – кырстарга
көп көрүнөт турбайбы.
Кызгалдак да – эшекке
чөп көрүнөт турбайбы.
Кыйынга кырстык кылбагын,
Кыйналбайт дилиң, ыйманың.
Жакшыга жолтоо болбогун,
Жаркысын асыл ойлоруң.

Буралып өскөн дарактын,
Бутагы арбын, түбү бир.
Ар адам тартат ар түйшүк,
Айланып келип жүгү бир.
Төбөлдүн да, пастын да,
Төбөдөн тийген Күнү бир.

Жалпак экен мээнетиң,
Тоголок экен дөөлөтүң.
Колуңа дөөлөт кондурса,
Кошуп бербейт мөөнөтүн.
Келсе дөөлөт кандай тез:
Кетет кайтып андан тез.
Кээде бакыт бат келет,
Келген күнү мант берет.

Дөөлөт деген куш экен,
Дөгүрсүсөң ушу экен:
Төрө кезде эсирсең,
Төрдүн кутун кетирсең,
Төбөңө тийген муш экен.
Бакыт деген куш экен,
Баалабасаң ушу экен:
Бай кезиңде эсирсең,
Бардын кутун кетирсең,
Башыңа тийген муш экен.

Көр тирликке жем болуп,
Көлөкө менен тең болуп,
Курулай жашап өткөнүң –
Куурайдан арзан кеткениң.

Камкордугуң аянба,
Камчыга сап дурустан.
Канча оор болсо да,
Качпайт кызмат кылыштан.
Кенемтеңди кең кылып,
Кемибейсиң ырыстан.

Жалкоого жардам кылсаң да,
Жамаачысы жаңырбайт.
«Жатып ичер» деген сөз,
Жашоосунан арылбайт.
Аш кайнаса дапдаяр,
Иш кайнаса табылбайт.

Ушул дүйнө – аманат,
Устун болуп ким калат?!
Көңүлүңдү чөгөрбө,
Көр оокатка каралап.
Жан бакканга кубанып,
Жашыңдан кылба канагат.
Жалпыга тийет жарыгың,
Жакшыга кылсаң далалат.
Ичи актын – иши ак,
Издегенин таба алат.

# МАЗМУНУ

Акын кадыры.............................................4
Тынчтык каалайм .......................................4
Пенделер маршы..........................................5
Адамдарга ...................................................6
Үмүт ...........................................................7
Жигиттерге ..................................................8
«Кээде безеп тил тынбай» .........................9
«Жакшы деген кандай жакшы?» ...............9
«Күз жамгыры шатырап» ..........................11
«Эркиндигим – канатым» ..........................12
Чыгаандарга..................................................12
«Шуулдаган, чуулдаган бу күндө» ...........13
«Кызгалдактар кызарганча күлүштү» .....14
Туулган жер» ................................................14
Балалыкка жолугуу»....................................15
Бала болуп кайтайын» ................................15
Ананайын балачак» ....................................16
«Ал дагы ойго чөмүлөт» ............................17
«Жүрөгүмө тыз дей түшүп кечээгим» ......18
«Куу шыбак жатат, кум жатат» ................19
«Айылдан ат минген мас көрдүм»............20
Каргаша .......................................................20
Түшүнүү ......................................................22
Карт бойдоктун сыры.................................22
Карыянын арманы .....................................26
Амантай агама ...........................................26
Мукагалиге...................................................27
Алкыш сага ..................................................28

Айдарбекке .......... 28
Зайырбек Ажыматов менен ыр маек .......... 29
Шайлообек Дүйшеев менен ыр маек .......... 32
Дос жөнүндө .......... 35
«Бишкек-Свердлов-Бишкек» .......... 36
«Ооп турам ойлоруман» .......... 36
Жинжазуу .......... 37
«Арман, өксүк арылабы жашоомдон?» .......... 38
«Түн...» .......... 39
Замандашым .......... 41
Ой токой .......... 42
Чымчыктар .......... 43
«Жамгыр кечке дыбыратты» .......... 45
«Келсе байлык кандай тез» .......... 45
Ак куулар .......... 46
Жүрөгүмө .......... 46
«Туңгуч» .......... 48
«Майда-барат тирлик менен баягы» .......... 50
«Турмуш тунук сезимимди ылайлап» .......... 50
«Окшогон кеч күздүн муздак жамгырына» .......... 51
«Түштөн кийин жамгыр төгүп жиберди» .......... 51
«Сен тазасың, быйтыгым» .......... 51
«Эң биринчи булбул таңшыйт таң жарып» .......... 52
«Жүрөгүм элеп-желеп, элеп-желеп» .......... 52
«Мен эмнени жазып жүрөм, билбеймин?» .......... 53
Бир аз мисал» .......... 54
Ырларым менен сүйлөшүүм» .......... 56
Жаштыкка кат» .......... 60
«Сабырымды сарсанаа кыйганда мен» .......... 62
«Асыл жарым, сабыр кылып тыңдагын» .......... 63

**Арзуу ырлары ........................................ 64**
«Тийбегиле, сүйүүгө тийбегиле» ........................................ 65
Сүйгүлө ........................................ 65
Жазгы таң ........................................ 66
Жайлоодогу ашыгым ........................................ 66
Чымындарга ........................................ 67
Бир учурлар ........................................ 68
«Карегиң укмуш балбылдап» ........................................ 68
Аруузатым ........................................ 69
«Сен экөөбүз эки жээктей» ........................................ 70
«Сен – гүлдөйсүң, ачкан жаңыдан, ........................................ 71
«Сен жанымда болгондо» ........................................ 72
Ырдаган күндөлүктөр *(ыр түрмөк)* ........................................ 73
«Бир кол чатыр алдында» ........................................ 79
«Айлуу түндүн азгырыгы жеңдиби» ........................................ 79
Сен – мен ........................................ 80
«Өзүңдү таппай көптүн арасынан» ........................................ 81
Сирендерим ........................................ 82
Корком ........................................ 83
Убайрам кылат ушу арман ........................................ 84
Эмне болот? ........................................ 85
«Жарыгым, жаным, жапжашсың» ........................................ 86
«Сезимдер чөгүп муздаарда» ........................................ 87
«Көздөрдүн көк жалыны өчкөн кезде» ........................................ 87
«Жазгы жамгыр ........................................ 87
«Сен жок үчүн жанымда» ........................................ 88
Ыр бизге күбөлүктөй» ........................................ 88
«Дагы калды канча аргам?» ........................................ 89
«Жашоодо келатканда» ........................................ 90
«Өзүмдүн жаным өзүмкү эмес негедир» ........................................ 91

«Түшүнөсүң зирегим ........................................ 92
«Жалын жүрөт канымда» .................................... 92
«Жашоом тургай, көрбөгөмүн түшүмдөн» ............. 92
«Сага мен бакыт каалайм төгүлбөгөн!» ................ 93
«Көкүрөктө алоолонуп от өчпөй» ......................... 94
«Ак канат периштедей асылзатым» ...................... 94
«Булбул болуп таңда-кечте безеген» ..................... 95
«Арбалдым, сага арбалдым» ................................ 96
«Жаным менин!» ................................................ 96
Сагындым! Кош! ............................................... 98
Жан ................................................................... 100

**ПОЭМАЛАР ....................................................... 133**
Ошол жаштык .................................................... 134
Чолпон ............................................................. 141

Ыр курак .......................................................... 153
Аманат (терме) ................................................. 205

*Көркөм-адабий басылма*

**Элмирбек Иманалиев**

**АМАНАТ**

*ырлар, поэмалар, терме*

*2-басылыш*

*Топтогондор:* Нурзат Абдрашитова,
Мунара Алимжан кызы
*Редактору:* Мирлан Самыйкожо
*Корректору:* Эрлан Жумагазиев
*Сүрөтчүсү:* Самат Асылкеримов
*Мукабасын жасалгалаган:* Төлгөбек Койчуманов
*Компьютердик калыпка салган:* Адилет Асанбеков

Ченеми 52х84 1/16. Көлөмү 14,0 б.т.
Офсеттик басуу. Нускасы 2000.
*Palatino* арибинде терилди.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.» басмаканасында басылды
720049, Бишкек ш., Раззаков к., 49.

ISBN 996792691-0
9 789967 926912